**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

*Кол жазма укугунда*
УДК: УДК: 911.2:913.1 (575.2) (043.3)

**МОМОШЕВА Гулиза Абылкасымовна**

# КИЧИ ШААРЛАРДЫН КАЙРА ЖАРАЛУУСУ АЙМАКТЫН ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЖАНА СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАҢЫЛАНУУСУНУН ФАКТОРУ КАТАРЫ (КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫНЫН МИСАЛЫНДА)

**25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география**

**География илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган**

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи: география илимдеринин доктору,**

**профессор Низамиев А. Г.**

**Ош-2021**

## МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| **КИРИШҮҮ** | 3 |
| **I бап. ИЛИМИЙ АДАБИЯТТАРДЫН ОБЗОРУ** | 10 |
| 1.1.Шаарларды изилдөөнүн концептуалдык негиздеринин илимий адабияттарда каралышы | 10 |
| 1.2.Кичи шаарлардын калыптануу жана өнүгүү өзгөчөлүктөрү жаңы изилдөө багыты катары | 22 |
| I бөлүк боюнча жыйынтыктар | 36 |
| **II бап. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА УСУЛДАРЫ** | 39 |
| 2.1.Изилдөөнүн материалдары | 39 |
| 2.2.Изилдөө усулдары | 51 |
| II бөлүк боюнча жыйынтыктар | 64 |
| **III бап. ӨЗДҮК ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ ТАЛКУУЛОО** | 67 |
| 3.1.Шаарлар жана кичи шаарлар түшүнүгү жана алардын типологиясы | 67 |
| 3.2.Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын экономикалык-географиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрү | 76 |
| 3.3.Кичи шаарлардын өнүгүүсүндөгү көйгөйлүү маселелер | 96 |
| 3.4.Кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясы жана өсүү точкасынын, өсүү импульсунун жана өсүү коридорунун пайдалуулугун арттыруу | 104 |
| 3.5.Шаар бренди кичи шаарлардын географиялык өзгөчөлүгүн көрсөтүүчү белги катары | 117 |
| 3.6.Кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүнүн негизги багыттары | 130 |
| III бөлүк боюнча жыйынтыктар | 157 |
| **НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР** | 162 |
| **КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ЖАНА БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ** | 165 |

## КИРИШҮҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу**. Азыркы мезгилде дүйнөдө, анын ичинде Борбордук Азиянын Фергана өрөөнүндө урбанизациялык процесстердин курчушу, ошондой эле Кыргыз Республикасында (КР) рынок экономикасына өтүү шарттарында территориялык-урбанизациялык структуранын өзгөрүүсү, ага байланыштуу шаар конуштарынын ичинен кичи шаарлардын сандык жактан көбөйүүсү жана социалдык-экономикалык жактан өнүгүү маселелери мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик, атуулдук коомчулук жана илимий чөйрө тарабынан активдүү иш-аракеттерди талап кылууда. Эгемендүүлүк шарттарында республикада 11 кичи шаар пайда болуп, 1 шаар (Ак-Суу) өз макамын жоготту. Ал эми түштүк аймакта бүгүнкү күндө 18 шаар конушунун ичинен 14ү кичи шаарлар категориясына кирип, аймактын жалпы шаар калкынын 37,3%ын жана республикадагы кичи шаарлардын калкынын 58,1%ын түзөт. Алардын өсүп-өнүгүү жолдору түрдүү тарыхый-географиялык жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөр менен коштолот: пайда болуулары 1940-жылдан 2012-жылга, деңиз деңгээлине карата жайгашуу абалдары 585 м ден 1980 м ге, борбордон алыстыгы 276 км ден 1055 км ге, калкынын саны 11,9 миңден 43,8 миңге, адам башына болгон киреше 780 сомдон 4979 сомго (2017-жылга) чейин айырмаланып келет. Бул өз кезегинде экономикалык, социалдык, экологиялык жана саясий маанидеги көйгөйлөрдү жаратып, ар түрдүү деңгээлдеги уюштуруучулук-экономикалык аракеттерди жана илимий-практикалык иликтөөлөрдү талап кылат.

Өлкөдөгү аймактык өнүгүүгө багытталган расмий иш-аракеттер, алардын ичинде 2017-жылы аймактык саясат боюнча концепциянын кабыл алынышы, 2018, 2019 жана 2020-жылдардын аймактарды өнүктүрүү боюнча жарыяланышы, алардын алкагында мамлекеттик жана аймактык масштабдагы иш-чаралар кичи шаарларды системалык кризистен чыгаруу, рынок шарттарында алардын өз алдынча өнүгүүсүнүн эффективдүү жолдорун издөө, аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун өзөгү катары кароо

сыяктуу стратегиялык максаттарды көздөйт. Мында кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалдарынын өзгөчөлүктөрүн (артыкчылыктарын) аныктоо, алардын негизинде өсүү точкаларын калыптандыруу, калк жана өндүрүш үчүн бирдиктүү инфраструктуралык базаны кеңейтүү максатында өсүү линияларын жана өсүү коридорлорун түзүү иштери артыкчылыктуу мүнөзгө ээ.

Аталган маселелер республикалык жана аймактык деңгээлдерде теориялык жактан да, практикалык жактан да толук иштелип чыга элек жана мындай багыттагы изилдөөлөрдө экономикалык жана социалдык географиянын чечүүчү ролу бар. Мына ушуга байланыштуу диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу, анын теориялык жана практикалык маанилүүлүгү Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүн илимий жактан кароо менен аныкталып турат.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелери тарабынан жүргүзүлгөн негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы**. Иш төмөнкү программалык документтердин жана илимий-изилдөө иштеринин алкагында аткарылды: КРнын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 31-мартындагы № 194 токтому менен кабыл алынган «2018-2020-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасынын аймактык саясатынын концепциясы»; КРнын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген «2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы»; ОшМУнун экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын «Кыргызстанда өндүргүч күчтөрдүн жана туризмдин өнүгүү жана жайгашуу маселелери» (№ 0007521) аттуу илимий-изилдөө иши.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Диссертациянын максаты болуп Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүнүн илимий-теориялык жана практикалык негиздерин изилдөө, алардын экономикалык-

географиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо менен өнүгүү стратегиясы боюнча сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлду:

-кичи шаарларды изилдөөнүн концептуалдык негиздерин илимий адабияттардын мисалында иликтөө;

-шаарлар жана кичи шаарлар түшүнүгүн илимий жактан толуктоо жана алардын типологиясын иштеп чыгуу;

-Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын экономикалык-географиялык жайгашуу жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана талдоо;

-аймактагы кичи шаарлардын өнүгүүсүндөгү көйгөйлүү маселелерди аныктоо;

-кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясынын чегинде өсүү точкаларын, өсүү линияларын жана өсүү коридорлорун калыптандыруу, алардын географиялык өзгөчөлүгүн көрсөтүү үчүн шаар брендин түзүү зарылдыгын негиздөө;

-кичи шаарлардын түштүк аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун негизи катары өнүгүүсүнүн багыттарын иштеп чыгуу жана сунуштоо.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын экономикалык-географиялык жайгашуу жана өнүгүү контексинде учурдагы абалы.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын кайра жаралуусунда аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун экономикалык-географиялык негиздери.

Изилдөөнүн жүрүшүндө **илимий жаңылык** катары төмөнкү теориялык жана практикалык натыйжалар алынды:

-Кыргызстандын азыркы шарттарында кичи шаарларды экономикалык жана социалдык географиянын объектиси катары биринчи жолу кароо менен алардын өнүгүүсүндөгү экономикалык-географиялык абалынын өзгөчөлүктөрүнө компоненттик баалоо жүргүзүлдү;

-аймактагы кичи шаарларды функционалдык-типологиялык топторго бөлүү жүргүзүлдү;

-кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясында өсүү точкаларын, өсүү линияларын жана өсүү коридорунун калыптандыруу жана шаар брендин түзүү концепциясы иштелип чыкты;

-кичи шаарлардын географиялык жана социалдык-экономикалык өнүгүү абалдары боюнча ГМС-технологиянын негизинде электрондук карталар түзүлдү;

-кичи шаарлардын социалдык-экономикалык абалына комплекстүү талдоо жүргүзүү менен алардын жалпы жана мүнөздүү жактары аныкталып, өнүгүү стратегиясын иштеп чыгуу зарылдыгы негизделди;

-кичи шаарлар аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун негизи катары алардын өнүгүүсүнүн багыттары иштелип чыкты жана сунушталды.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн айрым жоболорун жана сунуштарын шаар конуштарын жана шаар чарбаларын комплекстүү өнүктүрүүнүн мамлекеттик жана аймактык программаларын иштеп чыгууда колдонуу мүмкүнчүлүгү бар. Түштүк аймакта жайгашкан кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалын талдоонун натыйжалары каралып жаткан шаарлардын экономикасын өнүктүрүү, тармактык дифференциация жүргүзүү жана чарбалык байланыштарын кеңейтүүдө пайдалуу. Айрым теориялык-методологиялык жоболор жогорку окуу жайларында урбанизацияга байланышкан предметтерди окутууда материал боло алат.

**Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгү**. Автор тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөр аймактык экономиканы территориялык-тармактык жактан уюштурууга, андагы шаар конуштарынын ролун аныктоого жана шаар чарбасынын маанисин көтөрүүгө мүмкүндүк берет. Кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалын компоненттик талдоо, алардын негизинде өсүү точкасы, өсүү линиясы жана өсүү коридорлорун түзүү боюнча изилдөөнүн

натыйжаларын шаар өндүргүч күчтөрүн рационалдуу жайгаштырууга жана шаар чарбасын, анын ичинде инфраструктураны эффективдүү өнүктүрүүгө жол ачат.

**Диссертациянын коргоого алынып чыгуучу негизги жоболору**:

1.Кичи шаарлар түшүнүгү адабий булактарды талдоонун негизинде такталып, Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлар 3 деңгээлдеги функционалдык-типологиялык топторго бөлүндү. Мында генезистик, функционалдык жана географиялык критерийлер шаардын аймактагы жана коомдогу маанисин (ордун) жана кызматын аныктап турат.

2.Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын экономикалык-географиялык жайгашуу өзгөчөлүктөрү, келип чыгышы, деңиз деңгээлине карата бийиктиги, борборго жана областтык борборго чейинки аралыгы, чет элдик рынокторго жакындыгы ж.б. факторлорду комплекстүү талдоонун негизинде аныкталды. Интегралдык баалоонун жыйынтыгы экономикалык-географиялык абалдын компоненттери боюнча ыңгайлуулук даражасы боюнча шаарлардын рангалык катарын көрсөттү: Кочкор-Ата (орто эсеп менен 3,8 балл), Кадам-Жай (3,5), Кара-Суу, Ноокат, Таш-Көмүр (ар бири 3,3төн), Айдаркен, Баткен (ар бири 3,1ден), Исфана, Кара-Көл, Кербен, Токтогул (ар бири 3,0дөн), Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу (2,5) жана Сүлүктү (2.3).

3.Кыргызстандын түштүк аймагынын кичи шаарларынын социалдык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүүсүнүн негизги көйгөйлөрүн типтештирүү нүн алкагында алардын 5 тобу аныкталды: уюштуруучулук, экономикалык, социалдык, экологиялык жана саясий. Натыйжада аныкталган проблемалар өзүнчө чечмеленип, кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясында өсүү точкасы, өсүү импульсу жана өсүү коридорунун пайдалуулугун арттыруу менен аларды чечүү жолдору көрсөтүлдү.

4.Аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун негизи катары кичи шаарлардын өнүгүүсүнүн төмөнкү багыттары каралды: шаарлардын финансылык базасын чыңдоо жана аларга инвестиция тартууну кеңейтүү, шаар чарбасынын приоритеттүү тармактарын өнүктүрүү, акылдуу шаар жана «жашыл» шаар экономикасын калыптандыруу, кичи шаарларды

этномаданияттын очогу катары сактоо жана күтүлүүчү өзгөчө кырдаалдарды жөнгө салуу маселелери иликтенди жана артыкчылыктуу жактары негизделди.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Шаар экономикасын өнүктүрүү, анын тармактарын диверсификациялоо, экономикалык-географиялык абалын аныктоо жана анын ыңгайлуу жактарын пайдалануу боюнча автор тарабынан алынган илимий иштелмелер Кара-Суу жана Кочкор-Ата шаарларынын мэриялары тарабынан тиешелүү документтерди иштеп чыгууда колдонулду. Диссертациялык иштин илимий-теориялык жоболору ОшМУнун «география» жана «туризм» багыттарынын айрым курстарында окуу материалы катары пайдаланылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо**. Изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары Кыргызстандын жана чет өлкөлөрдүн ЖОЖдорунда уюштурулган эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда баяндалды жана ОшМУнун экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын кеңейтилген отурумунда талкууланды.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда толук чагылдырылышы**. Иштин негизги илимий натыйжалары 2010-2020-жылдар аралыгында илимий макалалар түрүндө Кыргызстан, Казакстан, Россия жана Тажикстандын рецензирленүүчү илимий мезгилдүү басылмаларында жарык көрдү.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү**. Диссертация киришүүдөн, 3 баптан, корутундудан жана адабияттардын тизмесинен турат. Иштин кол жазмасы 178 бет текстте чагылдырылып, 14 таблица, 9 сүрөт, 5 карта жана 122 аталыштагы адабияттарды камтыйт.

# I бап. ИЛИМИЙ АДАБИЯТТАРДЫН ОБЗОРУ

## 1.1.Шаарларды изилдөөнүн концептуалдык негиздеринин илимий адабияттарда каралышы

Шаарлар – ар бир мамлекеттин жана ага тиешелүү аймактардын географиялык, экономикалык, социалдык жана айрыкча демографиялык жактан өзгөчөлөнгөн территориялык бирдиги, же административдик-саясий, экономикалык, социалдык, анын ичинде маданий потенциалынын (дараметинин) кандайдыр бир бөлүгү топтолгон территориялык ареал. Мына ушуга байланыштуу шаарлар география илиминин маанилүү изилдөө объектиси катары каралып, аларды комплекстүү иликтөөдө ролу талашсыз.

Изилдөө максатына байланыштуу шаарларды кароодо биринчи советтик окумуштуулардын эмгектерине обзор жасап өтөбүз. Албетте, шаарларды экономикалык-географиялык көз караште илимий-теориялык жактан кароонун фундаменталдык негиздери советтик илимде жетиштүү деңгээлде каралган десек болот. Ага Н.Н.Баранский, Г.М.Лаппо, И.М.Маергойз, Е.Н.Перцик, Ю.Г.Саушкин ж.б.у.с. окумуштуу-географтардын тиешелүү эмгектерин кошууга болот.

Мында белгилүү советтик эконом-географ Н.Н.Баранский советтик доордо биринчилерден болуп шаарларга түзүмдүк жактан кеңири экономикалык-географиялык мүнөздөмө берүү менен бекеринен аларды «чарбалык, саясий-административдик жана маданий сыяктуу бардык мамилелерди (катнаштарды) уюштуруучу өлкөнүн командалык курамы» деп атаган эмес [9, 168-б.]. Мына ушуга байланыштуу шаарлар азыркы дүйнөнүн ар кандай деңгээлде жана мүнөздө урбанизацияланган аймактары, табигый-географиялык, социалдык-экономикалык, саясий-укуктук жана техникалык-технологиялык процесстердин жана көйгөйлөрдүн чырмалышкан ареалдары катары бир эле география илиминин эмес, тарых, экономика, социология, саясат таануу, юриспруденция,

архитектура, экология ж.б. илимдердин маанилүү изилдөө объектиси болуп калды.

Алсак, шаарларды окуп-үйрөнүүнүн концептуалдык негиздери, тактап айтканда, эң негизгиси шаарлардын экономикалык-географиялык абалынын теориясы Н.Н.Баранский тарабынан жетишерлик иштелип чыкканы талашсыз. Башкача айтканда, ал өз убагында минтип жазган: «географиянын изилдөө объектиси болуп бүтүн өлкөлөр, райондор гана эмес, өзүнчө шаарлар да эсептелет... Эконом-географ шаарды изилдөө мезгилинде анда биринчи төмөнкүдөй суроо жаралат: эмне үчүн шаар башка жерде эмес, так ушул жерде пайда болду жана өнүктү? Мындай суроо коюлуп жатканда бул шаардын жайгашуу абалында эмне өзгөчөлүк бар экенин кароо зарыл» [9, 117-118-б.]. Бул багытта ал Ленинград (азыркы Санкт-Петербург), Сталинград (азыркы Волгоград), Иркутск, Нью-Йорк, Лондон ж.б. шаарлардын келип чыгышынын географиялык себептерин даана ачып көрсөткөн. Мындан улам совет доорунда пайда болгон Кыргызстандагы шаарлар, мисалы, Кара-Көл, Көк-Жангак, Таш-Көмүр, Сүлүктү ж.б. тиешелүү жерлерде кокустан жаралбаганы түшүнүктүү (башкача айтканда, табигый-географиялык факторлор менен аныкталып турат).

Н.Н.Баранский боюнча, шаарлар – бул активдүү, чыгармачыл, уюштуруучу элемент. Ал эми темир, авто жана мингич, дарыя жолдор – бул шаардан шаарга жана башка, салыштырмалуу пассивдүү территорияларга тартылуучу мурутчалар. Мына ушуга байланыштуу шаарлар табигый түрдө экономикалык райондордун борбору болуп калат жана бул экономикалык-географиялык көз караштан алганда абдан манилүү. Ошондой эле шаарлар өздөрүндөгү уюштуруучулук функцияларынын абдан маанилүүлүгү жана алардын байланыштарынын эң эле ар тараптуулугу жана бутактануусу менен алар өздөрүнүн таасир берүүчү территорияларынын борбордук пункту болуп чыгат [9, 167-169-б.]. Демек, тигил же бул территориянын комплекстүү өнүгүүсү ал жерде жайгашкан шаарлардын географиялык абалы жана жолдор торчосу менен түздөн түз байланышта.

Андан ары аталган окумуштуу шаарларды окуп-үйрөнүүдө географиялык изилдөөлөрдүн өзгөчөлүктөрүнө токтолот: шаарлардын жайгашуусу (же бул территориянын чегинде) жана бул жайгашуунун мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө маселелер; тиешелүү категориядагы шаарлардын (чоңдугу, тиби, адистешүүсү боюнча) жайгашуусу жөнүндө маселелер; анан каралып жаткан территориянын ар кандай бөлүктөрүндө жайгашкан шаарлардын өнүгүү деңгээлиндеги айырмачылыктар, шаарлардын тибиндеги айырмачылыктар, алардын байланыштарынын, абалынын мүнөзү ж.б. жөнүндө маселелер... Иштин "географиялуулук" деңгээли мейкиндик айырмачылыктарды, ошондой эле географиялык өзгөчөлүктү эске алуу менен мейкиндик айкалышууларды жана катнаштарды көрсөтүүдөн көз каранды [9, 171-б.]. Демек, шаарларды изилдөөдө географиялык илимдин салымы андагы мейкиндик (же территориялык) өзгөчөлүктөрдү ачыктап берүүдө турат деп көрсөтүлөт.

Н.Н.Баранский шаарларды изилдөөдө алардын жайгашуусунун табигый-географиялык өзгөчөлүктөрүн кароого бекеринен маани берген эмес. Тактап айтканда, ал шаардын өнүгүүсүндө «кууш» абалын түзгөн айрым жаратылыш шарттарына өзгөчө көңүл бурууну тастыктаган, мисалы, кескин тоолуу рельеф, жер титирөөлөр, дарыяны кечип өтүүдөгү кыйынчылыктар, суу каптоо, саздак абал, ичүүчү суунун жетишсиздиги, курулуш материалдарынын таңкыстыгы ж.б.у.с. Мындай учурларда тиешелүү өзгөчөлүктөрдү аныктап, алардын себептерин түшүндүрүү зарыл, ошондой эле мындай «кууш» абалды жоюу максатында бар болгон мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтүү талапка ылайык деп эсептеген [9, 184-185-б.].

Шаарлардын жайгашуусундагы табигый шарттарды кароодо тигил же бул шаарды топографиялык жактан изилдөө да зарыл учурлардын бири болуп саналат. Демек, Н.Н.Баранский боюнча, бул – шаардын сүрөтүн окуп-үйрөнүү, башкача айтканда, мисалы, тоолуу шарттарда орун алган шаарлар үчүн деңиз деңгээлинен бийиктиги, тоо капталдарынын экспозициясы, микрорельеф, микроклимат маанилүү. Албетте, бул өңдүү салыштыруулар каралып жаткан шаардын жайгашуу абалындагы өзгөчөлүктү аныктоого, анын жекече

(индивидуалдуу), башкача айтканда, анын мүнөздөмөсүндөгү белгилердин жеке гана ага тиешелүү, кайталангыс жана жалгыз өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүүдө абдан пайдалуу [9, 182-184-б.].

Табигый-географиялык жактан алганда шаарлар менен айылдардын пайда болуусунда айырма жок. Анткени, ар бир калктуу пункт адамдын жашоосуна жана анын чарбалык ишмердүүлүгүнө ыңгайлуу жерлерде (дарыянын бою, деңиздин жээги, тоонун этеги, токойго жакын чөлкөмдөр, түздүк жерлер ж.б.) пайда болот эмеспи. Бирок мында ар бир шаардын жаралуусу айылдан башталганын эске алуубуз зарыл (биздин оюбузча, дүйнөдө айыл «жашоосун» кечирбей пайда болгон шаарлар өтө сейрек эмеспи, буга мисал катары Бразилиядагы борбор катары курулган Бразилиа шаары кирет). Ошондой эле айылдык калктуу пункттун шаарга айланышына көпчүлүк учурда жаратылыш шарттары чечүүчү ролду ойноп келгендигинде талаш жок. Мисалы, Россиянын ири дарыяларынын бири – Волга дарыясынын боюнда тарыхый жактан өлкө үчүн саясий-стратегиялык жана экономикалык жактан маанилүү төмөнкү ири шаарлар пайда болгон (түндүктөн түштүктү карай): Тверь, Ярославль, Кострома, Нижний Новгород, Чебоксары, Казань, Ульяновск, Самара, Саратов, Волгоград, Астрахань.

Ал эми кандай компоненттер шаар макамын аныктап турат? Буга эң негизги көрсөткүчтөр катары калктын саны жана чарбалык ишмердүүлүктүн структуралык өзгөчөлүгү кирет. Калктын саны – көп өлкөлөрдө кабыл алынган шаар макамын аныктоочу негизги көрсөткүч. Мында бир эле калктын санын эске алуу туура эмес, калктын кесиптик алектенүүсүнүн өзгөчөлүгү да чечүүчү ролду ойнойт. Тактап айтсак, Н.Н.Баранский белгилегендей, «шаарлар түздөн-түз айыл чарбасы менен байланышпаган калктын топтолуусунун борборлору болуп эсептелет» [9, 164-б.]. Демек, шаардын чарбалык структурасында айыл чарбасы менен байланышпаган тармактар басымдуу үлүшкө ээ болуусу шарт. Буга, биринчиден, өнөр жай чечүүчү фактор катары кирет. Бекеринен Ф.Энгельс өз убагында «шаарлардагы концентрация капиталисттик өндүрүштүн негизги шарты болуп саналат» деп белгилеген эмес [63, 301-б.]. Экинчиден, азыркы

мезгилде тейлөө чөйрөсүнүн айрым тармактары да (алсак, транспорт, туризм ж.б.) шаар түзүүчү критерий болуп калды.

Ошентип, баарыбызга маалым болгондой, шаардык чарба структурасында негизинен өнөр жай үстөмдүк кылып турушу жана калктын басымдуу бөлүгү түздөн-түз ушул тармакта эмгектениши мыйзам ченемдүү жана талашсыз. Өнөр жай дагы деле башкы шаар түзүүчү фактор катары каралып келет.

Мына ошентип, шаарларды экономиикалык-географиялык көз караштa изилдөөдө, тактап айтканда, аларды классификациялоо, географиялык абалын аныктоо, өнүгүү келечегин кароо ж.б.у.с. суроолордо Н.Н.Баранскийдин салымы өтө чоң десек болот.

Ал эми Ю.Г.Саушкин экономикалык географиянын теориялык жана практикалык жактарын кароо боюнча эмгегинде илимдин бул тармагында калктын географиясын изилдөөгө көңүл буруунун күчөшү чоң практикалык мааниге ээ экендигин баса белгилейт. Мында илимдин практикалык милдети өнөр жай жана айыл чарбасынын жаңы жайгашуусу, транспорттун өнүгүүсү, илимий-техникалык прогресстин бардык процесстери менен байланышкан территориялык өндүрүштүк системалар менен калктын жайгашуу системаларынын ортосунда ажырым кетирүүгө жол бербөөдө, калктын жайгашуусундагы өзгөрүүлөрдү алдын ала көрө билүүдө жатат. Калктын жайгашуусу өлкө, анын райондору, өнөр жай түйүндөрү жана башка территориялык өндүрүштүк системалары үчүн, деги эле ири чарбаларына чейин эң бир «экономдуу» болушу зарыл. Калктын жайгашуусунун экономдуулугу өлкөдө жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана анын ичинде калктын жылып жүрүүгө болгон убакытын үнөмдөөнү камсыз кылат [92, 488-б.].

Ю.Г.Саушкин тарабынан эмгекти территориялык бөлүштүрүү көз карашында шаарлар системасына талдоо жүргүзүүнү сунуштаган. Ал шаарлардын системасы жана байланыш жолдору – эмгекти территориялык бөлүштүрүүнүн тиректери деп эсептеген. Башкача айтканда, шаарлардын ар бири өндүрүш чынжырчасында – сырье жана отунду казып алуудан татаал машиналарды жана приборлорду иштеп чыгарууга чейин тиешелүү орунду

ээлейт. Ошентип, шаар – эмгекти территориялык бөлүштүрүү чынжырындагы звено. Өндүрүштүк байланыштардын бир “чынжырчасында” турган шаарларды бара-бара бириктирип, биз эмгекти территориялык бөлүштүрүү системасынын “каркасын” алабыз. Андан ары окумуштуу шаарлардын өзүнчө системасына мисалдарды келтирген: сырьелук жана отун-энергетикалык топ, деталдарды дана полуфабрикаттарды чыгарууга адистешкен топ, акыркы өнөр жайлык продукцияны чыгаруучу топ ж.б. [92, 374-376-б.].

Аталган окумуштуу советтик доордун өкүлү катары, албетте, капиталисттик доордун шаарларынын жетишпеген жактарын көрсөткөн: шаар жерлеринин участокторунун менчик ээлери аларды эксплуатациялоонун эсебинен максималдуу киреше алууга умтулушат. Киреше канчалык көп болгон сайын жерге болгон рента ошончолук өсөт. Натыйжада жашыл өсүмдүктөргө да орун калбай калат деген бүтүмгө келет [92, 405-406-б.]. Автордун бул ой-пикири менен макул болбой коюга арга жок: рынок экономикасына (же капитализмге) өтүү менен Кыргызстандын шаарларында, алардын ичинде Бишкек жана Ош шаарларында так ушундай абалга, же Саушкиндин этияттануусуна туш болдук: түздөн-түз социалдык маанидеги жерлерге (парктар, скверлер, балдар аянтчалары ж.б.) ар кандай маанидеги (же түздөн-түз коммерциялык маанидеги) имараттар баш-аламан курулуп жатат.

Мына ушундан улам, аталган окумуштуунун оюна ылайык, дээрлик бардык өлкөлөрдө экономикалык география шаар куруу практикасында байкалалрлык ролду ойной баштады. Мунун себептери ар бир шаар жаратылыш, калк жана чарбанын бири-бирине өз ара өткөн пландоонун айкалыштарына, кандайдыр бир территориялык структурага жана өзүнө тиешелүү экономикалык-географиялык абалга ээ экендигинде жатат [92, 491-б.].

Ооба, Ю.Г.Саушкиндин шаарлардын өнүгүүсүн изилдөөдөгү өзгөчөлүгү мында жатат: ал шаарлардын өнүгүү жолу алардын көп функционалдуулугунда экендигин көрсөтүп, курчап турган чөйрө, өнөр жай таштандылары, саркынды сууларды тазалоо, шаарды жаратылышка жакындатуу, ал эми жаратылышты

шааргa киргизүү маселелерин койгон. Анын мындай ой-пикирлери биз үчүн азыркы “баш-аламан курулуш” заманында өтө актуалдуу.

Тилекке каршы, дагы бир советтик окумуштуу Б.С.Хорев да ушундай эле пикирде болгон: ири шаарлардын өнүгүүсү өндүргүч күчтөрдү концентрациялоо, өндүрүштү комбинирлөө жолдору аркылуу эбегейсиз эл чарбалык натыйжа берет. Бирок бул белгилүү бир терс көрүнүштөгү кедергилер менен коштолушу мүмкүн. Алардын ичинде өнөр жай жана турак-жайды жайгаштыруу үчүн ылайыктуу территориялардын кыскарышы, жумушчу күчүнүн таңкыстыгынын күчөшү, санитардык-гигиеналык шарттардын начарлашы, бардык ресурстар, айрыкча ичүүчү суу менен камсыздоо милдеттеринин татаалданышы, төрөлүү деңээлинин төмөндөшү жана өлүм көрсөткүчтөрүнүн өсүүсү, калкы жыш жана ызы-чуу болгон ири шааларга мүнөздүү оору пайыздарынын өсүүсү (жүрөк-кан тамыр, нерв ж.б.), транспорттук көйгөйлөрдү чечүүдөгү кыйынчылыктар, жумуш жана эс алуу жайларына барууга кеткен убакыттын көптүгү ж.б. бар [108, 253-б.].

Шаарлардын географиясын изилдөөдө өзгөчө орун белгилүү советтик эконом-географ Г.М.Лаппого таандык. Ал өз эмгектеринде коомду территориялык уюштурууда шаарлардын орду, алардын өнүгүүсүндөгү экономикалык-географиялык абалдын фактор катары мааниси, шаарлардын категорияларга бөлүнүшү, агломерацияны калктын жайгашуусунун негизги формасы катары кароо сыяктуу маселелерди козгогон [54]. Ошондой эле аталган окумуштуунун шаарлардын географиясын изилдөөдөгү салымы төмөнкүлөр менен аныкталат: анын калктын жайгашуусундагы жана чарбаны территориялык уюштуруудагы маанисин тактоо, шаарлардын экологиялык, демографиялык жана экономикалык проблемаларын ачып көрсөтүү, шаарлардын аймактык системаларын көрсөтүү, шаар (шаар куруу) саясатынын географиялык негиздерин аныктоо, андан тышкары Россиянын мисалында шаарларды географиялык көз караштa окуп-үйрөнүү [53]. Ушундан улам Г.М.Лаппо шаар география илиминин төздөн-түз изилдөө объектиси экендигин илимий негизде далилдеп берди деген жыйынтыкка келсе болот. Мындан тышкары, ал азыркы

учурда – рынок экономикасында да шаар адам үчүн болуш керектигин жеткирүүгө аракет кылат: рыноктун таасири астында шаар кескин өзгөрүүдө. Бирок ар дайым катардагы адамдын жыргалчылыгы үчүн эмес, калктын тутунган бөлүгү тарабынан киреше алуу үчүн. Калктын социалдык-мейкиндик сегрегациясы (бөлүнүүсү) күчөдү. Азыр менчик элөөлөрдүн зоналары кеңири кулач жайып, кээ бир курулуштар, кээде имараттардын бүтүн топтору өзүнчө тосмолор менен корголуп жатат. Аны натыйжасында коомдук мейкиндик кыскарып, шаар чөйрөсүнүн ээликтен ажыратуусу жүрүп жатат. Шаар чөйрөсү бардык жашоочуларга таандык болбой, калктын катмарларга бөлүнүшүнө ылайык бири-биринен кескин айырмаланган көп түрдүү чөйрөлөргө айланууда [54, 21-22-б.]. Мындай көрүнүш бизге да абдан мүнөздүү экендигинде талаш жок. Мисалы, Ош шаарынын жашоочулары үчүн негизги жыргалчылык (эс алуу, эстетика маанисинде) объектиси болгон Ак-Буура дарыясынын жээк чөйрөсү барган сайын ар кандай менчик ээлери тарабынан кыскарып жатканына баарыбыз күбөбүз.

Ошондой эле Г.М.Лаппо өз эмгегинде географиялык иликтөөлөрсүз шаарлар жана алардын системалары жөнүндө билимдер жетишсиз болот деп жазган. Мындай изилдөөлөрдө шаарлардын географиялык абалын талдоого, аларды ар түрдүү масштабда кароого, шаарды анда жашап жаткан калк үчүн чөйрө катары баалоого, аймак, өлкө үчүн керектүү ишмердүүлүктүн борбору, типтүүлүктү индивидуалдуулук менен айкалышуусу катары, райондун борбору катары шаарды курчап турган чөйрөсү менен кароого басым жасалат [54, 4-б.].

Советтик окумуштуулар шаар куруу саясатында географиялык принциптердин сакталуусун колдоп келишкен. Географиялык ыкмалар, географиялык ой жүгүртүү, географиялык теориялар жана концепциялар шаар куруу жана райондук пландоо чөйрөсүндөгү ишенимдүү чечимдерди негиздөөдө абдан маанилүү. Ар бир шаар зоналдык, аймактык, жергиликтүү шарттардын таасири астында калыптанат: табигый, социалдык, экологиялык, улуттук-этникалык ж.б. Алардын территориялык дифференциациясын география изилдейт [53, 199-б.].

Ушул эле максатта Е.Н.Перцик шаар курууда жана райондук пландаштырууда география илими тарабынан чыгарылган теорияларды, концепцияларды жана идеяларды колдонууну далилдүү мүнөздөгөн. Ал урбанизациянын практикалык милдеттерин чечүүдө жана стратегиясын иштеп чыгууда экономикалык райондоштурууну маанилүү инструмент катары көргөн жана анын жаңы фундаменталдык концепциясы болуп өндүргүч күчтөрдү территориялык уюштурууга калктын жайгашуусунун өсүп туруучу таасири эсептелет (территориянын таяныч каркастык ролунун өсүшү менен байланышкан калктын жайгашуусунун контрасттуулугу күчөйт, калктын жайгашуусун өз ара байланышкан эффектиси өсөт, же анын сапаттык жактан жаңы жана натыйжалуу формасы – автономдук шаардын башы катары агломерация пайда болот) [81].

Аталган окумуштуунун биздин изилдөөнүн максатына ылайык илимий салымы төмөнкүдө жатат деп эсептесек болот: ал шаарлардын экономикалык-географиялык абалына жеткиликтүү мүнөздөмө берүү менен алардын өнүгүүсүнүн экономикалык-географиялык негиздерин көрсөтө алды, ошондой эле шаардын территориялык өсүүсүн жана урбанизациянын аймактык өзгөчөлүктөрүн ачыктап бере алды [80].

Шаарлар жана шаар куруу темасында теориялык жактан белсемдүү салым чехословакиялык архитектор И.Грузанын “Шаардын теориясы” аттуу эмгеги аркылуу таандык. Жалпысынан анда Жер жүзүндө шаар куруу концепциялары кандайча пайда болуп, кандайча өнүккөнү, ошондой эле реалдуу курулуш практикасы, коомдун социалдык уюштурулушу, техникалык прогресс менен байланыштары жөнүндө кеңири түшүнүк берилет. Андан тышкары ал пландуу башталышка негизделген шаарлардын өнүгүүсүнүн социалисттик жолун колдоп, башка өлкөлөрдөгү шаарлардын баш-аламан өсүүсүнө карама-каршы койгон [23].

Жалпысынан алганда, биздин изилдөөбүз боюнча И.Грузанын кошкон салымы мындайча аныкталат: шаар куруу долбоорлору демейде функционалдык талдоодон жана жергиликтүү шарттарды, транспорттук схемаларды иликтөөдөн

ж.б. башталганы менен кайсы гана шаар пландоочу болбосун, анын башкы максаты – болуп турган маселеден новатордук чечим табуу. Архитекторлор жана долбоорчулар шаарлар алардын өкүлдөрүнө кандайча дал келтирүү менен алек болушат: ары коопсуз, компакттуу, жашыл, тирүү болуусу зарыл. Мында адис керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын эске алат жана мындай олуттуу максаттарга жетүүнү башкалардан жакшы билет. Жыйынтыгында шаар курууда экономикалык көз караш (максат) басымдуу болбошун эскертет [23, 4-б.].

Калктын жайгашуусундагы жаңы багыт И.П.Виллебранддын 1775-жылы жазган эмгегинде чагылдырылган. Анын пикириндеги ажайып шаарда шаардын жалпы түзүлүшү, аны башкаруу ситемасы, көчөлөрүн жана коммуникацияларын кармоо шарттары, шаарды камсыздоо маселелери жеткиликтүү мүнөздө каралган. Ошондой эле китептин көп бөлүгү шаарлардын өсүүсүн колдоо идеясы түзүп, шаар жашоочуларынын санынын көбөйүүсүнө таасир этүүчү факторлорду келтирген [122]. Албетте, аталган окумуштуунун заманында шаарлар сейрек болуп, алардын көбөйүүсү цивилизациянын бир жакшы жагы катары каралган. Эми биз шаарлардын өсүп-өнүгүүсүн токтотуучу факторлорду издешибиз керек.

Орто Азияда (анын ичинде Тажикстанда) шаарлардын өнүгүүсү жана шаар торчолорунун калыптануусу боюнча А.Салиев менен бирге өзбек окумуштуулары бир топ эмгектерди жаратып кетти [88, 79-93-б.; 89, 3-14-б.; 90, 3-35-б.]. Алар Орто Азиядагы урбанизация процессинин башка аймактардан айырмасын жана мүнөздүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн иликтеп чыккан. Каралып жаткан аймакка жалпы союздук көрсөткүчтөрдөн ашып түшкөн шаар калкынын жогорку өсүү темпи мүнөздүү болгон. Бул аймактагы табигый өсүүнүн көрсөткүчтөрү жогору болгону жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүүнүн пионердик мүнөзү менен аныкталган. Алсак, 1939-1959-жылдардын аралыгында аймакта шаарлардын саны 50дөн 74кө өскөн, шаар тибиндеги поселоктор – 101ден 191ге. Бул мезгилдин ичинде Кыргызстанда 20 шаар тибиндеги поселоктор пайда болгон [90, 55-59-б.].

Азыркы орус окумуштууларынан В.В.Кафидовдун эмгегине токтолуп кетебиз. Ал негизинен ар кандай типтеги шаарлардын өнүгүүсү жана аларды

стратегиялык башкаруунун учурдагы методологиялык жактарынын концептуалдык негиздерин иштеп чыккан. Анын ою боюнча, шаардын өнүгүүсүнө жаратылыш шарттары аз таасир этет, шаар территорияны интенсивдүү түрдө өздөштүрүп, шаар өндүрүшү өз иш-аракети үчүн өзү өбөлгөлөрдү жаратат, өндүрүш процесси чектелүү территорияда топтолот. Шаар адамзаттын өнүгүүсүндө жаратылыштын чечүүчү ролун ашып өтүү (жокко чыгаруу) формасы, коом тарабынан түзүлгөн “элемент” болуп калды. Мында шаардын социалдык аспектиси адамдардын туруктуу коомчулугу менен аныкталып, “шаар жашоочулар үчүн” деген принцип иштейт. Ал эми экономикалык аспект боюнча калк шаарга зарыл болгон функцияларды аткарып, “калк шаар үчүн” принциби менен аныкталат [40].

Постсоветтик мезгилдеги Кыргызстанда урбанизация жана шаарлардын өнүгүүсү боюнча географиялык максаттагы изилдөөлөр көп эмес. Мисал катары М.М.Дылдаевдин “Кыргыз Республикасынын урбанизацияланган системаларынын туруктуу өнүгүүсүнө экологиялык-экономикалык баалоо” аттуу диссертациялык ишин келтирүүгө болот. Анда төмөнкүдөй маселелер чечилген: Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык процесстердин урбанизациянын калыптануусун аныктоочу ар түрдүү теориялык-методологиялык концепциялар жана ыкмалар изилденген; салыштырма талдоонун негизинде урбанизациянын классикалык типтери изилденген жана биринчи жолу республикада тоо тибиндеги урбанизациянын өнүгүүсүнө түшүнүк берилген; республикада урбанизациянын калыптануусуна экономикалык-географиялык, азыркы учурдагы (өткөн кылымдын 90-жылдардан баштап) болуп жаткан геомейкиндик процесстердин өзгөрүүлөрүнө талдоо жүргүзүлгөн; курчап турган чөйрөнүн геоэкологиялык абалынын өзгөрүүсү шаарлардын экологиялык системаларына терс таасир тийгизүүчү негизги факторлорду мүнөздөп эске алуу менен “Тоо-шаардык экосистемалары” экосистемалык тейлөөнүн өнүгүүсү үчүн трактовка берилген; урбанизацияланган пункттардын категориялары абсолюттук бийиктик жана аймактык категориялары аныкталган; шаар аймактарынын

экологиялык-экономикалык баалоонун индикаторлору жана туруктуу өнүгүү деңгээлинин коэффиценти иштелип чыккан ж.б. [25, 11-б.].

Ошондой эле М.М.Дылдаев жана башка окумуштуулар (У.Ш.Муканбетов, А.А.Орозалиев, Т.Т.Эшенулов ж.б.) биргеликтеги илимий макалаларында негизинен өлкөдө жүрүп жаткан урбанизация процессинин экологиялык-географиялык аспектилерине кайрылышат. Алардын оюу боюнча, Кыргызстандын шаар территорияларын туруктуу өнүгүүсүн баалоо акыркы жылдары өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда. Бул тоолуу рельеф шарттарында табигый-техногендик факторлордун өсүүсү жана климаттын глобалдык өзгөрүүсү менен байланышкан. Республикада бир катар жагымсыз экологиялык, социалдык-экономикалык жана техногендик факторлордун жыйыны менен мүнөздөлгөн татаал тилмеленген жерлерде урбанизацияланган системанын өзүнчө тиби калыптанууда. Бул калктуу конуштардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жакшыртуу боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгууну талап кылат [27]. Өлкөдөгү шаарлардын ээлеген же болбосо жайгашкан орундары төмөнкү тоо зонасында жана ойдуңдарда (өрөөндөрдө) болгон менен айрым урбосистема орто бийиктиктеги чөлкөмдү ээлегендери да жок эмес. Өлкөнүн урбосистемасында туруктуу өнүгүүгө жана экологиялык тең салмактуулукка жетишүү үчүн негизги критерийлердин бири болуп аймактын (территориянын) экологиялык сыйымдуулугун аныктоо эсептелинет. Мына ушуга байланыштуу шаарларды экологиялык паспорттону жүзөгө ашыруу сунушталат [28, 95-97-б.]. Ошондой эле шаар экосистемасын жакшыртуу максатында санитардык-экологиялык талаптарга жараша шаар ландшафттарынын формаларын түзүү жана жашыл массивдерди кеңейтүү маселелери каралган [26, 108-б.].

Жыйынтыктап айтканда, “СССРде индустриализация жылдарында шаарлар биринчиден өнөр жай аркылуу түзүлүп, өнөр жай үчүн, өндүрүш үчүн иштеген. Ал эми шаардын ишканаларынын негизинде пайда болгон турак-жай-коммуналдык бирдиктер завод жана фабрикалардын цехтери катары каралып, калдык принцибинин негизинде каржыланган” [54, 21-б.]. Бирок буга карабастан советтик окумуштуулардын урбанизация жана шаарлар боюнча изилдөөлөрүндө

шаарлардын өнүгүүсүндө алардын экономикалык фундаментине (же өндүрүштүн өнүгүүсүнө) эмес, биринчи кезекте социалдык жана экологиялык негиздерге көңүл буруууга басым жасашкан. Ар бир шаар территориялык жана структуралык өнүгүүсүндө сөзсүз түрдө шаар жашоочуларынын социалдык жана экологиялык суроо-талаптары жеткиликтүү түрдө канааттанышынын зарылдыгы далилдеген. Мунун натыйжасында чындыгында өткөн кылымдын 70-80-жылдары шаар куруу стратегиясында социалдык (эл керектөөчү товарларды жеткирүү жана сатуу, саламаттыкты сактоо, билим берүү, турмуш-тиричилик кызматтарын жайылтуу ж.б.) жана экологиялык (шаар курууну экологиялык талаптар менен долбоорлоо (көчөлөрдү шамалдатуу жана аба алмашуу процесстери), зыяндуу өндүрүштөрдү шаар четине чыгаруу, эс алуу үчүн жашыл зоналарды кеңейтүү ж.б.) талаптар милдеттүү түрдөгү элементтерден болуп келген. Тилекке каршы, мындай талаптар азыркы "баш-аламан" рынок шарттарында сакталбай, шаарлардын социалдык жана экологиялык функциялары тарып жатат.

Ошондой эле урбанизация жана шаарлардын өнүгүү маселесинде география илиминин чечүүчү ролун аныкталат. Анткени, ал маселелерге так-даана географиялык айкындык (көрүнүш) жана географиялык шарттуулук мүнөздүү, ошондой эле урбанизациянын механизмдерин жана өзгөчөлүктөрүн илимий жактан түшүндүрүү географиялык ыкмаларды жана ой жүгүртүүлөрдү талап кылат. Г.М.Лаппо "бул географиянын иши, аны кайсы бир башка илим эмес, ал гана аткара алат" деп баса белгилеген [55, 146-147-б.]. Ооба, бул түздөн-түз мейкиндик процесстер менен байланышкандыктан шаар чөйрөсүндөгү географиялык изилдөөлөр башка изилдөөлөрдүн башатында турушу зарыл шарт деп эсептейбиз.

## 1.2. Кичи шаарлардын калыптануу жана өнүгүү өзгөчөлүктөрү жаңы изилдөө багыты катары

Кичи шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүү өзгөчөлүктөрүн иликтөө география илиминде да, экономика илиминде да салыштырмалуу жаңы багыт болуп эсептелет. Адабияттык талдоолор көпчүлүк өлкөлөрдө мындай изилдөөлөр негизинен 2000-жылдан кийин күчөй баштаганын көрсөттү. Ооба, ага чейин бул темадагы изилдөөлөр чанда кездешет.

Изилдөө максатына ылайык, кичи шаарлардын экономикалык-географиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө боюнча окумуштуу-адистердин эмгектерин иликтөө менен алардын жаңы ой-пикирлерин жана көз караштарын да мисал катары келтиребиз.

Алсак, XX кылымдын 90-жылдарына таандык төмөнкү изилдөөлөрдү келтирсек болот. Өзбек окумуштуусу С.А.Абдуназаров Жызак областынын мисалында жаңы өздөштүрүлүп жаткан райондордогу кичи шаарлардын өнөр жайлык пайда болуу себептерин иликтеп чыккан. Башкача айтканда, чарбалык жактан интенсивдүү өздөштүрүлүп жаткан райондордогу өндүрүштүн жана калктын жайгашуусунун өз ара катнашы жана өз ара шарттуулугу аныкталган; шаардын функционалдык-генетикалык тибине жараша анда өнөр жай ишканаларынын оптималдуу айкалышуусу боюнча жакшы сунуштар иштелип чыккан; эң негизгиси, рынок экономикасына өтүү шарттарында кичи шаарлардын өнөр жайынын комплекстүү өнүгүүсүнүн негизги багыттары негизделген [1]. Ал эми орус изилдөөчүсү А.Б.Соловьев Борбордук-Кара топурактуу экономикалык райондун кичи шаарларын карап, алардын келечек өнүгүүсүнө географиялык прогноз жүргүзгөн. Тактап айтканда, аталган аймактын кичи шаарларынын азыркы социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлине комплекстүү баа берилип, маанилүү кичи шаарлардын перспективалык өнүгүү модели түзүлгөн [97].

Эми 2000-жылдан кийинки илимий адабияттарга хронологиялык түрдө обзор жасап өтөбүз.

Н.А.Лунева биринчи жолу Воронеж областынын мисалында рынок экономикасы шарттарында кичи (орто) шаарлардын кайра жаралуу жана өнүгүү маселелерин көтөрүп чыккан. Мында алардын өнүгүүсүнүн башкы принциптери

катары өз алдынча башкаруунун чегинде өзүнчө өнүгүү, өзүнчө уюштуруу жана өзүнчө каржылоо каралат [57].

Кичи шаарлардын турак-жай проблемаларын Россиянын дагы бир аймагы болгон Волга-Вятка экономикалык районунун мисалында М.Г.Тарасов иликтөө жүргүзгөн. Бул илимий иштин экономикалык-географиялык мааниси төмөнкү аргументтер менен түшүндүрүлөт: көпчүлүк кичи шаарлар курч социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү баштарынан кечирип жатышат; акыркы жылдарда бардык постсоветтик мейкиндикте болуп жаткан саясий процесстерге байланыштуу каралып жаткан райондун кичи шаарлары да тышкы мигранттар үчүн жагымдуу мүнөзгө ээ болду жана бул демографиялык басымды күчөттү. Натыйжада жергиликтүү бийликтердин курчуп жаткан турак-жай-коммуналдык проблемаларга көңүлүн буруп, түзүлгөн кырдаалдан чыгуу жолдорун издөөгө мажбур кылды. Мындай маселелер Россиянын көптөгөн кичи шаарларына мүнөздүү [103].

Экономикалык жана социалдык география жаатында орус изилдөөчүсү О.П.Мамонованын "Россиянын Борбордук экономикалык районунун кичи тарыхый шаарларынын социалдык-маданий өзгөчөлүктөрү" аттуу диссертациялык изилдөөсү чоң мааниге ээ. Аталган илимий иште өзгөчө салым катары кичи тарыхый шаарларынын социалдык-маданий өзгөчөлүктөрүн окуп-үйрөнүүнүн теориялык негиздерин талдоосун, кичи шаарлардын калыптануусуна жана өнүгүүсүнө тарыхый-географиялык талдоо жүргүзүүсүн, Россиянын Борбордук экономикалык районунун кичи тарыхый шаарларынын тарыхый-маданий өзгөчөлүктөрүн аныктоосун кошууга болот [61].

Аймактык илим боюнча белгилүү советтик окумуштуу Б.С.Хорев кичи шаарлардын өзгөчөлүгүн кызыктуу аныктаган: кичи шаар айыл перифериясы менен бекем түйүн аркылуу байланышкан, айыл районунун өзүнчө "борбору" болуп саналат; бул айыл калктуу пункту менен ири шаардын ортосундагы конуштардын аралык классы. Мында аралык мааниси жашоо образы жана шарттары, калктын жыштыгы, өнөр жайлык өнүгүүсү ж.б.у.с. көрсөткүчтөр менен аныкталат [60].

Мына ушуга байланыштуу экономикалык планда же функционалдык мааниде кичи шаарларга айыл райондорунун жергиликтүү уюштуруучу борборлор функциясын аткаруусу мүнөздүү экендигин белгилешет жана алар жетиштүү район түзүүчү күчкө ээ эмес деп эсептешет. Андыктан кичи шаарлар башкаруу жана долбоорлоо объектиси катары алардын принципиалдуу өзгөчөлүктөрүнө төмөнкүлөрдү кошот: кичи көлөмү, экономикалык базасынын чектүүлүгү жана ушуга байланышкан эмгекти жумшоо чөйрөсүнүн кууштуулугу (тардыгы), социалдык-экономикалык "өз алдынча эместүүлүгү", табигый жана жасалма чөйрөнүн экологиялык тең салмактуулугун сактоо үчүн жагымдуу шарттар [61, 8-9-б.].

О.П.Мамонованын өз изилдөөсүндөгү артыкчылыктарынын бири катары анын кичи шаарлардагы элдик көркөм өнөрчүлүктүн маанисин ачып көрсөткөндүгүн белгилеп кетүү абзел. Анын ою боюнча, маданий салт-санаа, сырье ресурстары, суроо-талаптын мүнөзү (айыл чарбалык, шаардык, өкмөттүк мекемелердин буюртмалары), ири өнөр жайлык өндүрүш системасынын таасири – өнөрчүлүк тилкелердин пайда болушуна таасир этүүчү негизги факторлор. Борбордук тилке кол өнөрчүлүктүн жогорку жыштыгы жана кустардык өндүрүштүн эң бай курамы менен белгилүү болгон. Ишке тартылгандардын саны боюнча 1-орунда була буюмдарын кайра иштетүү боюнча өнөрчүлөр (305,6 миң адам) турган, андан кийин жыгачты (157,4 миң), металлды (70,7 миң) жана терини (69,5 миң) иштетүүчүлөр турган. Жыйынтыгында, автор Борбордук райондун ар аймактарында (губернияларында) өткөн тарыхый мезгилде кол өнөрчүлүктүн ар түрдүү түрлөрү өнүккөндүгүн иликтеп чыккан: тери-мех, ювелирдик (алтын, күмүш жана баалуу таштардан ар кандай жасалгаларды жасоо), икона чийүү, колодон көркөм буюмдарды куюу, токуучулук, саймачылык, териден бут кийим тигүү, карапа идиштерин жасоо, оюнчуктарды жасоо ж.б. 1920-1930-жылдары ири индустриялдык жана майда өнөр жайлык ишканаларын бириктирүү саясатынын негизинде көптөгөн элдик кол өнөрчүлүк мекемелери ири көркөм өндүрүшүнүн курамына кирип кеткен [61, 78-82-б.]. Көркөм кол өнөрчүлүк көпчүлүк кичи шаарлардын шаар түзүүчү базасынын

негизги бөлүгү экендиги далилденет. Аларды тейлөө чөйрөсүнүн маанилүү тармагы катары карап, тигил же бул шаардын калыптануусунда жана кийинки өнүгүүсүндө, шаардын көрүнүшүн түзүүдө жана шаар жашоо образын өзгөртүүдө чоң роль ойноп келгендигин белгилөө зарыл. Ошондуктан ар бир кичи шаарда кол өнөрчүлүк борборлорду кайра жандандыруу шаардын экономикалык да, социалдык да өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этет. Азыркы мезгилде да Борбордук кустардык-кол өнөрчүлүк тилке өзүнүн адистешүүсүн жана негизги кол өнөрчүлүк райондорун сактап калды. Алардын көбү каралып жаткан райондун кичи шаарларында жайгашкан. Айта кетсек, мисалы, Кострома областынын кичи шаарларында кол өнөрчүлүктүн тиешелүү тармактары өнүгүп жатат: Нерехте – кабыктан токулган сокмо, из прута, карапачылык, Галиче – айлантма сокмо, жыгаччылык, кездемеге саймачылык, Макарьеве – айлантма сокмо, жыгаччылык, карапачылык, Буе – жыгаччылык, тикмечилик өнөр.

А.М.Быковских кичи шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн өзгөчө усулдук көрсөткүчтөр менен аныктай алган. Тактап айтканда, кичи (орто) шаарлардын географиялык, шаар куруу, экономикалык ж.б. иликтөөлөрүнүн азыркы тажрыйбаларын талдоо, территориялык трансформация шарттарында (мында темага ылайык Воронеж областы каралат) кичи шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн географиялык изилдөөнүн теориясы жана методикасы аныктоо максаттары коюлуп, кичи шаарлар аталган областтын территориялык уюштурулушунун ядросу катары алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, аймактык саясаттын бул багытта негизги багыттары аныкталган [13].

Бул багытта А.К.Манджиевдин илимий изилдөөсү өзгөчө орунду ээлөө менен биздин изилдөө максаттарыбызга жакын. Башкача айтканда, ал “Россия Федерациясынын кичи шаарларынын социалдык-экономикалык өнүгүү стратегиясы аймактык экономикалык саясаттын бөлүгү катары (Калмыкия Республикасынын мисалында)” аттуу диссертациясын коргоп, кичи шаарлардын өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө өзүнчө белгилүү деңгээлде салым кошкон. Аталган илимий иште кичи шаарларынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн маңызы жана өзгөчөлүктөрү каралып, анын алкагында шаарлардын

классификациясынын жана типологиясынын теориялык жана методологиялык негиздери, өнүгүүсүнүн экономикалык проблемалары жана стратегиясы каралган. Россиянын кичи шаарларынын өнүгүүсүнүн федералдык компекстүү программасы талкууланган. Ошондой эле кичи шаардын (Лагань шаарынын мисалында) комплекстүү социалдык-экономикалык өнүгүүсү изилденип, өнүгүү стратегиясын иштеп чыгуунун методикасы жана инструментарийи аныкталган, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн экономикалык базасын жакшыртуу жолдору каралган. Жалпысынан Лагань шаарынын өнүгүүсүнүн стратегиялык программасынын негизги жоболору иштелип чыгуу менен аны турмушка ашыруудагы күтүлүүчү жыйынтыктары көрсөтүлгөн. Алсак, анын ою боюнча, шаар калкынын эмгектенүү жааты боюнча басымдуу бөлүгүнүн айыл чарбасы менен байланышпаган жана функциясы өнөр жайлык өнүгүү же жакын жайгашкан райондорду (анын ичинде айыл чарбасы багыты боюнча) тейлөө милдеттери, транспорттук байланыштардын өнүгүүсү менен аныкталган өз алдынча чарбачылык чөйрөсүнө ээ болгон калктуу пункт болуп саналат [62, 12-б.]. Бул шаарга болгон так аныктамалардын бири десек болот.

Жаңы шаарларды түзүү жана аларды мыйзамдык актылар менен тастыктоодо бул белгилер башкы аныктоочу критерийлер болгон деген автордун пикирине кошулабыз.

Ошентип, азыркы илимий жыйынтыктар боюнча шаарлар эмгекти бөлүштүрүү системасына катышкан функциялардын татаал концентрациясынын орду катары каралат. Мында шаардын негизги функцияларына шаардын өзү үчүн мааниси бар (шаарды тейлөөчү) жана шаарды шаарлар системасынын элементи катары кароого мүмкүнчүлүк берген сырттан кайрылган (шаар түзүүчү) функцияларга бөлөт. Шаар түзүүчү функцияларга өнөр жайлык-өндүрүштүк, транспортук, илимий-өндүрүштүк, уюштуруучулук-маданий ж.б. таандык. Так ушул функциялар тигил же бул шаардын функционалдык профилин аныктайт. Шаар түзүүчү функциялар белгилүү бир райондо жана өлкөдө калыптанган функционалдык-территориялык өз ара байланыштар системасындагы шаардын ордун аныктап турат. Бул функциялар шаарлардын

шаар түзүүчү базасын калыптандырат. Демек, ал шаардын эмгектин коомдук жана территориялык бөлүштүрүүдөгү ролун же шаардын чарбасынын адистешүүсүн аныктоочу тармактардын (объектилердин) жыйындысын көрсөтүп турат. Мындай критерийдин негизинде шаарлардын төмөнкү типтери бөлүнүп чыгат: көп тармактуу борборлор, индустриялуу борборлор, тейлөөчү борборлор, транспорттук шаарлар, курорттук шаарлар, илимий-эксперименталдык борборлор ж.б. [62, 13-21-б.].

Аталган окумуштуунун кичи шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн илимий негиздерин иштеп чыгуудагы жетишкендиктерин эске алуу менен иштеги айрым кемчиликтерин белгилеп кетүү зарыл деп эсептейбиз: илимий иштин темасы Калмыкия Республикасынын мисалында болгону менен республикалык деңгээлде талдоо аз болуп, бир гана кичи шаарга (Лагань шаары) басым жасалып калган. Кандидаттык диссертациянын кароо чеги каралып жаткан аймактагы кичи шаарлардын баарын кошо караганда өз максатына дайын жетмек.

Кичи шаарлардын социалдык-экономикалык проблемалары менен катар алардын демографиялык проблемаларын Е.Э.Бельская Россиянын Ыраакы Чыгыш аймагынын мисалында караган. Бул иштин илимий жаңылыгы болуп төмөнкүлөр эсептелет: аталган аймактын социалдык-экономикалык кайра жаралуу шарттарында жергиликтүү бюджеттердин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн талдоо жолунун негизинде кичи шаарлардын социалдык-экономикалык кырдаалына баа берилген; территориянын ресурстук камсыздуулугун, экономикалык-географиялык абалын жана инфраструктуранын өнүгүү деңгээлин эсепке алуу менен аймактын кичи шаарларынын мындан аркы өнүгүү перспективалары такталган [11].

А.Б.Грачевдун Брянск областынын масштабында изилдөөсү да биз үчүн кызыктуу. Ал да аталган областтын масштабындагы аймактык изилдөөсүндө кичи (орто) шаарлардын өнүгүү потенциалына баа берет. Бул үчүн “Брянск областынын кичи жана орто шаарларынын өнүгүүсүнүн потенциалдар системасы” сунушталат жана ал төмөнкү ирилештирилген блоктордон турат:

жаратылыштык-ресурстук, экономикалык, жашоонун сапаты, калктын жайгашуу системасы жана рекреациялык. Ушул потенциалдар системасынын негизинде областтын социалдык-экономикалык өсүп-өнүгүү жолдору аныкталат [22].

Ал эми В.Г.Старовойтовдун илимий изилдөөсү кичи шаарлардын өнүгүүсүнүн заманбап стратегиясын түзүүгө арналган. Ал өз ишинде кичи шаарлардын социалдык жана экономикалык жактан өсүп-өнүгүүсүнүн критерийлерине жана көрсөткүчтөрүнө көңүл буруп, азыркы тенденцияларын жана жаңы факторлорун иликтеп чыккан. Окумуштуунун мындагы илимий жетишкендиктери катары заманбап стратегияны иштеп чыгууда социалдык багытка басым жасоо, кичи шаарлар менен айылдардын интеграциянын негизинде өнүгүүсү, адам капиталын кайра жаратууда билим берүү, маданий жана руханий салттарды өнүктүрүү зарылдыгы, кичи шаарларда интеллектуалдык капиталды калыптандыруу жана кайра жаратуу маселелерин атап кетсек болот [102]. Аталган окумуштуунун бул маселелердин алкагындагы практикалык сунуштары биз үчүн да пайдалуу деп эсептейбиз.

Биздин изилдөө максатыбызга мааниси боюнча дагы бир жакын илимий иш М.К.Файзуллинге таандык. Мында Россиянын Татарстан Республикасынын мисалында кичи шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги багыттары каралган. Тактап айтканда, шаарлардын жашоосунун негизи катары алардын өнүгүүсүн пландаштыруу жана тескөө, өнүгүүнүн синергетикалык концепциясы, шаарларды башкаруунун аймактык механизмдери ж.б. каралат. Өзүнчө бөлүк катары республиканын кичи шаарларынын өнүгүүсүнүн экономикалык мүнөздөмөсү мейкиндик структурасы жана салыштырмалуу мүнөздөмө аркылуу келтирилген. Ошондой эле кичи шаарларда жогорку окуу жайларынын аймактык структураларынын жайгашуусу оң маанидеги жылыштарды алып келери далилденген [106]. Ооба, мындай фактор Кыргызстандын түштүгүндөгү айрым кичи шаарларды да сактап калды деп түздөн-түз маанисинде айтсак болот.

Изилдөө максаты жана маңызы боюнча А.А.Соколованын “Кичи шаарлар сырьелук аймактын туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылууда” аттуу илимий изилдөөсү өзгөчөлөнүп турат. Анда аймактык чарбалык системанын туруктуу өнүгүүсүн изилдөөнүн методологиялык жактары биздин иликтөөбүз үчүн пайдалуу. Сырьелук аймактын территориииялык социалдык-экономикалык системасынын өнүгүүсүнүн динамикасы жана тенденциялары илимий негизде жеткиликтүү иштелип чыккан жана илимий мааниси бар. Диссертациялык иште кичи шаарлардын типологиялык бөлүнүүсү сунушталат. Анын негизги критерийи катары шаардын социо-демографиялык масштабы келтирилет [96]. Автор бул иште аймактын туруктуу өнүгүүсүндөгү кичи шаарлардын ордун жана маанисин илимий образда жакшы ача алган.

Маани-маңызы боюнча биздин ишке жакын дагы бир илимий иликтөөнү карап көрөбүз. Ал орус окумуштуусу Е.А.Чернышеванын “Кичи шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн стратегиясы” аттуу диссертациялык изилдөөсү. Мында кичи шаарлар түшүнүгү, алардын классификациясы, территориянын өнүгүүсүндөгү жана калктын жайгашуусундагы мааниси, Россиянын шартында кичи шаарлардын туруктуу өнүгүү проблемалары негиздүү чагылдырылган. Ошондой эле кичи шаарлардын өнүгүүсүн стратегиялык пландаштыруу, программалык-максаттык башкарууну кийирүү, муниципиалдык башкарууда геомаалыматтык системаны (ГМС) колдонуу боюнча иликтөөлөр жана талдоолор биз үчүн теориялык мааниге ээ болсо, Ленинград областындагы муниципиалдык түзүлүштөрдүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн мониторинги, аталган аймактын шаарларынын өнүгүүсүнүн прогнозу практакалык мааниге ээ деп айта алабыз [109].

Эми кичи шаарлардын ар тараптуу өзгөчөлүктөрүн жазган алыскы чет өлкөлөрдүн айрым окумуштууларына токтолуп кетебиз. Алсак, А.Вайшар, Ж.Заплеталова (A.Vaishar, J.Zapletalová) Чехиянын кичи шаарларынын мисалында иликтөө жүргүзүшүп, төмөнкүдөй бүтүм чыгарышат: кичи шаарлар алыска жайгашуу менен аймактык борборлорго жеткиликтүү эмес абалы, инвестициялардын жоктугу жана адам капиталынын көйгөйлөрү менен

мүнөздөлөт; бирок ошол эле мезгилде алар көпчүлүк учурда атаандаштыктын жоктугунан ички райондордун белгилүү бир борборлору болуп калууда; глобализация процессинде кичи шаарлар жашоо ишмердүүлүктүн салттуу образын алып жүрүү ролун аткарып жатат; эс алууга, курчап турган чөйрөгө, коопсуздукка ж.б. баанын өсүүсү кичи шаарлар үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүдү жаратууда [121]. А.Стейнфухрер (A.Steinführer) жогору аталган окумуштуулар менен бирге дагы бир эмгекте кичи шаарлардын айыл жерлерин өнүктүрүүдөгү маанисин белгилөө менен алардын калкынын өсүүсүнө жана жергиликтүү экономиканын өнүгүүсүндө айрым тармактардын ролун аныкташат [119]. Д.А.Рондинелли (D.A.Rondinelli) өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү шаарлардын, алардын ичинде кичи шаарлардын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн карап, бул процесс жарды мамлекеттерде чектелип жатканын белгилейт. Ошондой эле кичи шаарлардын айыл чарбасына зарыл кызматтарды көрсөтүү менен шаар жана айыл экономикасынын интеграция болушуна көмөк көрсөтөрү иликтенет [117]. Кытай окумуштууларында да бул тема көңүл чордонунда десек болот. Бул өлкөдө кичи шаарлар ири шаарлардын чет-жакаларында жайгашып, айыл жергесинин маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Ошондуктан алар шаарлар жана айылдар ортосундагы байланыштыруучу звено же көпүрө катары кызмат аткарышат. Бирок тез өнүгүп жаткан урбанизация процессинде шаардагы ишканалардын кыскарышынан жана жашоо шарттарынын начарлашынан кээ бир кичи шаарлардын саны кыскарууга дуушар болуп, шаар менен айылдын ортосундагы мейкиндик колдоо милдеттери жоюлуп жатат. Авторлор (Y.Tong, W.Liu, C.Li, J.Zhang, Z.Ma) Цзилинь провинциясында жайгашкан кичи шаарлардын мисалында шаар калкынын сапаттык индекси, шаар экономикасы, жер пайдалануу жана иш менен камсыз болуу маселелерин иликтеп, аймактагы кичи шаарлардын статусу, өнүгүү деңгээли жана территориялык таркалышы ж.б. таасир факторлорду аныкташат. Аталган провинциядагы кичи шаарлардын санынын кыскарышы өнүккөн өлкөлөр менен окшош мүнөзгө ээ экендиги макалада далилденет [120].

Тилекке каршы, кичи шаарлар Кыргызстандын, анын аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө жана геосаясий абалынын туруктaшуусунда абдан маанилүү роль ойной тургандыгы ачык болсо да, алардын географиясын жана экономикасын изилдөө башталгыч этапта гана турат. Бул багытта илимий иштелмелер өтө аз, географиялык багытта диссертациялык изилдөөлөр жок. Кичи шаарлардын ар жактуу маселелерин козгогон илимий макала түрүндө гана айрым иликтөөлөр бар.

Кыргызстандын кичи шаарлар чөйрөсүндө изилдөөнүн башталышы профессор А.Г.Низамиевге таандык. Ал кичи шаарларды сактоо жана өнүктүрүү процессинде туризмди негизги факторлордун бири катары караган. Тактап айтканда, республиканын түштүгүндөгү кичи шаарлардын кайра жаралуу жана өсүп-өнүгүүсүндө туристтик потенциалды пайдалануу маанисин ачып көрсөтүүгө аракет жасаган [73, 246-250-б.; 74, 192-199-б.]. Ооба, туризм аймактагы биз карап жаткан шаарлардын негизги шаар түзүүчү же бюджет аныктоочу тармагына айланбаса да, сезилээрлик кошумча пайда алып келүүчү, бир катар социалдык көйгөйлөрдү чечүүчү сектор боло алат.

Жогорудагы талдоо көрсөткөндөй, кичи шаарлардын өнүгүү факторлорун бул өңүттө караган башка иликтөөлөр өтө аз.

Ж.М.Кемелдинованын 2009-жылы коргогон “Кичи жана орто шаарлардын өнүгүү проблемалары жана алдарды чечүү жолдору” аттуу Кыргыз Республикасынын материалдарынын негизинде жазылган диссертаациясы каралып жаткан багыттагы биринчи толук кандуу илимий изилдөө десек болот. Автор белгилегендей, өткөөл мезгилдин татаалдыгы кичи (орто) шаарлардын өнүгүү көйгөйлөрүн жаңыча маани берүүнү талап кылат. Кичи жана орто шаарлардын деңгээлинде ички территориялык иш-милдеттерди чечүүгө арналган комплекстүү илимий жана практикалык иштелмелердин жоктугу өлкөнүн жалпы социалдык-экономикалык абалын жаман абалга алып келип жатат. Рынок экономикасына өтүү, аймактык саясаттын жаңы принциптери, шаардын чыгымдары менен чарбалык ишмердүүлүгүнүн тең өлчөө зарылдыгы, башкача айтканда, алынган кирешенин эсебинен калктын жашоо сапатын

көтөрүү кичи шаарларды кыйын абалга дуушар кылып жатат. Анткени, кризис доорунда жаралган экономикалык, социалдык жана экологиялык көйгөйлөрдү өздөрү чечкенге туура келип жатат. Бирок алардын көпчүлүгү өндүрүштүн начарлашынан, көптөгөн киреше түзүүчү ишканалардын жок болушунан жана шаар бюджетинин таңкыстыгынан бул маселерди чече алышпайт. Мындан улам кичи (орто) шаарлардын өнүгүүсүнүн илимий жактан негизделген улуттук саясатты иштеп чыгуунун абдан чоң мааниси бар [41].

Тарыхый негизде жазган окумуштуу Г.С.Жумашеванын Таш-Көмүр шаары боюнча монографиясын да белгилеп өтөбүз. Анда биздин изилдөө ишибизге пайдалуу болгон аталган шаардын социалдык-демографиялык көрсөткүчтөрү, экономикалык өнүгүүсү, айрыкча гидроэнергетика тармагынын өнүгүү таржымалы жакшы берилген. Шаардын жакынкы жана келечекте өнүгүү перспективалары да өзүнчө каралышы колдоого татыйт [32]. Ал эми эки илимий макаласында 2001-жылы кабыл алынган республикадагы кичи шаарлардын жана шаар тибиндеги поселоктордун өнүгүүсүнүн мамлекеттик концепциясына бөлүктөрү боюнча талдоо жүргүзгөн [31, 215-218-б.]. Мына ошондуктан алардын мааниси темасына анча дал келбей, директивдүү мүнөздө болуп калган жана сын көз караш жок. Себеби, бул макаланын жарыкка чыккан жылдары (2016- жана 2017-жылдары) каралып жаткан концепциянын көп жактарынын ишке ашпашы анык болуп калган. Мисалы, белгиленген иш-чараларды аткаруунун конкреттүү финансылык булактары көрсөтүлгөн эмес. Жалпылап гана программанын негизги багыттарын ишке ашырууда мамлекеттик бюджеттен каржылоо, башка иштерге ар түрдүү эл аралык программалардын жана долбоорлордун эсебинен инвестиция тартуу деп көрсөтүлүп калган [21]. Ошондуктан бул концепция негизинен кагаз түрүндө гана калып кетти жана кийинки жылдары жакшыртуу жактары да каралбады.

Окумуштуу У.Ж.Искендеров илимий макаласында темасына ылайык Кыргызстандын түштүгүнүн шаарларынын классификациясына жана калкынын жайгашуу системасына токтолуп, Таш-Көмүр, Майлуу-Суу, Кербен, Исфана, Сүлүктү шаарлардын мисалында калктын жайгашуусунун бирдиктүү

системасын калыптандырууда өзүнчө каркас катары кароо каралган. Бирок макалада шаарлардын классификациясы (темасында көрсөтүлгөндөй) аталган аймактардын мисалында жүргүзүлгөн эмес жана жогоруда аталган шаарлардын калкынын жайгашуу системасы каралбай, алардын пайда болуусу, жалпыланган экономикалык-географиялык мүнөздөмө гана келтирилген [35, 12-20-б.]. Ал эми шаарлардын классификациясы, шаар куруу типологиясынын өнүгүүсү ж.б. байланышкан теориялык иштелмелери пайдаланууга татыктуу.

Биздин изилдөө темабызга ылайык биз тараптан да бир топ изилдөөлөр илимий макалалар түрүндө жарыкка чыкты. Аларда негизинен төмөнкү маселелерди карадык: шаарлар экономикалык жана социалдык географиянын изилдөө объектиси катары [66, 23-26-б.], территория маркетинги шаарлардын өнүгүүсүнүн негизи катары [64, 159-162-б.], банк системасынын территориялык уюштурулушунун кичи шаарлардын өнүгүүсүнө тийгизген таасири [85, 41-45-б.], Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарлардын типологиясы жана өнүгүү өзгөчөлүктөрү [70, 205-207-б.] ж.б. Ошондой эле азыркы дүйнөлүк масштабда актуалдуу болуп жаткан “жашыл” экономиканы калыптандыруу, анын тармактарын территориялык жайылтуу, кичи шаарлардын бул процесстеги ролу, “акылдуу” шаарлар концепциясын кичи шаарлардын туруктуу өнүгүүсүнүн негизи катары кароо маселелерин негиздөөгө аракеттер жасалды [67, 895-906-б.; 68, 704-710-б.].

Албетте, ата мекендик жана чет элдик адабияттарды талдоодо кичи шаарлардын классификациясы жана типологиясы боюнча маселелер сөзсүз түрдө каралуучу илимий-методикалык элементтер болуп саналат. Анткени, бул чөйрөдөгү ой-пикирлер мамлекеттер ортосунда гана эмес, бир өлкөнүн ичинде да ар жактуу аргументтерге ээ жана ар дайым кызуу талкууну жаратып келет.

Алсак, Россияда кичи шаарларга саны 50 миңге чейин адам болгон шаарлар кирери белгилүү [115]. Ооба, мындай чек менен россиялык көп окумуштуулар макул [7, 25-б.; 20, 17-б.; 29, 97-б.; 61, 16-б.]. Украиналык окумуштуулардын маалыматы боюнча аталган өлкөдө да ушундай эле чек эсептелет [10, 3-б.].

Белгилүү орус географы В.П.Семенов-Тян-Шанский биринчилерден болуп шаарларды классификациялоого аракет жасаган. Тактап айтканда, ал кичи шаарларга 5-10 миң калкы бар калктуу пункттарды киргизген [94]. Ал мезгилде чоң шаарларга 40-100 миң калкы бар шаарлар киргендиктен каралган чек (калктын саны) ошо кезге туура келет. XX кылымдын башталышында калктын жайгашуусунда сезилээрлик өзгөрүүлөр болуп, урбанизация процесси олуттуу өнүгүүгө ээ болду жана бул шаарлардын көлөмүнүн чегинин өзгөрүүсүнө алып келди: чоң шаарларга 100-250 миң, ал эми кичи шаарларга 50 миңге чейинки чек такталып калды. Ошол эле мезгилде А.К.Манджиев айрым Батыш Европа мамлекеттеринде кичи шаарларды аныктоо чеги 20-25 миң адам менен шартталганын белгилеп, бул маселеде рационалдуу жашоо камсыздоону түзүүчү өндүрүштүк базага жана тейлөө чөйрөсүнө ээ болгон 5-30 миң адамы бар калктуу пункттарды кичи шаарлар деп таанууну сунуштайт [62, 18-21-б.].

Ал эми Кыргыз Республикасынын расмий документтеринде, мисалы, 2001-жылы кабыл алынган “Кыргыз Республикасынын кичи шаарларынын жана шаар тибиндеги поселокторунун өнүгүүсүнүн мамлекеттик концепциясында” кичи шаарлар 30 миңге чейинки калктуу пунттар деп белгиленген [21]. Биз бул менен макул эмеспиз. Себеби, эл аралык, анын ичинде постсоветтик мейкиндиктеги практиканы эске алуу менен 50 миңге чейинки калкы бар шаар конуштарын кичи шаар категориясына киргизгенибиз туура болот.

Адабий обзор боюнча жыйынтактап айтсак, чет элдик окумуштуулар тарабынан кичи шаарлардын калыптануу жана өнүгүү маселелери теориялык жактан жетиштүү изилденип, илимий жактан баюу болуп жатат. Буга кичи шаар категориясы жана түшүнүгү, анын ар түрдүүлүгү, аларды ажыратуу критерийлери, социалык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүү көрсөткүчтөрү, прогноздоо методикасы ж.б. маселелерге байланышкан көп жактарын белгилеп кетебиз. Кичи шаарлардын жергиликтүү сырьелордун негизинде өсүп-өнүгүүсү, өнүгүүнүн мониторингин жакшыртуу, шаарды башкарууда азыркы инновациялык жаңылыктарды (технологияларды) колдонуу сыяктуу иштелмелер биздин изилдөөлөргө да зарыл жана пайдалуу.

Ал эми Кыргызстанда география жана экономика илимдеринин, алардын өткөөл формасында турган экономикалык география илими үчүн кичи шаарларды изилдөө маани-маңызы боюнча жаңы багыт болуп саналат. Бул чөйрөдөгү илимий изилдөөлөр өтө аз санда болгондуктан азыркы мезгилдин өнүгүү абалы, айрыкча республикада урбанизациянын күч алышы, өзгөрүлмөлүү демографиялык процесстер жана андан келип чыккан социалдык көйгөйлөр кичи шаарларды илимий жактан кенен-кесири изилдеп-талдап, анын теориялык жана практикалык маанилерин зарыл тараптарга таркатууну жана жайылтууну талап кылат. Мындай изилдөөлөр негизинен жергиликтүү башкаруу, муниципиалдык түзүлүштөрдүн иш-аракети, өндүргүч күчтөрдү рационалдуу жайгаштыруу аркылуу территорияны пропорционалдуу өнүктүрүү, миграциялык агымды жөнгө салуу ж.б. маселелерде абдан зарыл деп эсептейбиз. Ошондой эле урбанизация, шаарлардын географиялык абалы, жаратылыш шарттары, калктын жайгашуу өзгөчөлүгү ж.б. эске алган фундаменталдык изилдөөлөр мамлекеттин демографиялык жана шаар куруу саясатын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда концептуалдык негиз боло алат.

## I бап боюнча жыйынтыктар

Шаарлар – ар бир мамлекеттин географиялык, экономикалык, социалдык жана айрыкча демографиялык жактан өзгөчөлөнгөн территориялык бирдиги же административдик-саясий, экономикалык, социалдык, анын ичинде маданий потенциалынын аймактык бир бөлүгүн чагылдырган территориялык бирдик катары ар тараптуу илим багыттарынын (география, экономика, социология, архитектура ж.б.) изилдөө объектиси болуп келет.

Мында урбанизация жана шаарлардын өнүгүү маселесинде география илиминин чечүүчү ролу бар деп эсептейбиз. Анткени, ал маселелерге так-даана географиялык касиет жана географиялык шарттуулук мүнөздүү, ошондой эле урбанизациянын механизмдерин жана өзгөчөлүктөрүн илимий жактан түшүндүрүү географиялык ыкмаларды жана ой жүгүртүүлөрдү талап кылат.

Ушундан улам белгилүү окумуштуулар (мисалы, Г.М.Лаппо) шаарларды изилдөө негизинен география илиминин иши экендигин жана ал гана максатка ылайык комплекстүү аткара алгандыгын белгилешет. Демек, бул түздөн-түз мейкиндик процесстер менен байланышкандыктан шаар чөйрөсүндөгү географиялык изилдөөлөр башка изилдөөлөрдүн башатында турушу зарыл.

СССРдин индустриализация жылдарынын шарттарында шаарлар биринчиден өнөр жай аркылуу түзүлүп, өндүрүш үчүн иштеген. Ал эми шаардын ишканаларынын негизинде пайда болгон турак-жай жана коммуналдык бирдиктер завод жана фабрикалардын цехтери катары каралып, калдык принцибинин негизинде каржыланган. Бирок буга карабастан советтик окумуштуулардын урбанизация жана шаарлар боюнча изилдөөлөрүндө шаарлардын өнүгүүсүндө алардын экономикалык фундаментине эмес, биринчи кезекте социалдык жана экологиялык негиздерге көңүл буруууга басым жасашкан. Ар бир шаар территориялык жана структуралык өнүгүүсүндө сөзсүз түрдө шаар жашоочуларынын социалдык жана экологиялык суроо-талаптары жеткиликтүү түрдө канааттанышынын зарылдыгы далилденген. Мунун натыйжасында чындыгында өткөн кылымдын 70-80-жылдары шаар куруу стратегиясында социалдык жана экологиялык талаптар милдеттүү түрдөгү элементтерден болуп келген. Тилекке каршы, мындай талаптар азыркы “баш-аламан” рынок шарттарында сакталбай, шаарлардын социалдык жана экологиялык функциялары тарып жатат.

Кичи шаарлар боюнча адабий обзорду жыйынтактап айтсак, чет элдик окумуштуулар тарабынан кичи шаарлардын калыптануу жана өнүгүү маселелери теориялык жактан жетиштүү изилденип, илимий жактан баюу болуп жатат. Буга кичи шаар категориясы жана түшүнүгү, анын ар түрдүүлүгү, аларды ажыратуу критерийлери, социалык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүү көрсөткүчтөрү, прогноздоо методикасы ж.б. маселелерге байланышкан көп жактарын белгилеп кетебиз. Кичи шаарлардын жергиликтүү сырьелордун негизинде өсүп-өнүгүүсү, өнүгүүнүн мониторингин жакшыртуу, шаарды

башкарууда азыркы инновациялык технологияларды колдонуу сыяктуу иштелмелер биздин изилдөөлөр үчүн да зарыл.

Ал эми Кыргызстанда география жана экономика илимдеринин, алардын өткөөл формасында турган экономикалык география илими үчүн кичи шаарларды изилдөө маани-маңызы боюнча жаңы багыт болуп саналат. Бул чөйрөдөгү илимий изилдөөлөр өтө аз санда болгондуктан азыркы мезгилдин өнүгүү абалы, айрыкча республикада урбанизациянын күч алышы, өзгөрүлмөлүү демографиялык процесстер жана андан келип чыккан социалдык көйгөйлөр кичи шаарларды илимий жактан кенен-кесири изилдеп-талдап, анын теориялык жана практикалык маанилерин зарыл тараптарга таркатууну жана жайылтууну талап кылат. Мындай изилдөөлөр негизинен өндүргүч күчтөрдү рационалдуу жайгаштыруу аркылуу территорияны пропорционалдуу өнүктүрүү, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу, муниципиалдык түзүлүштөрдүн иш-аракети, миграциялык агымды жөнгө салуу ж.б. маселелерде абдан зарыл деп эсептейбиз. Урбанизация жана шаарлар боюнча географиялык абал, жаратылыш шарттары, калктын жайгашуу өзгөчөлүгү ж.б. эске алган фундаменталдык изилдөөлөр мамлекеттин аймактык, демографиялык, шаар куруу ж.б. саясатын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда концептуалдык негиз боло алат.

# II бап. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА УСУЛДАРЫ

## 2.1. Изилдөөнүн материалдары

Илимий изилдөө үчүн материалдарды издөө, тандоо жана талдоо ишинде оболу изилденүүчү теманын объектисин жана предметин тактап алуу мыйзам ченемдүү.

Изилдөө объектиси – бул изилдөөнүн конкреттүү талаасы болгон белгилүү бир касиеттердин (катыштардын, байланыштардын, мамилелердин) жыйындысы. Мына ушуга байланыштуу биздин изилдөө темабызга ылайык, изилдөө объектиси катары Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын экономикалык-географиялык жайгашуу жана өнүгүү контексинде учурдагы абалы каралат.

Ал эми изилдөө предмети изилдөө объектисинин бөлүгү катары объекттин биздин изилдөө үчүн теориялык жана практикалык жактан маанилүү болгон касиеттерин жана өзгөчөлүктөрүн түшүнөбүз. Буга ылайык биздин изилдөө темабыздын предмети болуп Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын кайра жаралуусунда аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун экономикалык-географиялык негиздери саналат.

Мына ушуга байланыштуу илимий изилдөө багытыбыздын объектисине жана предметине ылайык изилдөө процессинде төмөнкү материалдарга токтолдук.

Илимий иштин максаттарына жана аларга карата түзүлгөн милдеттерине ылайык изилдөөнүн материалдарынын курамына Кыргыз Республикасынын Президентинин указдары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору жана программалары, ведомстволук чечимдер, илимий эмгектер, статистикалык отчеттор ж.б.у.с. кеңири маалыматтык булактар кирди.

Албетте, булардын катарына биринчи кезекте КРнын Президентинин указдары, КРнын Өкмөтүнүн токтомдору жана программалары биринчилик мааниге ээ. Алсак, 2018-жылдын Аймактарды өнүктүрүү [49], 2019-жылдын

Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү [51], аларды улай 2019-жылдын Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы [52] деп аталышы аймактарды комплекстүү өнүктүрүү жана өлкөдө пропорционалдуу территориялык өнүгүү жаатында жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик саясаттын үзгүлтүксүздүгүн жана туруктуулугун далилдеп турат. Аймактардын экономикалык дараметин көтөрүү жана аны пайдаланууну активдештирүү, заманбап инфраструктураны жайылтуу, чарбалык иш-аракеттер үчүн жагымдуу шарттарды (салыктык саясат, инвестиция тартуу, адилеттүү атаандаштыкка жол ачуу ж.б.) түзүү боюнча кечиктирилгис иш-чаралар кабыл алынып жатат.

Ооба, «Санарип Кыргызстан» бирдиктүү санариптик платформа түзүлүп, «Түндүк» ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттешүү системасына бардык мамлекеттик органдар, бир катар коммерциялык банктар жана жеке менчик жактар кошулганы аймактардын пропорционалдуу жана комлекстүү өнүгүүсүнө жакшы шарттарды түзүп берет. Онлайн электрондук төлөмдөрдүн системасы иштеп жатат. 2020-жылдын башында башталган таажылуу вируска байланышкан пандемия, анын ичинде Кыргызстандагы өзгөчө кырдаал жана анын айрым аймактарындагы өзгөчө абал тартиптери санариптик системаны жашоо ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүнө эч бир токтоосуз кийирүүнү талап кылып жатат.

Бирок аймактарды өнүктүрүүгө багытталган жогорку көрсөтмөлөрдүн бардык пункттары талаптагыдай аткарылып жатат дегенден алыспыз. Мисалы, «тандалып алынган пилоттук шаарлардын негизинде өнүгүү борборлорун калыптандыруу боюнча процесстер акырындык менен өтүп жатат; аймактардын өз алдынча өнүгүүсүн, жергиликтүү демилгелерди жана инновациялык долбоорлорду кызыктыруу боюнча конкреттүү иш-чаралар иштелип чыккан эмес» [52].

«Санарип аймак» электрондук платформасы кийирилип, толук кандуу иш алып барышы азыркы мезгилде аймактарды башкаруунун жана территориялык өсүп-өнүгүүнү камсыз кылуунун эффективдүү механизми деп айтабыз.

Ал эми “2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы” шаарларды, алардын ичинде кичи шаарларды өнүктүрүү боюнча негиздүү өкмөттүк документ болуп эсептелет. Биздин оюбуз боюнча, андагы социалдык өнүгүү, анын ичинде саламаттыкты сактоо, сапаттуу билим берүү жана илимди өнүктүрүү, экономикалык бакубаттуулук, анын ичинде адам потенциалы жана эмгек ресурстары, инвестициялык климатты жакшыртуу, өлкөнүн аймактарын өнүктүрүү, макроэкономикалык туруктуулук, эл чарбасынын артыкчылыктуу тармактарын өнүктүрүү, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, өлкөнү санариптик трансформациялоо сыяктуу багыттары биздин изилдөө максаттарыбыздын маңызын түзөт жана негиздүү материал боло алды.

Мисалы, өлкөнүн аймактарын өнүктүрүү пункттунда келечекке көз караш мындайча баяндалат (албетте, айрым стилистикалык каталарды оңдоо менен алганда): аймактык шаарларда жана айыл жерлеринде жашаган жарандардын жашоо-турмушунун сапаты борбордун калкынын жашоо-турмушунун сапатына максималдуу жакындайт жана тигил же бул калктуу пункттун географиялык жайгашуусуна карабастан олуттуу айырмаланбайт. Ар бир аймактын өзүнүн артыкчылыктуу (жагымдуу) жактары болот, алар адамды өз турмушун “кичи мекени” менен байланыштырууга шарттайт. Ар бир жаран, жамаат жана уюмдар өз шаарын, айылын жана аймагын өнүктүрүү максатында өздөрүнүн демилгелерин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк алууга болот. Өлкөнүн аймактарында инвестицияларды тартуу жана бизнести өнүктүрүү үчүн шарттар жаралат. Аймактар өздүк өнүгүү программаларын ишке ашыруу үчүн зарыл мүмкүнчүлүктөрдү алышат. Натыйжада аймактарды ийгиликтүү өнүктүрүү бүткүл Кыргызстанды ийгиликтүү өнүктүрүүнүн кепили болуп саналат. Өлкөнүн шаарлары жана айыл жерлери жашоо-турмуштук жактан жагымдуу, өлкөнүн жарандарынын жашоосу үчүн коопсуз жана ыңгайлуу болууга тийиш. Бул ички миграцияны кыскартууга жана жер-жерлерде жаш адистердин отурукташып калуусуна мүмкүнчүлүк берет [50, 51-б.].

Документте шаарларды өнүктүрүү инфраструктуралык мүнөздөгү ыкчам көйгөйлөрдү чечүүгө эмес, өнүктүрүүнүн колдо болгон факторлорун пайдаланууга жана илгерилетүүгө, ийгиликтүү демилгелерди жана долбоорлорду колдоого негизделген [50, 54-б.].

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик башкаруу органдарынын биргелешкен иш-аракеттеринин жаңы форматтарын иштеп чыгуу милдеттери турат. Мында ар бир шаарда жана айыл жеринде өнүктүрүүнүн бюджетин түзүүгө артыкчылык берүү жана ал үчүн керектүү шарттарды түзүү зарылдыгы коюлган [50, 74-б.].

Бирок каралып жаткан стратегиялык документте Кыргызстанда аймактык өнүктүрүүнүн практикалык кадамдарын аныктоодо шаарлардын, алардын ичинде айрыкча көп жактан көйгөйлүү болгон кичи шаарлардын социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнүн конкреттүү багыттары көрсөтүлгөн эмес. Болгону айрым шаарлардын (мисалы, Баткен областы боюнча Баткен, Исфана, Сүлүктү; Жалал-Абад областы боюнча Токтогул, Майлуу-Суу, Кербен; Ош областы боюнча Кара-Суу, Өзгөн, Ноокат шаарларында) таза суу жана канализация системаларын куруу жана реабилитациялоо, ал эми кээ бир гана шаарларда калкты тейлөө борборлорун иштетүү иштери каралып калган (тагыраак айтканда, стандарттуу түрдө бири-бирине көчүрүлгөн). Документте көрсөтүлгөн мөөнөттө мамлекет тарабынан конкреттүү башка экономикалык иш-чараларды ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бар.

«2018-2020-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасынын аймактык саясатынын концепциясы" кичи шаарларды комплекстүү өнүктүрүү жаатында маанилүү документ болуп саналат. Анын башкы максаты – негизги аймактардын өнүгүүсүн бир жерде топтоп колдоо аркылуу калктын жашоо сапатын жана бакубатчылыгын жогорулатуу үчүн республикадагы аймактардын тездетилген социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу [48].

Ошондой эле концепция "аймактык өнүгүүнүн борборлорун", шаардык агломерацияларды жана аларга жакын жайгашкан негизги аймактарды түзүүгө жана экономикалык жактан өнүктүрүүгө багытталгандыгы колдоого арзыйт.

Анда финансылык ресурстар чектелген шартта бардык аймактарды бир убакта өнүктүрүү мүмкүн эместиги белгиленип, документте аймактардын өнүгүшүнүн базалык түйүндөрү катары 20 калктуу пунктту бөлүп чыгаруу сунушталган жана алар үчүн социалдык-экономикалык багыттагы артыкчылыктуу долбоорлорду аныктоо милдеттери коюлган.

Биздин изилдөөбүздүн аймагына жана максатына ылайык, өсүү борборлорун түзүү үчүн тандалган калктуу пункттарга Баткен, Исфана, Кадам-Жай, Кара-Көл, Кара-Суу, Кербен жана Кочкор-Ата сыяктуу кичи шаарлар кирген.

Аймактардын өнүгүү башаттары индустриялык парктарды жана өнөр жай кластерлерин интенсивдүү өнүктүрүүнүн аймактык борборлорунун ролун өзүнө алышат. Тиректүү (таяныч) шаарларда мамлекеттик бийликтин аймактык органдарын, калкты тейлөө борборлорун жана бизнести тейлөө борборлорун, логистикалык борборлорду, социалдык багыттагы объектилерди жайгаштыруу милдеттүү шарт болушу керек. Шаарларды максаттуу өнүктүрүү коңшу аймактардын чарбаларынын түзүмүн өзүнүн экономикалык өнүгүү чөйрөсүнө автоматтык түрдө тартат, алар үчүн жергиликтүү бизнести кеңейтүүдө жана чыңдоодо жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берет.

Кабыл алынган аймактык программалардын негизинде аймактардын табигый-географиялык, экономикалык, социалдык жана этномаданий артыкчылыктарына өбөлгө түзүү түптөлөт. Мында чектелүү ресурстар аймактын атаандаштык артыкчылыктарын ишке ашыра турган долбоорлорду колдоо үчүн багытталат. Ар бир аймактын адистешүүсү жаратылыш ресурстары, тарыхый өнүгүүсү жана экономикалык дарамети менен шартталат [48].

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Жаңы доорго – кырк кадам” программасында шаардык инфраструктураны өнүктүрүүгө көңүл бурулат. Башкача айтканда, жарандар үчүн ыңгайлуу жашоо чөйрөсүн түзүү жана бизнести жүргүзүүнүн жагымдуу шарттарын камсыз кылуу милдеттери коюлган. Анын алкагында шаардык инфраструктураны модернизациялоо, суу берүү тармактарын жана газ чарбасын куруу жана реконструкциялоо, электр берүү

линияларын өткөрүү, жарыктандыруу, спорт аянтчаларын жана эс алуу жерлерин куруу иштерин жүргүзүү жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын иш-аракеттеринин приоритеттүү багыттары экендиги белгиленет.

Аталган документте таяныч шаарлардын базасында аймактарды өнүктүрүү саясаты өз убагында козголуп жатат деп эсептейбиз. Аны ишке ашыруу үчүн өнөр жай тармагы, агроөнөр жай комплекси ж.б. тармактарда ар бир аймактын атаандаштык артыкчылыктарын аныктоо милдети коюлат.

Таяныч шаарлары бизнес-пландоонун принциптеринде өнүктүрүүнүн натыйжалуу жана аткарылуучу программаларын кабыл алат. Ар бир аймак биринчи кезекте экспортко багытталган белгилүү бир продукцияны чыгарууга адистешет [45].

Ал эми “2017-2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу боюнча программасы” боюнча изилдөө максатына ылайык төмөнкүлөрдү белгилеп өтөбүз. Аталган документте калкынын саны боюнча ири шаарларга Бишкек жана Ош шаарлары, чоң шаар категориясына Жалал-Абад, ал эми Каракол, Токмок, Өзгөн, Балыкчы, Нарын, Кара-Балта жана Таш-Көмүр орто шаарлар категориясына кирип, калган 21 шаар калкынын саны менен кичи шаарларга кирет [47]. Бул биздин классификациябыз менен дээрлик дал келүүсүн (Таш-Көмүр шаарын кошпогондо) баса белгилеп кетүү зарыл.

Ушул убакка чейин тийиштүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жетиштүү финансылык каражаттардын жоктугунан көпчүлүк кичи шаарлардын башкы пландарын иштеп чыгуу аткарылбай жаткандыгы өкүнүчтүү. Алардын ичинен Кара-Көл жана Кара-Суу шаарларынын гана башкы пландары кабыл алынып, Баткен жана Токтогул шаарларынын башкы пландары иштелип чыгып жаткандыгы белгиленет [47, 1-б.]. Ооба, башкы план шаар куруунун гана документи эмес, ал тиешелүү шаардын социалдык (анын ичинде айрыкча демографиялык), экономикалык жана экологиялык жактан бир максаттуу жана туруктуу өнүгүүнүн негизи десек жаңылышпайбыз. Ушундан улам көп шаарларда “баш-аламан” өнүгүү процесси орун алып, ал шаардын

көрүнүшүнө, территориялык-функционалдык бөлүнүшүнө, ар тараптуу (айрыкча санитардык-экологиялык) коопсуздугуна терс кедергисин тийгизүүдө.

Кыргызстан эгемендүүлүк алган жылдардан кийин өлкөдөгү экономикалык жана социалдык депрессия кризистик шаарларды пайда кылды. Алардын ичине түштүк аймакта Сүлүктү, Майлуу-Суу, Көк-Жаңгак сыяктуу шаарлар кирип, шаардык өндүрүш иштери дээрлик токтоп, аларда алектенген адистер (болгондо да жогорку квалификациялуу) өлкөнүн башка бир кыйла бакубаттуу аймактарына (айрыкча Бишкек жана Ош шаарларына, Чүй областына) же чет мамлекеттерге көчүп кетишкен. Аны менен катар Майлуу-Суу жана Көк-Жаңгак шаарларында өндүрүштүн зыяндуу калдыктары сакталып калгандыгын баса белгилөө зарыл.

Каралып жаткан программада шаар курулуш иштерин инженердик-техникалык жактан камсыздоо жана ал үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүү, инфраструктура системасын жакшыртуу, шаар курулуш ишин башкарууну оптимизациялоо максаттарынын каралышы колдоого татыйт.

Изилдөөлөргө ылайык түштүк аймактагы кичи шаарлардын өнүгүү маселелерин кароодо 2001-жылы кабыл алынган “Кыргыз Республикасынын кичи шаарларды жана шаар тибиндеги поселекторду өнүктүрүүнүн мамлекеттик концепциясы” өзгөчө орунду ээлеп турат [21]. Арийне, аталган документ моралдык жактан эскиргени менен анын айрым материалдары бул жаатта илимий изилдөөлөр үчүн мааниси бар.

Документте көрсөтүлгөндөй, урбанистикалык түзүлүш катары мындай калктуу конуштардын өнүгүү өзөгөчөлүктөрүн талдоо үч негизги типке бөлүүнү шарттайт.

Мында биринчи типке илгери жаралып, жакшы байкалган урбанистикалык белгилери бар, ошондой эле борборлоштурулган суу менен камсыздоо, жылытуу жана канализация менен калыптанган шаар тибиндеги инфраструктурага ээ шаарлар таандык. Мындай шаарлардын негизги көйгөйлөрүнө төмөнкүлөр кирет: инфраструктуранын эскилиги, экономикалык төмөндөө, шаар бюджетинин таңкыстыгы ж.б.

Экинчи типке шаар тибиндеги поселоктор киргендиктен аларды карабайбыз.

Үчүнчү типке борборлоштурулган пландуу экономика убагында жана жакшы материалдык-техникалык камсыздоо менен ири өнөр жай объектилеринин тегерегинде пайда болгон шаар конуштары кирет. Мындай шаарлардын бардык жашоо ишмердүүлүгү бир нече шаар түзүүчү ишканалардын иштөө ритми жана алардын финансылык абалы менен байланышкан. Ал эми инфраструктурасы бирдиктүү өнөр жай комплексинин бөлүгү болуп саналат. Мына ошондуктан эгемендүүлүк доорунда бул шаарлар алардын жашоо ритми андай ишканалардан түздөн-түз көз каранды болгондуктан эң кыйын абалга туш болушту. Анан да кээ бир шаарлардын алдында табигый кырсыктардын тобокелчиликтерине каршы туруу маселелери турат. Башкача айтканда, эскертүү иш-чараларын жүргүзүү, коргоо курулмаларын (анын ичинде жээктерди бышыктоо, дамбаларды, сел тоскучтарды орнотуу) тургузуу ж.б. иштери зарыл. Көп мезгилде мындай иш-чаралар масштабдуу болгондуктан мамлекеттик бюджеттен максаттуу каржылоону талап кылат.

Документте шаарларды категорияларга бөлүүдө 3 типке бөлүшөт: ири шаарлар – 100 миң адамдан көп; орто шаарлар – 30 миңден 100 миңге чейин; кичи шаарларга 30 миңге чейинки чек көрсөтүлгөн. Албетте, азыркы өнүгүп-өсүү заманында жана башка өлкөлөрдүн тажрыйбасын эске алуу менен кичи шаарларга 50 миңге чейин адам жашаган шаар конуштарын киргизсе туура болот.

Мында кризистен чыгуу жолдоруна, биринчи кезекте кичи шаарлардан ири шаарларга болгон миграция процессин жайлатуу максатында жергиликтүү экономикалык өнүгүү үчүн шарттарды түзүү сунушталат да, мындайларга менчиктин ар түрдүү, анын ичинде жеке менчик формаларына негизделген экономиканы борборлоштуруудан ажыратуу каралаган. Бул мамлекеттен ажыратуу жана мамлекеттик менчиктеги объектилерди менчиктештирүү менен байланышкан. Ооба, ушул процесс кайра шаарларды кризиске туш кылды десек

болот. Себеби, туура эмес жана мамлекетти башкаруунун жогорку деңгээлиндеги “жеке” максаттарды көздөгөн менчиктештирүү процесси дээрлик бардык шаарлардын шаар түзүүчү ишканаларынан ажыратты. Эң өкүнүчтүүсү, функционалдык жактан толук кандуу иштеп турган негизги фонддор (имараттар, ар түрдүү курулмалар, станоктор, машиналар ж.б.) лом же курулуш материалдары катары талкаланып, сатылып кетти.

Азырга чейин кичи шаарлар чөйрөсүндө административдик чектөө, финансылык камсыздалуу жана экономикалык өз алдынчалуулук багыттарында мыйзамдар базасын жакшыртуу актуалдуу болуп келе жатат.

Ошондой эле иштин максатына байланыштуу бул документте экологиялык коопсуздуктун өзүнчө каралашы мактоого татыйт. Тактап айтканда, кичи шаарлардагы экологиялык кырдаалды аныктоодо экологиялык тобокелчиликтин деңгээлин аныктоочу эки факторду бөлүп кароо сунушталат:

-курчап турган чөйрөгө болгон антропогендик таасир;

-табигый катаклизмдер.

Документте белгиленгендей, бул эки фактор бири-бири менен байланышып, бири-бирин шарттап турат. Ресурстук-чыгымдык, административдик экономиканын кедергиси болгон акыл ченемсиз чарбалык ишмердүүлүк шаар территорияларынын экологиялык абалын кескин жаман абалга алып келди. Айрым көрсөткүчтөр (индикаторлор) боюнча мындай абал кризистик кубулуш катары мүнөздөлүп, кайталангыс процесстерге айланып кетүү коркунучтары бар. Жыйынтыгында шаар флорасын жана фаунасын жок кылуу, суу басуу, сел, көчкү ж.б.у.с. табигый кырсыктардын пайда болушун шарттап, адамдын жашоо ишмердүүлүгүнө түздөн-түз таасир этип жатат.

Эми концепциядагы кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясына кайрылып, биздин изилдөө ишибиз үчүн маанисин белгилеп өтөбүз. Себеби, бул пункт изилдөө максаттарыбыз менен үндөш.

Туруктуу экономикалык өнүгүүнүн негизинде калктын жашоо деңгээлин теңдештирүүгө жана кичи шаарлардын өнүгүүсүнө багытталган аймактык саясаттын уландысы болуп аракеттеги өндүрүштүк кубаттулуктардын базасында

өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмдөрүн өстүрүү, өндүрүштүн профилдерин кайра өзгөртүү, кичи жана менчик ишканаларды уюштуруу, кичи жана орто ишкердикти өнүктүрүү, айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана аларды кайра иштетүү боюнча фермердик жана көмөкчү чарбаларды түзүү саналат.

Мына ушуга байланыштуу социалдык-экономикалык өнүгүүнүн негизги багыттары болуп төмөнкүлөр көрсөтүлгөн:

-колдонулбаган өндүрүштүк кааналарды, жабдууларды ж.б. негизги фонддорду жеке менчик ишкердүүлүккө берүү боюнча жагымдуу шарттарды түзүү, ишмердүүлүктүн лицензиялык түрлөрүнүн санын кыскартуу;

-өнөр жай ишканаларынын карыздарын комплекстүү реструктуризациялоо;

-өнөр жай ишканаларынын финасылык тартибин жогорулатуу жана муну ишке ашыруунун инструменти катары банкрот болуу процедурасын радикалдуу түрдө колдонуу;

-конкреттүү долбоорлору бар ишканалар үчүн кредиттик ресурстарды берүүгө жөндөмдүү индустриалдык-кредиттик банкты ачуу;

-өндүрүштү стимулдаштыруу, инвестицияларды тартуу, чыгарылып жаткан товарлардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, ишкердик чөйрөсүн өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүчү мыйзамдуулук базаны жакшыртуу;

-объектилерди менчиктештирүүнү тездетүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу;

-менчик ээлеринин укугун коргоо;

-өз ишмердүүлүгүн токтоткон кээ бир акционердик коомдордун мүлкүн жана акцияларынын мамлекеттик пакетин сатууну стимулдаштыруу [21].

Бирок, тилекке каршы, концепциядагы белгиленген бул багыттар эл чарбасынын жана жалпы элдин кызыкчылыгы үчүн иштеген жок. Республикада массалык түрдө ишканаларды атайылап банкрот кылуу, “баарын менчиктештирүү” принциби, ишканалардын мүлкүн жана акцияларын сатуу рыноктук экономиканын мыйзамы же эрежелери менен жүргөн жок, республикадагы бир топ катмардын (анын ичинде мамлекеттик башкаруунун жогорку өкүлдөрү да бар) “уурулук” кызыкчылыгы үчүн гана иштеди.

Натыйжада бир гана шаарларда, анын ичинде кичи шаарларда гана эмес, бүт Кыргызстанда экономиканын реалдуу базасы болгон өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшү толук ишин токтотту жана социалдык-экономикалык кризиске алып келди. Ал кризистин кесепеттери азырга чейин аймактарды, анын ичинде кичи шаарларды көтөрүү маселелеринде байкалып келүүдө. Башкача айтканда, мындай абалды Ж.М.Кемелдинова төмөнкүдөй сүрөттөйт: Кыргызстандагы кичи жана орто шаарлар бир-эки шаар түзүүчү өнөр жай ишканаларынын негизинде “кармалып” турган. Союз бузулган соң туура эмес жүргүзүлгөн экономикалык реформалардын натыйжасында бул өнөр жай ишканалары дээрлик баары жабылды же өздөрүнүн профилдерин өзгөрттү. Ошондуктан бул шаарлар жакырчылыктын чегинде калышты, өткөөл доор шарттарында мамлекеттик колдоодон кол жууушту жана рыноктун жаңы шарттарына жеткиликтүү түрдө көнүп кете алышкан жок [41].

Акырында аталган концепция шаарлар финансылык автономия принцибинде өзүнө жетиштүү, өзүнчө балансуу субъект катары өнүгүүсүн шарттайт. Бул үчүн шаар өкүлчүлүк органдарынын ыйгарым укуктарын кеңейтүү, жергиликтүү бюджеттердин салыктык базасын жакшыртуу, жергиликтүү экономикалык өнүгүү кеңештерин жана ишкердүүлүктү колдоо фонддорун түзүү менен жергиликтүү экономикалык демилгелерди активдештирүү, шаарларда шаардык өнүгүү матрицаларын жана алардын негизинде өнүгүүнүн программаларын иштеп чыгуу сунуштарын толук колдоого болорун белгилеп кетебиз.

Мына ошентип, жогоруда келтирилген расмий документтер биздин изилдөөбүз үчүн негиз болуу менен кичи шаарлардын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү жана келечеги, алардын аймактарды комплекстүү өнүктүрүүдөгү ролу, бул иш-аракеттердеги мамлекеттин, борбордук жана жергиликтүү башкаруу органдарынын, коомчулуктун ж.б. ордун аныктоого жакшы жардам берет.

Ооба, экономикалык-географиялык маанидеги изилдөө расмий статистикалык маалыматтарсыз реалдуулук жана илимийлүүлүк касиеттерге ээ боло албайт. Илимий изилдөөдө статистикалык маалыматтар талдоо (анализ)

үчүн базалык негиз болот. Биздин изилдөөбүздө кичи шаарлардын социалдык-экономикалык жактарына тиешелүү учурларды кароодо керектүү багыттагы статистикалык маалыматтарды колдондук. Статистикалык маалыматтар биз карап жаткан чөйрөдөгү мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана тенденцияларды аныктоого жана прогноздоого негиз болгон бүтүмдөргө мүмкүнчүлүк берди. Негизинен статистикалык маалыматтарды тереңдетип талдоо ресурстардын рационалдуу таркалышына жана алардын оптималдуу өздөштүрүлүшүнө шарт түзөт. Жыйынтыктарды салыштыруу менен тигил же бул аймакта же шаарда аткарылып жаткан иш-милдет үчүн кандай механизм же ресурс маанилүү экендигин билүүгө болот.

Бирок кичи шаарлар боюнча керектүү маалыматтар илимий ишмердүүлүк үчүн али жеткиликтүү эмес экендигин белгилеп кетебиз. Санариптештирүү шартында жана ал боюнча жалпы мамлекеттик жана дүйнөлүк саясат жүрүп жаткан мезгилде көп кичи шаарлардын али расмий сайттары жок, болсо да ала турган пайдалуу маалыматтары жокко эсе. Ошондой эле мэриялар сураган маалыматтарды берүүгө кызыкдар эмес.

Эми биздин изилдөө ишибиздин материалдары катары илимий эмгектердин ордун карап көрсөк, алар илимий толуктоого (жалпылоого), илимий талдоого жана илимий пландаштырууга (прогноздоого) толук кандуу салым кошо алды десек болот.

Адабияттардын обзорунда көрүнүп тургандай, биринчи кезекте иштин теориялык-методологиялык бөлүгүн иликтөөдө илимий негиз боло алды. Ага негизинен Н.Н.Баранский, К.О.Оторбаев, Ю.Г.Саушкин өңдүү белсемдүү эконом-географтардын жалпы өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруу, анын ичинде шаарлардын экономикалык-географиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө концептуалдык окуулары, урбанизация жана шаарлар боюнча адистер Г.М.Лаппо жана Е.Н.Перциктин шаарлардын өсүп-өнүгүүсү боюнча илимий изилдөөлөрү шаарды экономикалык-географиялык көз караште таанууда чоң мааниге ээ экендиги талашсыз.

Борбордук Азиянын мисалында бул темага ылайык өзбек окумуштуулары А.Салиев, С.Л.Янчук ж.б. изилдөөлөрүн атап кетебиз.

Мындан тышкары айрым окумуштуулардын диссертациялык изилдөөлөрү биз үчүн салыштырма-талдоо үчүн жетиштүү материал болду десек болот. Мисал катары аларга М.М.Дылдаев, Ж.М.Кемелдинова, О.П.Мамонова, А.К.Манджиев, Е.А.Чернышева ж.б.у.с. илимий иштерин келтирүүгө болот.

## 2.2. Изилдөө усулдары

Азыркы доордун өнүгүүсү, дүйнө калкынын санынын кескин көбөйүүсү, анын ичинде дүйнөлүк урбанизациянын тездик темп менен өсүүсү, ага байланыштуу жаралып жаткан социалдык-экономикалык жана экологиялык маселелер шаарларды илимий-теориялык жактан окуп-үйрөнүүнүн максаттарын жана усулдарын түп-тамырынан өзгөртүүгө алып келди. Мындан улам Кыргыз Республикасынын дүйнөлүк жана аймактык демографиялык процесстерге шайкеш өсүп-өнүгүүсү, пландуу экономикадан рыноктук экономикага өтүү менен байланышкан андагы чарбалык жана социалдык мамилелердин өзгөрүүсү өлкөдөгү урбанизация жана анын алкагында шаарлардын сандык өсүүсүн жана территориялык кеңейүүсүн жаңыча көз карашта кароону жана жаңыча изилдөөнү талап кылып жатат. Бул өз кезегинде колдонулган усулдардын да өзгөрүүсүнө алып келди.

Экономикалык география өндүргүч күчтөрдүн мейкиндик боюнча жайгашуу мыйзам ченемдүүлүктөрү жана эл чарбасынын территориялык уюштурулушун илимий негизде карайт. Башкача айтканда, ал тармактык планда алганда өндүргүч күчтөрдүн мейкиндик (территориялык) жайгашуу мыйзам ченемдүүлүктөрүн, ал эми аймактык планда – өндүргүч күчтөрдүн ар кандай факторлордун (табигый, тарыхый, экономикалык, социалдык, экологиялык ж.б.) таасири астында территориялык бөлүнүүсүн окуп-үйрөтөт. Ал функционалдык өзгөчөлүгүнө жараша биринчи кезекте география илиминин биринчи бутагы болгон физикалык география менен түздөн-түз байланышта же карым-катнашта.

Физикалык географиянын теориясысыз жана усулдарысыз экономикалык жана социалдык географиянын изилдөө максаттары ишке ашуусу мүмкүн эмес. Экономикалык география илиминин тармактары табигый да (геология, биология, математика, химия, физика ж.б.), коомдук да илимдер (экономика, социология, саясат таануу ж.б.) менен тыгыз байланышта десек болот. Демек, ал өз ишмердүүлүгүндө алардын да усулдарын пайдаланат жана аларды өз изилдөөлөрү менен байытат.

Кичи шаарлар – кыргыз экономикалык географиясы үчүн жаңы изилдөө объектиси. Мына ошондуктан өлкөнүн табигый-геогафиялык, тарыхый жана социалдык-экономикалык өнүгүү өзгөчөлүгүнө жараша өзүнчө изилдөө усулдарына муктаж. Ошондуктан жалпы багытта жана география илиминде колдонулуп жаткан усулдарды аймактык жана жергиликтүү өзгөчөлүктөргө карап, “ылайыкташтырып” колдонуугa туура келет.

Эрежеге ылайык, бул изилдөөдө жалпы илимий жана атайын усулдарды колдондук.

Мында жалпы илимий усулдардан негизги усул катары диалектиканы кароого болот. Ал изилденүүчү чөйрөлөрдүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн билүүнүн негизинде калыптанган эрежелердин (талаптардын) системасы катары жалпы киришүүнү аныктап, конкреттүү изилдөөлөр үчүн илимий усулдардын базасы кызматын аткарат. Тактап айтканда, аталган усул чындыктын жана таанып-билүүнүн жалпы мыйзамдарынын негизинде практикалык жана таанып-билүүчүлүк иш-аракеттерге түртүүчү принциптерди жана талаптарды калыптандырат, теориялык түшүнүк берет. Буга ылайык биз изилдөөдө же кичи шаарлардын экономикалык-географиялык мүнөздөмөсүн иликтөөдө пайдаланган анын принциптерине төмөнкүлөр кирет: ар тараптуулук принциби, сапаттык жана сандык мүнөздөмөлөрдүн өз ара байланыш принциби, жекеликтен жалпылыкка өтүү принциби жана тескерисинче (индукция менен дедукциянын биримдүүлүгү) ж.б.

Экинчи бир маанилүү усулдарга математикалык усулдар кирет. Албетте, аларсыз биз карап жаткан социалдык болобу, экономикалык болобу, кубулуштарды сапаттык жактан талдоо жана бир бүтүмгө келүү мүмкүн эмес.

Ооба, экономикалык-географиялык изилдөөлөрдө математикалык усулдар чоң мааниге ээ. Окумуштуу-географтардын пикири боюнча, экономикалык-географиялык иликтөөлөрдө, айрыкча өндүрүштүн аймактык структурасын талдоодо сандык усулдар маанилүү, керек болсо борбордук орунду ээлешет [91, 18-б.]. Алар статистикалык маалыматтарды ар кандай сандык катыштарда көрсөтүп, коюлган максаттарга ылайык салыштыруу же экономикалык натыйжалуу варианттарды тандап алуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берет. Математикалык усулдарга конструктивдүү эсептер, экономикалык-математикалык моделдер, оптимизациялык усулдар, прогноздук усулдар ж.б. кирет.

Бирок “географияда бардык нерсени сандык катнашта берүү мүмкүн эмес... географиялык объектилерди сандык деңгээлде гана маани берүү жана көрсөтүш болбойт” [104, 48-б.]. Бул аргументти америкалык окумуштуу-географ П.Мюллердин төмөнкү пикири менен толуктоо жетиштүү: “...ишеничтүү жана түшүнүктүү текстке коммуникация усулдарынын ичинде алмаштыруу жок. Географтардын дүйнөлүк коомчулугуна жыйынтыктарды баяндап жазуу искусствосун колдоо абдан зарыл” [71, 28-б.]. Мына ошондуктан математикалык усулдарды (моделдерди) илимий жактан негизделген географиялык маңыз менен толуктоо керек [74, 86-б.] жана географиялык процесстердин сапаттуу чагылдырылышын математикалык усударды ашыкча колдонуу менен камсыз кылуу максатка жетпей калышы мүмкүн.

Математикалык усулдар менен катар изилдөөдө статистикалык усулдардын техникалык-экономикалык эсептер, графикалык-аналитикалык (талдоо) усул, экономикалык-статистикалык талдоо, корреляция усулу сыяктуу ыкмаларын колдондук.

Биздин изилдөөдө салыштырма-географиялык усулдун да мааниси чоң. Изилдөөдө каралып жаткан кичи шаарлардын физикалык-географиялык,

демографиялык жана экономикалык көрсөткүчтөрүн салыштырып кароо белгиленген максатка жетүүгө жакшы көмөк болду десек болот.

Эми экономикалык географиянын атайын усулдарына токтолобуз.

Изилдөөнүн иш-милдеттерин аткаруу үчүн биз тараптан география илиминин башкы усулдарынын бири болгон экспедициялык усулду да колдондук. Эрежеге ылайык, экспедициялык изилдөө үч этаптан турат:

1-этапта – *даярдык көрүүдө* экспедициялык жабдыктар менен камсыздануу жана колдо болгон (негизинен интернеттен) материалдар аркылуу кыдыра турган кичи шаарлар жөнүндө маалыматтар менен таанышуу ишин аткардык. Ошондой эле бара турган кичи шаарлардын социалдык-экономикалык жана аймактык өзгөчөлүктөрүн иликтөө үчүн план-программа түзүү жана аны илимий жетекчи жана электрондук (же мобилдик) байланыш аркылуу жергиликтүү башкаруу органдары менен макулдашуу болду.

2-этап – кичи шаарлар боюнча *экспедиция жасоо*, мында шаарлардын социалдык-экономикалык паспорту жана биринчилик статистикалык жана отчеттук материалдар, андан соң шаарлардын тарыхый объектилери, негизги өндүрүш жана тейлөө ишканалары менен таанышуу болду. Мындай экспедициялар 2012-2020-жылдары Баткен, Кара-Көл, Кара-Суу, Кочкор-Ата, Майлуу-Суу, Ноокат, Таш-Көмүр жана Токтогул шаарларына уюштурулду.

3-этап – *экспедиция учурунда алынган материалдарды иликтөө*, аларды системалык-структуралык талдоо, графиктерди жана карталарды түзүү жана алардын негизинде бүтүм (жыйынтык) чыгаруу.

Атайын географиялык усулдарга райондоштуруу кирери баарыбызга маалым болгондой, изилдөөбүздүн максатына ылайык экономикалык райондоштуруу усулу кеңири пайдаланылды.

География илимдеринин башка тармактары сыяктуу эле экономикалык географияны да картографиялык усулсуз элестетүү кыйын. Эреже катары, буга карталарды, картосхемаларды, диаграммаларды жана графиктерди түзүү кирет. Мында, мисалы, экономикалык-географиялык изилдөөдө карта өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруунун өзгөчөлүктөрүн көргөзмөлүү түрдө көрсөтөт.

Аэрокосмостук жана картографиялык технологиянын өнүгүүсү менен география илими, анын ичинде экономикалык жана социалдык география аймактык изилдөө процессинде жана өздүк материалын картографиялык жасалгалоодо сапаттык чоң жетишкендиктерге ээ болууда. Мисалы, геомаалыматтык системалар жана дистанттык зондирлөө санариптик картографиялык жана экономикалык-географиялык материалдарды (маалыматтарды) топтоого жана иштетүүгө мүмкүндүк берет. Ошондой эле салттуу жана компьютердик технологияларды айкалыштыруу аркылуу социалдык-экономикалык кырдаалдын мейкиндикте жана убакытта өзгөрүү динамикасын изилдөөгө, электрондук жана кагаз карталарын, графиктерди жана диаграммаларды ж.б. түзүүгө болот. Ошентип, илимий изилдөө ишинин тактыгын, мейкиндиктеги реалдуулугун жана демонстрациялык-методикалык маңызын жакшыртат.

Экономикалык жана экономикалык-географиялык изилдөөнү ырааттуу калыптандырууда өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруунун принциптерин, факторлорун, өзгөчөлүктөрүн жана жалпы шарттарын окуп-үйрөнүү талап кылынат. Албетте, мында “географиялык чөйрө” түшүнүгүнүн мааниси чоң. Анткени, тигил же бул аймактын географиялык шарттары өндүрүштүн жайгашуусуна оң же терс таасирлерин тийгизип турат.

Мындан ары айрым окумуштуулардын биздин изилдөөгө пайдалуу методикаларын карап чыгабыз.

Окумуштуулар А.С.Салиев жана С.Л.Янчук жүрүм-турум географиясын география илимдеринин бир тармагы катары карабай, жөн гана жүрүм-турум усулу катары кароону сунушташат [91, 19-б.]. Бирок аталган окумуштуулардын бул пикирине толук кошула албайбыз. Себеби, жүрүм-турум географиясын азыркы мезгилде социалдык географиянын өзүнчө тармагы катары кароого болот: кандай гана экономикалык, социалдык же саясий процесстерде калктын же жеке индивиддердин муктаждыктарын, суроо-талаптарын, каалоо-тилектерин ж.б. жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүн эске алуу талапка ылайык. Бул айрыкча рынок экономикасы иштеп жаткан коомдо абдан маанилүү. Бирок ошол

эл мезгилде экономикалык-географиялык иликтөөлөрдө жүрүм-турум усулун колдонуу изилдөөнүн ар тараптуулугун эске алуу менен реалдуулугун аныктайт, маңызын ачат. Мына ушуга байланыштуу бул изилдөөбүздө аталган усулду да максаттуу пайдаланууга аракет кылдык. Тактап айтканда, шаар жашоочуларынын жашоо образы иликтенди, суроо-талаптары эске алынды, миграция кыймылдарынын өзгөчөлүктөрү аныкталды ж.б.

Шаарларды изилдөөдө маданият жана край таануу жаатындагы адистер Н.П.Анциферов жана И.М.Гревс өзгөчө көз караштa, башкача айтканда, алар шаарларды маданий-тарыхый организм катары карашып, социалдык-маданий изилдөөнүн комплекстүү методикасын иштеп чыгышкан: организмдин ар түрдүү элементтерин бөлүп көрсөтүү; алардын абалын жана өз ара байланыштарын аныктоо; тарыхый динамикасын байкоо (аңдоо); табигый күчтөрдүн аракети, чарбалык формалары, социалдык мамилелери, шаардыктардын руханий дүйнөсүнүн өз алдынчалуулугу сыяктуу факторлорду эске алуу [61, 19-20-б.]. Мындан улам Н.П.Анциферов шаарларды тирүү жандыктарга салыштыруу менен аларды окуп-үйрөнүү максатында шаар организмин үч элементке бөлүп караган: “анатомия”, “физиология” жана “психология”. Тактап айтканда, “анатомия” шаардын жайгашуу ордун жана топографиясын изилдөөнү талап кылган. “Физиология” калкка өзгөчө көңүл буруу менен шаардын өнөр жайлык, соодалык, транспорттук, административдик жана стратегиялык функцияларын иликтеген. “Психология” бул методиканын эң бир татаал позициясын аныктап, шаардын жекече (индивидуалдык) жана уникалдуу белгилерин, шаардын пейзажын таанып-билет [3].

Бул методика илимий таанып-билүүнүн, шаардын тарыхый-маданий жана социалдык-экономикалык образын үйрөнүүнүн инструменти катары азыр да актуалдуу десек болот.

Мына ошентип, кичи шаарларды изилдөөнүн азыркы концептуалдуу ыкма-жоболору комплекстүү жана системалуу талдоолорду талап кылып жатат. Мындай талдоолор география илиминин бардык методологиялык базасын колдонуу менен (анын ичинде экономикалык жана социалдык географиянын

усулдарына басым жасап) башка бир катар илим тармактарынын (математика, геология, биология, тарых, экономика, социология, психология, саясат таануу ж.б.) усулдарын пайдалануу максатка ылайык. Анткени, мында ар бири изилдөөнүн тийиштүү бир усулдар системасына өзүнүн жакшы салымдарын кошуу менен катар илимий чындыкка жетишүүгө жардам берет.

Өзбек окумуштуулары В.Н.Федорко жана Ш.Б.Курбанов Өзбекстан Республикасынын мисалында анын аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлин рейтингдик баалоонун кызыктуу методикасын сунушташат [107, 39-48-б.]. Бул методиканы шаарлардын өнүгүү деңгээлин изилдөөдө да колдонсо болорун белгилеп өтөбүз.

Авторлордун белгилөөсү боюнча, территориялардын экономикалык жана социалдык өнүгүү деңгээлин салыштырмалуу баалоо коомдук географиядагы аймактык изилдөөлөрдүн маанилүү илимий-практикалык милдети болуп саналат. Аймактардын экономикалык жана социалдык өнүгүү деңгээлин компоненттер боюнча талдоо лидер аймактардын көйгөйлүү аспектилерин жана аутсайдер аймактардын коомдук өнүгүүсүнүн салыштырмалуу жагымдуу шарттарын аныктоого көмөктөшөт. Мында авторлор тарабынан территориялардын экономикалык жана социалдык өнүгүү деңгээлин статистикалык маалыматтардын негизинде корреляциялык талдоого негизги көңүл бурулат. Баалоо үчүн бир катар көрсөткүчтөр алынган. Изилдөөбүзгө ылайык келген алардын айрымдарын келтиребиз: ички аймактык продукциянын (ИАП) көлөмү, адам башына болгон ИАП, 1000 адамга кичи бизнестин субъектилеринин саны, адам башына болгон негизги капиталга инвестициялар, ИАПдага өнөр жайдын үлүшү (%) ж.б. [107, 39-40-б.].

Илимий иштин методикасын иштеп чыгууда азыркы өндүрүштүн, капиталдын жана калктын жайгашуу өзгөчөлүктөрү эске алынды. Анткени, мындагы географиялык жана экономикалык мыйзам ченемдүүлүктөр пландуу экономикадан кескин айырмаланат. Мына ушуга байланыштуу А.Лёш [56], В.Кристаллер [114], И.М.Маергойз [58; 59], П.М.Полян [82], Б.Б.Родоман [84] ж.б. бул чөйрөдөгү теорияларын эске алуу менен калктын, өндүрүштүн жана

капиталдын концентрациясынын борбордук жана линиялык умтулуу тенденцияларын, мында айрыкча башкы жолдордун боюнда жайгашуу абалдарын иликтеп чыктык. Чарбалык системалардын стуруктурасынын, анын ичинде шаарларда жайгашуусунун линиялык-түйүндүк-ареалдык структурасынын өзгөчөлүктөрүн аныктадык. Ошондой эле азыркы замандын окумуштуулары [111, 52-58-б.; 112, 408-414-б.; 113] уюлдук түрдө өнүгүү жана анын негизиндеги чарбалык элементтердин башкаларга өсүүнүн импульсун берүүсү боюнча теорияларын жалпылаштырып колдондук. Эрежеге ылайык, мында өсүүнүн уюлдары, линиялары жана коридорлору калыптанат жана аймактагы өсүүнүн уюлдарын, линияларын жана коридорлорун аныктоого аракет жасадык.

Алсак, территориянын (аймактын) экономикалык өнүгүүсүндө (же экономикалык ландшафтта) структуралык подсистемалардын жана элементтердин бирдей эмес динамикасы шарттарында айрым подсистемалардын жана элементтердин ашып (озуп) өнүгүүсү башкаларга өсүүнүн импульстарын берет (таркатат). Бул өз кезегинде уюлдук өнүгүү феноменинин негизинде жатат. Мындан улам өсүүнүн уюлдары, линиялары жана коридорлору пайда болот [111, 52-53-б.].


Өсүү уюлдары социалдык-экономикалык өнүгүүнүн озуп өнүгүү темптери менен мүнөздөлүп, ачык байкалган фокустагы мейкиндик ареалы болуп эсептелет. Ал эми өсүү линиялары жана коридорлору – өндүрүш менен калктын топтолуусунун линиялык агломерациялык эффектиси менен шартталган кайра курулган же тез өсүүчү инфраструктуралык октор жана зоналар.

Мында демейде жаңылыктарды киргизүү менен байланышкан өсүү импульстары, *биринчиден*, түздөн-түз өсүү борборунан тегеректеги территорияларга берилет (таркайт). Жаңы (же кайрадан реконструкцияга туш болгон) ишкана өзүнүн пайда болуусу менен бул аймактагы өндүрүштүн өсүүсүн камсыз кылат.

Авторлордун белгилөөсү боюнча, белгисиздик шарттарда бир түрдүү экономикалык (же маалыматтык, маданий жана саясий) мейкиндиктин ичинде

өсүү уюлунан болгон аралыктын узарышы менен өсүп жаткан өндүрүш тарабынан болуп жаткан ресурстарга болгон суроо-талаптын болжолдуу көлөмү азая берет (2.1-сүрөт, а). Албетте, мында жогорку транспорттук чыгымдар, ошондой эле административдик жана башка чек аралар дистанттык чыгымдарды дагы да көбөйтөт, эң акыркы учурда экономикалык байланыштар үчүн өтө алгыс тоскоолдукту жаратат (2.1-сүрөт, б).

а) б)



**2.1-сүрөт. «Борбор-периферия» схемасы боюнча өсүүнүн импульсунун берилиши: а) бир тектүү экономикалык, маалыматтык, маданий жана саясий мейкиндиктин ичинде; б) өсүүнүн борборунун жанында 100%дык барьердүү (тоскоолдук) функциясы менен чек аранын (мисалы, мамлекеттик) болушу**

*Экинчиден*, чарбанын каркастык-кан айлануучу (азыктык-таркатуучу) структурасы дал келген калктын жайгашуу системасындагы ар түрдүү борборлордун экономикалык өз ара аракеттенүүсүн талдап чыгуу зарыл [59]. Бизге белгилүү болгондой, мисалы, линиялык өсүү менен тыгыз байланышкан өндүрүштүн, капиталдын жана калктын түйүндүк топтолуусу (концентрациясы) масштабдын ички жана сырткы экономиясын камсыз кылат.

Уюлдук өнүгүүнүн теориясынын классикалык элестетүүлөрүнө ылайык, демейде жаңылыктарды кийирүү менен байланышкан өсүү импульстары ири шаарлардан орто жана кичи шаарларга, алардан өз кезегинде айыл конуштарына берилет. Башкача айтканда, калктын жайгашуу системасындагы иерархия

боюнча төмөн карай кетет. Туура, мындай схема өзгөчө өнүгүп келе жаткан өлкөлөр (алардын арасында Кыргызстан) үчүн мүнөздүү же аларда ири, анын ичинде борбор шаарлар индустриялык жактан өнүккөн өлкөлөрдө чыккан технологиялык, өндүрүштүк жана керектөөчүлүк жаңылыктарды биринчи болуп кабыл алышат. Бирок өсүү борбору болуп кичи конуш (шаар) деле чыгышы мүмкүн.

*Үчүнчүдөн*, өсүүгө стимул берүүчү жаңы ишкананын ресурстарына (товарларына жана кызматтарына) болгон суроо-талап алар менен катар эле ички фирмалык каналдар аркылуу, ошондой эле жаңылыктарды бирге кийирүүнүн негизинде бир тармактын атаандаштары аркылуу да берилет (4-сүрөт). Мында биз эми көп катмарлуу структура – өлкөнүн улуттук экономикасынын негизги тармактарынын территориялык структураларынын катнашы (дал келүүсү) менен иш алып барабыз [111, 52-56-б.]. Тилекке каршы, биздин азыркы өнүгүү шартыбызда мындай өсүүгө стимул берүүчү ири ишканалар (компаниялар) жакынкы арада боло албайт деп эсептейбиз.


Ал эми өсүү коридорлору боюнча төмөнкүлөрдү белгилеп өтөбүз.

Ооба, өсүү коридорлорунун көлөмү тоолуу территорияларда тарыйт. Же Б.Б.Родомандын сөзү менен айтканда, “административдик чек араларды кесип өткөн жергиликтүү автожолдор транспортко көбүнчө кырка тоолор жана ашуулар сыяктуу таасир берет, ал эми областтар аралык магистралдар терең өрөөндөргө (тоолор аралык өтмөктөргө) же тоннелдерге окшош” [84]. Өсүү коридорлорунун өлчөмү рельефтин тилмеленүүсү терең болгон сайын тарый берет. Кыргызстандын шартында ушул аспектини эске алуубуз шарт.

Демек, өсүү уюлдары социалдык-экономикалык өнүгүүнүн алдыңкы темптери менен мүнөздөлүп, ачык байкалган фокустагы мейкиндик ареалдарын көрсөтөт. Ал эми өсүү линиялары жана өсүү коридорлору – жаңы түзүлгөн же тез өскөн инфраструктуралык октор жана өндүрүштүн жана калктын өсүү линияларына жакын топтолуусунун линиялык агломерациялык эффекти менен шартталган зоналар [113].

Өсүү импульстары айрыкча жаңылануулардын киргизүү менен байланышкан учурда өсүү борборунан курчап турган чөйрөгө берилет. Алсак, жаңы (же реконструкция болгон эски) ишкана өзүнүн пайда болуусу менен бул аймактагы өндүрүштүн өнүгүүсүн камсыз кылат. Өсүп жаткан өндүрүш тарабынан ресурстарга болгон суроо-талаптын ыктымалдуу көлөмү уюлдан карай кеткен аралыктын узарышы менен азаят. Жогорку транспорттук чыгымдар, ошондой эле административдик ж.б. чек аралар аралык (дистанттык) чыгашаларды андан ары көбөйтүп, экономикалык байланыштарга тоскоолдуктарды жаратат. Калктын жайгашуу системасындагы ар түрдүү борборлордун экономикалык өз ара аракеттенүүсүн талдоо да зарыл. Уюлдашкан өнүгүүнүн классикалык теориясына ылайык, жаңылануулардын киргизүү менен байланышкан өсүү импульстары ири шаарлардан орто жана кичи шаарларга берилет, алардан өз кезегинде айыл конуштарына өтөт. Демек, калктын жайгашуу системасында иерархия боюнча төмөндү көздөй кетет.

Эми өсүү линиялары жөнүндө кеп козгойбуз. Коңшу өсүү уюлдарын бириктирүүчү (туташтыруучу) же курчап турган территориянын өнүгүшү үчүн атайын курулган транспорттук жана байланыш коммуникациялары өсүүнүн линияларына айланат. Алар товарлар жана кызматтардын, жүргүнчүлөрдүн жана маалыматтардын жеткирүү процессин тездетет же арзандатат. Аны менен ишканалар үчүн транспорттук жана маалыматтык чыгашалар болгон кошумча үнөм камсыз кылынат да, өсүү зонасындагы калк үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Өсүү коридорлору ушинтип пайда болот. 2.2-сүрөттө окшош табигый шарттары бар бир түрдүү түздүктө өсүү коридорунун калыптануу схемасы келтирилди [111].




**2.2-сүрөт. Өсүү линиясынын негизинде өсүү коридорунун калыптануу схемасы: а) калктын жайгашуу системасын эске албай бир тектүү экономикалык, маалыматтык, маданий жана сайсий мейкиндиктин ичинде; б) борбордук жайлар системасынын ичинде**

Албетте, практикалык жактан өсүү коридорунун так чек арасын жүргүзүү татаал. Бул айрыкча Кыргызстан сыяктуу тоолуу рельефтүү өлкөлөргө таандык. Тоолуу шарттарда өсүү коридорлору кеңейип да, тарып да турат. Бул жаатта советтик жана россиялык географ Б.Б.Родоман мындайча мисал келтирет: «административдик чек араларды кесип өткөн жергиликтүү автожолдор транспортко көбүнчө тоо кыркалары жана

ашуулар сыяктуу таасир берет, ал эми областтар аралык магистралдар терең өрөөндөргө (тоолор аралык өткөөлдөргө) же тоннелдерге окшош» [84]. Өсүү коридорлорунун көлөмү рельефтин тилмеленүүсүнүн тереңдигине жараша тарып кетет. Кээ бир учурларда өсүү линиясы тар тоо капчыгайы аркылуу өткөндө бир канча км ге чейин тарыйт. Бирок мында өсүү линиясы үзүлбөйт.

Мына ошентип, өсүү уюлдарынын, өсүү линияларынын жана өсүү коридорлорунун калыптануу процесси өлкөдөгү чарбалык структуралардын жана калктуу конуштардын (анын ичинде айрыкча шаарлардын) территориялык жана комплекстүү өсүп-өнүгүүсүндө чечүүчү ролду ойтойт деген ишеничтебиз. Башкача айтканда, изилденип жаткан аймактагы кичи шаарлардын өлкөнүн жалпы эле урбанизация системасында өнүгүү процессинде өсүү уюлдардын, өсүү линиялардын жана өсүү коридорлордун пайда болуусу торчолук-түйүндүк мүнөздөгү аймактык социалдык-экономикалык өнүгүүгө алып келет.

Илимий иштердин усулдар базасын кароодо көңүл буруучу маанилүү жагдай бар. Тактап айтканда, Н.Н.Баранский географиялык изилдөө усуларын карап жатып, мисалы, өз эмгегинде моданын артынан жаңыларынан башка бардык усулдарды жана ыкмаларды сыртка ыргытууга даяр болгон азыркы “модернизаторлорго” кайрылат. Мында өлкө таануу ага математикалык формулаларды жана системаларды киргизүүгө аракет кылган ушундай “новаторлордун” айынан терс таасирлерге дуушар болду деп эскертет. Жаңы усулдар эски усулдардын ордуна эмес, тескеринче, аларды өнүктүрүү жана күчтөндүрүү менен бирге илимге кириши керек. Илимий изилдөө практикасында таанып-билүү усулун башка усул менен алмаштыруу эмес, а методологиялык өнүгүү жүрүшү зарыл. География илими баяндап жазуу-салыштыруу усулунан качпай,  ал эми географтар жакшы жазууну унутпаш керек деп эскертип кеткен [8, 14-15-б.].

## II бап боюнча жыйынтыктар

Илимий изилдөө багытыбыздын объектисине жана предметине ылайык изилдөө процессинде төмөнкү материалдарга токтолдук.

Алсак, изилдөөнүн материалдарынын курамына КРнын Президентинин указдары, КРнын Өкмөтүнүн токтомдору жана программалары, ведомстволук чечимдер, илимий эмгектер, статистикалык отчеттор ж.б.у.с. кеңири маалыматтык булактар кирип, кичи шаарлардын өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү жана келечеги, алардын аймактарды комплекстүү өнүктүрүүдөгү ролу, бул иш-аракеттердеги борбордук жана жергиликтүү башкаруу органдарынын, коомчулуктун ж.б. ордун аныктоого жакшы жардам берди. Бирок басымдуу документтерде көп жактан көйгөйлүү болгон кичи шаарлардын социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнүн конкреттүү багыттары көрсөтүлгөн эмес.

Изилдөөбүздө кичи шаарлардын социалдык-экономикалык жактарына тиешелүү аргументтерди кароодо керектүү багыттагы статистикалык маалыматтарды колдондук. Алар биз карап жаткан чөйрөдөгү мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана тенденцияларды аныктоого жана прогноздоого негиз болгон бүтүмдөргө мүмкүнчүлүк берди. Бирок кичи шаарлар боюнча керектүү маалыматтар илимий ишмердүүлүк үчүн али жеткиликтүү эмес экендигин белгилеп кетебиз. Санариптештирүү шартында жана ал боюнча жалпы мамлекеттик саясат жүрүп жаткан мезгилде көп кичи шаарлардын али расмий сайттары жок, болсо да ала турган пайдалуу маалыматтары жокко эсе. Ошондой эле мэриялар сураган маалыматтарды берүүгө кызыкдар эмес.

Изилдөө ишибиздеги илимий эмгектердин ордун карап көрсөк, алар илимий толуктоого, талдоого жана пландаштырууга толук кандуу салым кошо алды десек болот. Адабий булактар иштин теориялык-методологиялык бөлүгүн иликтөөдө илимий негиз боло алды. Ага негизинен Н.Н.Баранский, Ю.Г.Саушкин ж.б. белсемдүү эконом-географтардын жалпы өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруу, анын ичинде шаарлардын экономикалык-географиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө концептуалдык окуулары, урбанизация боюнча адистер Г.М.Лаппо, Е.Н.Перцик ж.б. шаарлардын өсүп-өнүгүүсү боюнча илимий

изилдөөлөрү шаарды экономикалык-географиялык көз караште таанууда чоң мааниге ээ болду.

Ошондой эле илимий иште жалпы илимий жана атайын усулдарды колдондук. Мында жалпы илимий усулдардан негизги усул катары диалектиканы кароого болот. Ал изилденүүчү чөйрөлөрдүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн билүүнүн негизинде калыптанган эрежелердин системасы катары жалпы киришүүнү аныктап, конкреттүү изилдөөлөр үчүн илимий усулдардын базасы кызматын аткарды.

Экинчи бир маанилүү усулдарга математикалык усулдар кирди жана алар статистикалык маалыматтарды ар кандай сандык катыштарда көрсөтүп, коюлган максаттарга ылайык салыштыруу же экономикалык натыйжалуу варианттарды тандап алуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берди.

Изилдөөдө статистикалык усулдардын техникалык-экономикалык эсептер, графикалык-аналитикалык (талдоо) усул, экономикалык-статистикалык талдоо сыяктуу ыкмаларын колдонулду.

Биздин изилдөөдө салыштырма-географиялык усулдун да мааниси чоң болду. Кичи шаарлардын физикалык-географиялык, демографиялык жана экономикалык көрсөткүчтөрүн салыштырып кароо белгиленген максатка жетүүгө жакшы көмөк болду десек болот.

Изилдөөнүн иш-милдеттерин аткаруу үчүн биз тараптан география илиминин башкы усулдарынын бири болгон экспедициялык усулду да колдондук. Карталар, картосхемалар жана графиктерди түзүү үчүн картографиялык усул пайдалуу болду. Аэрокосмостук жана картографиялык технологиянын өнүгүүсү менен география илими, анын ичинде экономикалык география аймактык изилдөө процессинде жана өздүк материалын картографиялык жасалгалоодо сапаттык чоң жетишкендиктерге ээ болду. Мисалы, геомаалыматтык системалар жана дистанттык зондирлөө санариптик картографиялык жана экономикалык-географиялык материалдарды топтоого жана иштетүүгө мүмкүндүк берди.

Илимий иштин методикасын иштеп чыгууда А.Лёш, В.Кристаллер, И.М.Маергойз, П.М.Полян, Б.Б.Родоман ж.б. теорияларын эске алуу менен калктын, өндүрүштүн жана капиталдын топтолуусунун борбордук жана линиялык умтулуу тенденцияларын иликтеп чыктык. Мындан тышкары уюлдук түрдө өнүгүү жана анын негизиндеги чарбалык элементтердин башкаларга өсүүнүн импульсун берүүсү боюнча теорияларын жалпылаштырып колдондук жана аймактагы өсүү уюлдарын, линияларын жана коридорлорун аныктоого аракеттер жасалды.

Илимий иштердин усулдар базасын кароодо, Н.Н.Баранский белгилегендей, жаңы усулдар эски усулдардын ордуна эмес, тескеринче, аларды өнүктүрүү менен бирге илимге киришин эске алдык жана география илиминин салттуу баяндап жазуу-салыштыруу усулуна басым жасадык.

# III бап. ӨЗДҮК ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫ ТАЛКУУЛОО

## 3.1. Шаарлар жана кичи шаарлар түшүнүгү жана алардын типологиясы

Азыркы мезгилде “шаар” түшүнүгү боюнча бирдиктүү ой-пикирлер жок. Ар кандай өлкөлөрдүн шаар боюнча расмий аныктамалары, ошондой эле илимпоздордун илимий түшүнүктөрү жана критерийлери ар түрдүү. Ооба, мында башкы критерий калктын саны болгону менен калк тартылган тармактардын структурасы, административдик функциялары, курулуштун типтери, калктуу пункттун тарыхый макамы ж.б. негиз катары алынат.

Адис окумуштуулардын пикири боюнча, бул маселеде тигил же бул калктуу пунктту шаарлардын катарына кошууда ар башка өлкөлөрдө ар кандай талаптар коюларын жана бир эле өлкөдө ар кандай убакта ар түрдүү аныктамалар кабыл алынганын биринчи кезекте эске алышыбыз керек. Ар бир өлкөдө кээ бир калктуу пункттар айылдыктан шаардык болуп калганын, башкалар, тескеринче, шаардыктан айылдыкка «түшүп» калганын байкоого болот [9, 171-б.].

Бул максатка ылайык адегенде кыска энциклопедиялык аныктамага орун беребиз: “калктын басымдуу саны (айыл конуштарына салыштырмалуу) менен айырмаланып, ал негизинен айыл чарбасынан сырткары алек болгон калктуу пункт” [95, 326-б.].

Эми айрым окумуштуулардын шаар боюнча аныктамаларына токтолуп кетебиз.

Н.Н.Баранский белгилегендей, «шаарлар түздөн-түз айыл чарбасы менен байланышпаган калктын топтолуусунун борборлору болуп эсептелет. Шаарлар айыл чарбасы менен байланышпаган тармактардын (өнөр жай (кол өнөрчүлүк кошо), соода, транспорт) айыл массасынан бөлүнүп чыгуунун эсебинен өскөн; ошондой эле чарбалык эмес функциялардын эсебинен да өскөн – административдик, аскердик, маданий» [9, 164-б.]. Буларды түздөн-түз шаардын аныктамасын иштеп чыгууда негиз кылып алууга талаш жок.

Азыркы окумуштуулар (мисалы, А.А.Каздым) шаарга төмөнкүчө комплекстүү (көбүнчө образдуу) аныктама берет: «шаар – адамдын акыл-эсинин жана колунун өзгөчө, эч нерсе менен салыштыргыс жаратуусу. Бул саны өсүп жаткан калк үчүн жашоо чөйрө жана ар түрдүү, ар образдуу ишмердүүлүктөрдүн түрлөрүнүн топтолуу жайы. Шаарлар – прогресстин кыймылдаткычы, чыгармачылык лабораториялары, адамзаттын руханий устаканалары. Алар өзгөрүп жаткан дүйнөдө кадимкиден сырткары жашоого жөндөмдүүлүктөрүн жана жашоо ыңгайлуулуктарын көрсөтүштү» [37, 107-б.]. Автордун бул аныктамасын негизинен колдоо менен алардын «жашоого жөндөмдүүлүктөрүн жана жашоо ыңгайлуулуктарын көрсөтүшкөн» акыркы «артыкчылыктары» менен толук макул боло албайбыз: тарыхта ар кандай (анын ичинде табигый, социалдык, экономикалык, экологиялык, саясий) себептерге байланыштуу такыр жок болуп кеткен же макамын «төмөндөткөн» шаарлар мисалга көп десек болот. Алсак, 1979-жылы шаар макамын алган Украинадагы Припять шаары (СССРдеги маанилүү атомограддардын бири) 1986-жылдагы Чернобыль АЭСнин жарылуусунан улам өзүнүн жашоосун токтоткон.

Дагы бир жаңы көз караштты да мисал катары келтирсек, А.К.Манджиевдин оюу боюнча, шаар калкынын эмгектенүү жааты боюнча басымдуу бөлүгүнүн айыл чарбасы менен байланышпаган жана функциясы өнөр жайлык өнүгүү же жакын жайгашкан райондорду (анын ичинде айыл чарбасы багыты боюнча) тейлөө милдеттери, транспорттук байланыштардын өнүгүүсү менен аныкталган өз алдынча чарбачылык чөйрөсүнө ээ болгон калктуу пункт болуп саналат [62, 4-б.]. Жаңы шаарларды түзүү жана аларды мыйзамдык актылар менен тастыктоодо бул белгилер башкы аныктоочу критерийлер болгон деген автордун пикирине кошулабыз.

Ал эми айрым кыргыз илимпоздору шаарга мындайча классикалык аныктама беришет: "бул элдер компактуу (чогуу-чаран) жашаган тургун жай, анда жашагандар негизинен өнөр жайда, курулушта, тейлөө тармагында, башкарууда, илимде, маданиятта, билим берүүдө, саламаттыкты сактоодо жана башка экономиканын тармактарында эмгектенгендердин тобун түзүп,

өндүрүштүк фондулардын концентрацияларынын (топтолушунун) талап кылгандар болуп саналат” [28, 95-б.]. Аныктаманын жалпы мааниси менен макул болуу менен катар айрым тактоону киргизип кетебиз: биринчиден, тейлөө тармагы аталгандан кийин башкаруу, илим, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо сыяктуу тармактарды тизмектеп келтирүүнүн кажети жок, анткени, алар тейлөө тармагынын курамына киришет; экинчиден, өндүрүштүк фондулардын топтолушу шаарды аныктоочу критерий эмес, анткени, айыл чарбасы да ага кирип кетет, ошондуктан өнөр жай өндүрүш фонду деп белгилөө талапка ылайык.

Өлкөбүздүн тиешелүү мыйзамдарында шаар “жергиликтүү коомчулук Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруучу республикалык, областтык жана райондук маанидеги шаарлар, ошондой эле шаар тибиндеги поселок түрүндөгү админстрациялык-аймактык бирдик” деп аныкталат [33]. Чындыгында бул аныктама шаардын маани-маңызын бере албайт, эч кандай критерийге жооп бербейт. Анан да шаар тибиндеги поселок да кошулуп калганы түшүнүксүз.

Жогорку жана башка мисалдарды талдоо менен биз өзүбүздүн аныктаманы сунуш этебиз: *шаар – бул калкынын саны 10 миңден ашуун болгон, калкынын басымдуу бөлүгү айыл чарбасы менен байланышпаган тармактарда алектенген жана тиешелүү инфраструктурага ээ болгон калктуу конуш.* Бул аныктамага төмөнкүдөй түшүндүрмө берип кеткенибиз оң: шаардын аныктамасында сөзсүз түрдө төмөнкү чекти көрсөтүү максатка ылайык жана бул мыйзам түрүндө бекитилиши зарыл (ал эми БУУ урбанизацияны жөнгө салуу максатында 20 миңден ашуун калкы бар конуштарды шаар деп эсептөөнү сунуштайт [6, 113-б.]); айыл чарбасы менен байланышпаган тармактарга өнөр жай, курулуш жана кызматтар чөйрөсү бардык тармактары менен кирет (албетте, транспорт жана соода чечүүчү мааниге ээ); шаар өнүккөн өндүрүштүк жана социалдык инфраструктурага ээ: кабаттуулук мүнөзгө ээ архитектуралык түзүм,

жүргүнчүлөрдү ташуучу транспорт системасы, бирдиктүү турак-жай-коммуналдык чарбасы, башкаруу институттарынын иштеши ж.б.

“Шаар” түшүнүгүн чечмелеген соң шаарларды классификациялоо жана типтештирүү маселелери жатат. Мында шаарлардын башкы детерминанттары катары алардын көлөмү, калкынын саны жана функционалдык профили (тигил же бул шаар өзүнүн өлкөсүнүн өнүгүшү үчүн кандай негизги функцияларды аткарат) алынды [39, 73-б.].

Классификациялоо эрежесине ылайык, шаарлар калкынын саны боюнча бир нече категорияларга бөлүнөт. Бул багытта биринчилерден болуп В.П.Семенов-Тян-Шанский иш алып барып, төмөнкү таблицаны сунуштаган (3.1-табл.) [94].

3.1-таблица - Калкынын саны боюнча шаарлардын классификациясы*

| Шаар конушунун классы | Калкынын саны боюнча көлөмү, миң адам |
|---|---|
| Борбор шаарлар | 1000 жана андан көп |
| Ири шаарлар | 100-1000 |
| Чоң шаарлар | 40-100 |
| Орто шаарлар | 10-40 |
| Кичи шаарлар | 5-10 |
| Шаарчалар | 1-5 |

**В.П.Семенов боюнча*

Албетте, бул классификация максаты боюнча туура болгону менен урбанизациялык процесстин өзгөрүүсү менен сандык критерийи боюнча эскирди. Практика көрсөткөндөй, борбор шаар макамына сөзсүз түрдө 1 млн дон ашуун калкка ээ болбой, андан калкы аз шаар болуп калышы мүмкүн (мисалы, Австралия, Бразилия ж.б.). Ал эми КРнын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-декабрындагы “Кыргыз Республикасынын Шаар куруу кодексинин долбоору жөнүндө” № 711 токтомунда шаарлар калкынын саны боюнча төмөнкүдөй классификацияланат (башкача айтканда, 5 категорияга бөлүнөт) (3.2-табл.) [46]:

3.2-таблица – Кыргыз Республикасында шаарлардын калкынын саны боюнча классификациясы

| Шаар конушунун классы | Калкынын саны боюнча көлөмү, миң адам |
|---|---|
| өтө ири шаарлар | 1000 жана андан ашык |
| ири шаарлар | 250-1000 |

| | |
|---|---|
| чоң шаарлар | 100-250 |
| орто шаарлар | 25-100 |
| чакан шаарлар | 10-25 |

Территориясы жана калкынын саны боюнча чакан өлкө эсептелген Кыргызстан үчүн шаарларды мындайча бөлүү туура эмес. Биздин шартта шаарларды 3 категорияга бөлүү талапка туура келет жана төмөнкү бөлүүнү сунуштайбыз (3.3-табл.):

3.3-таблица - Кыргыз Республикасында шаарлардын калкынын саны боюнча классификациясы*

| Шаар конушунун категориясы | Калкынын саны боюнча көлөмү, миң адам |
|---|---|
| чоң шаарлар | 250 жана андан жогору |
| орто шаарлар | 50-250 |
| кичи шаарлар | 10-50 |

**автор тарабынан түзүлгөн*

Дүйнөлүк урбанизацияга ылайык азыркы мезгилде Кыргызстанда ири шаарлар пайда боло элек. Демек, биздин изилдөө объектибиз болгон кичи шаарлардын калкынын санынын чеги тууралуу айтып кетсек, аны көп окумуштуу-адистер колдоп келишет. Алсак, орус илимпоздору Ю.Л.Балюшина [7, 25-б.], О.В.Бондарская [12, 19-б.], В.В.Кафидов [40, 4-б.] ж.б. кичи шаарларга 20 миңден 50 миңге чейин калкы бар конуштарды кошот. Ушундай эле чекти украин жана молдаван адистери да колдошот [10, 3-б.; 30, 97-б.]. Ошентип, көпчүлүк 50 миңге чейинки калкы бар шаарларды кичи шаарлар деп түшүнүшөт.

Кичи шаарларга өзүнчө да мындайча аныктама берилет: кичи шаар – жаңы экономикалык шарттарда жергиликтүү деңгээлде өз алдынча башкаруу, уюштуруучулук-чарбалык жетекчилик жана калкты маданий-турмуш-тиричилик жактан тейлөө функцияларын аткаруучу калктын аймактык жайгашуу системасынын жаңы элементи [38, 25-б.]. Биздин оюбузча, шаар түшүнүгүн аныктаган соң кичи шаарга аныктама берип отуруунун кажети жок. Себеби, аны ажыратуунун эң негизги критерийи калкынын саны болуп кала берет. Ал эми тармактар структурасы, шаар түзүүчү тармагы, инфраструктурасынын өнүгүү деңгээли ж.б. мөнүздөмөлөрү боюнча орто жана ири шаарлардан кескин деле айырмаланбайт (сандык, көлөмдүк жана

сыйымдуулук көрсөткүчтөр боюнча гана айырмаланышы мүмкүн). Болгону «кичи шаар» түшүнүгү тарыхый (келип чыгуу) жактан «айыл» же «шаар тибиндеги поселок» түшүнүктөрү менен тыгыз байланышканын белгилеп өтөбүз.

Шаарлардын типологиясы, башкача айтканда, аткарып жаткан фунциясына карап тибин аныктоо – татаал маселе. Алсак, В.В.Кафидов шаарларды типтештирүүнүн негизи катары шаарларда калктын жумуш менен камсыз болуусунун структурасын, ошондой эле шаар түзүүчү ишканалардын өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн профилин аныктоочу адистешүүсүн карайт. Мындай функционалдык белги боюнча Россиядагы шаарларды төмөнкүчө бөлөт: территориялардын административдик борборлору, өнөр жайлык, ресурс казуучу (өндүрүүчү), агроөнөр жай шаарлары, транспорттук түйүндөр жана порттор. Ошондой эле курорттук шаарларды, илимий шаарларды, жабык административдик-территориялык түзүлүштөрдү өзгөчө карайт [40, 7-б.].

Шаарларды типтештирүүнүн татаалдыгы айрыкча урбанизация анча өнүкпөгөн Кыргызстанга таандык. Албетте, СССР учурундагы биздин шаарлардын типологиясы азыркы мезгилге такыр туура келбей калды жана шаар түзүүчү тармактардын жок болушу менен бир типтеги шаарды (моношаарды) табуу кыйын. Мында өндүрүштүк (өнөр жайлык, курулуштук), транспорттук, социалдык, маданий ж.б. функциялардын айкалышы чечүүчү ролду ойнойт. Мына ушуга карап, биз өлкөнүн түштүк аймагындагы кичи шаарлардын төмөнкү функционалдык-типологиялык топторун сунуш этебиз (3.4-табл.):

3.4-таблица - Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарларды функционалдык-типологиялык топторго бөлүү*

| Типтештирүүнүн 1-деңгээлдеги критерийи | Типтештирүүнүн 2-деңгээлдеги критерийи | Типтештирүүнүн 3-деңгээлдеги критерийи | Караган шаарлар |
|---|---|---|---|
| Генезистик | Эски шаарлар | | Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Таш-Көмүр |
| | Орто жаштагы шаарлар | | Кара-Суу, Кара-Көл, Майлуу-Суу |
| | Жаңы шаарлар | | Айдаркен, Баткен, Исфана, Кадам- |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Жай, Кербен, Кочкор-Ата, Ноокат, Токтогул |
| Функционалдык | Административдик (башкаруу) | Областтын борбору | Баткен |
| | | Райондун борбору | Баткен, Исфана, Кадам-Жай, Кара-Суу, Кербен, Ноокат, Токтогул |
| | Өнөр жайлык (өндүрүштүк) | Көмүр өндүрүшү | Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Таш-Көмүр |
| | | Мунай-газ өндүрүшү | Кочкор-Ата |
| | | Гидроэнергетика | Кара-Көл |
| | | Түстүү металлургия | Айдаркен, Кадам-Жай, Таш-Көмүр |
| | | Электротехникалык өндүрүш | Майлуу-Суу |
| | | Айыл чарба сырьесун иштетүү | Баткен, Исфана, Кара-Суу, Кербен, Ноокат |
| | Инфраструктуралык (тейлөө, камсыздоо) | Транспорттук | Кара-Суу, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр |
| | | Соодалык (рыноктук) | Баткен, Кара-Суу |
| | | Билим берүүчүлүк жана илимий | Баткен, Кара-Көл, Майлуу-Суу, Сүлүктү |
| | | Рекреациялык | Кадам-Жай, Кочкор-Ата, Токтогул |
| Географиялык абалы | Борборго жакын | Жакын | Кара-Суу, Ноокат, Токтогул |
| | | Салыштырма жакын | калган шаарлар |
| | | Перифериялык | Исфана, Кербен, Сүлүктү |
| | Мамлекеттик чек арага жакын | Жакын | Айдаркен, Баткен, Исфана, Кадам-Жай, Кара-Суу, Кербен |
| | | Салыштырма жакын | Кочкор-Ата, Майлуу-Суу, Ноокат, Сүлүктү, Таш-Көмүр |
| | | Алыс | Кара-Көл, Көк-Жаңгак, Токтогул |
| | Транспорттук абалы | Республикалык автотрассанын боюнда | Баткен, Исфана, Кадам-Жай, Кара-Көл, Кочкор-Ата, Ноокат, Таш-Көмүр, Токтогул |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Жергиликтүү автотрассанын боюнда | Айдаркен, Кара-Суу, Кербен |
| | | Туюк абал | Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу, Сүлүктү |

**автор тарабынан түзүлгөн*

Көрүнүп тургандай, каралып жаткан аймактын кичи шаарларын келип чыгуусу (генезистик критерийи) боюнча 3 топко бөлүүгө болот: эски шаарлар же 1950-жылга чейин пайда болгондор (Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Таш-Көмүр), орто жаштагы шаарлар же 1950-2000-жылдардын аралыгында пайда болгон шаарлар (Кара-Суу, Кара-Көл, Майлуу-Суу) жана жаңы шаарлар же 2000-жылдан кийин пайда болгон шаарлар (Айдаркен, Баткен, Исфана, Кадам-Жай, Кербен, Кочкор-Ата, Ноокат, Токтогул).

Шаарлардын типологиясында функционалдык критерий башкы мааниге ээ экендигинде талаш жок, себеби, бул критерий шаардын аймактагы, коомдогу маани-маңызын жана кызматын аныктап турат. Албетте, көпчүлүк шаарлар көп функционалдык кызматты аткарат. Бирок ошондой болсо да бул критерий боюнча төмөнкү топторго бөлүүнү туура көрдүк: административдик критерийди облласттын борбору (Баткен) жана райондун борбору (Баткен, Исфана, Кадам-Жай, Кара-Суу, Кербен, Ноокат, Токтогул) катары карадык; өнөр жайлык критерий менен көмүр (Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Таш-Көмүр), мунай жана газ (Кочкор-Ата), гидроэнергетика (Кара-Көл), түстүү металлургия (Айдаркен, Кадам-Жай, Таш-Көмүр, мында акыркыны жергиликтүү бийлик тарабынан кремнийди өндүрүү ишканасын кайра жандандыруу аракеттери болуп жатканын эске алуу менен коштук), электротехникалык өндүрүш (Майлуу-Суу) жана айыл чарба сырьелорун кайра иштетүү (Баткен, Исфана, Кара-Суу, Кербен, Кочкор-Ата, Ноокат) тармактарына бөлдүк.

Тажрыйба көрсөтүп тургандай, шаар канчалык көп функцияларды аткарса, анын өнүгүү келечеги ошончолук айкын болот. Эң негизгиси бир функцияны аткарган (мисалы, тоо-кен казып алуу) жана тармактык структурасы бар шаарлар келечектүү өнүгүү үчүн жакшы потенциалга ээ. Эреже катары, райондук

борборлор ар тараптуу багыттагы жана функционалдык мүнөздөгү шаарлар болуп эсептелет. Мындай шаарлар кесипкөй тажрыйбасы менен даярдалган өндүрүштүк аянтчаларга ээ, алар капиталды жана инвестицияларды тартуунун фактору болуп калышы мүмкүн. Айрым шаарлардын кошумча артыкчылыктарына орто жана жогорку билим берүүчү жайларды жайгаштыруу менен шартталган калктын билим деңгээли жана маданияты кирет (Баткен, Кара-Көл, Кочкор-Ата, Майлуу-Суу, Сүлүктү).

Инфраструктуралык критерийди транспорттук (Кара-Суу, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр, бирок жакынкы келечекте Көк-Жаңгак жана Таш-Көмүр шаарларынын темир жол бутактары толук кандуу ишке кириши зарыл), соодалык-рыноктук (Баткен, Кара-Суу), билим берүүчүлүк жана илимий (Баткен, Кара-Көл, Кочкор-Ата, Майлуу-Суу, Сүлүктү, бул шаарларда жогорку окуу жайлары же алардын филиалдары жайгашкандыгы эске алынды жана алар өз кезегинде шаарды сактап калуу себебин аткарышты десек болот), рекреациялык (Кадам-Жай, Кочкор-Ата, Токтогул) топторго бөлүү менен карадык. Шаарлардын географиялык жайгашуусу – алардын экономикалык-географиялык мүнөздөмөсүн аныктоодогу маанилүү критерий жана бул боюнча "борборго жакын" (Бишкек жана Ош шаарларына болгон аралыкты эске алуу менен) жана "мамлекеттик чек арага жакын" деп, 2 топто карадык. Албетте, 1-топто перифериялык топту да көрсөттүк, ага Исфана жана Сүлүктү шаарлары кирди.

Шаардын «коңшулук» абалын, башкача айтканда бизди курчап турган чөйрөнүн мүнөзүн өзгөчө бөлүп кароо зарыл [9, с. 113]. Ушуга байланыштуу каралып жаткан шаарлар (Кара-Көл, Көк-Жаңгак жана Токтогул шаарларын эске албаганда) коңшу мамлекеттердин базарларына 100 км аралыктан ашпаган эң ыңгайлуу (жагымдуу) аралыкта жатышат. Бирок, азыркы учурда Тажикстан менен Өзбекстандын ортосундагы мамлекеттик чек аралардын белгисиздигинен улам көпчүлүк жерлерде бул мүмкүнчүлүк, тескерисинче, эки тараптуу мамилелерде, аймактын туруктуу өнүгүшүнө терс фактор болуп саналат жана ошондой эле көп учурда жүк контрабандасына өбөлгө түзөт.

Ал эми транспорттук абалы боюнча 3 топко бөлдүк: республикалык маанидеги автотрассанын боюнда, жергиликтүү автотрассанын боюнда жайгашкан жана туюк абалдагы шаарлар (3.2-параграфта кеңири берилет).

Кээ бир шаарлар бир эле мезгилде бир нече топторго (Баткен, Кара-Суу, Ноокат, Таш-Көмүр ж.б.) кирип кеткени маалым болду. Ошондой эле көп функционалдуу шаарлар ыңгайлуу экономикалык-географиялык абалына, административдик жана социалдык-демографиялык негиздерине карап, бүгүнкү күндө шаар чарбаларынын комлекстүү өнүгүүсүнө ээ. Ал эми шаар түзүүчү факторлору өтө кууш болгон айрым шаарлардын (мисалы, Көк-Жаңгак) абалы азыр деле жакшы эмес.

Ошентип, салыштырмалуу көп функционалдуу (административдик, өнөр жайлык, транспорттук ж.б.) структуралары бар шаарлардын артыкчылыктуу экономикалык-географиялык абалы, административдик, ошондой эле социалдык-экономикалык базасы бүгүнкү күндө шаар чарбаларын интеграцияланган өнүгүү тенденцияларына ээ кылууда, алардын ар тараптуу өнүгүү көрсөткүчтөрүндө оң өзгөрүүлөр басымдуу. Бирок шаар түзүүчү бирден-бир функциясы болуп (мисалы, көмүр кендерин иштетүү), моноадистештирилген шаарларда кырдаал дагы деле татаал бойдон калууда.

Акырында белгилеп кетүүчү маселе, расмий жана адабий булактарда Кадам-Жай шаары “Кадамжай” деп, бирдиктүү жазылып жүрөт. Бул географиялык аталыштарды жазуу эрежесине туура келбейт жана биз бул аталыштын туура жазылышын талап кылуу менен тиешелүү жерлерде “Кадам-Жай” деп жазылуусун сунуштайбыз.

## 3.2. Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын экономикалык-географиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрү

Ооба, акыркы мезгилдерде дүйнө өлкөлөрүндө, анын ичинде мисалга келтирсек, Россияда калктын негизги бөлүгү ири шаарларда топтолуп жаткандыгына байланыштуу “кичи шаарлардын доору өттү” деген ой-пикирлер

колдоого алынып келет. Мында негизги тартуучу күч болуп миллионер-шаарлар чыгып жаткандыгы анык [30, 98-б.]. Бирок урбанизация боюнча белгилүү окумуштуу Г.М.Лаппо 1926-2010-жылдар аралыгында кичи шаарлардын саны эки эсеге, али эми алардын калкынын саны 3,4 эсеге өскөнүн эске алып, XX кылымда да алардын зарылдыгын белгилеп өткөн [53]. Биздин оюбузча, азыркы кылымда да кичи шаарлардын өлкө, анда жашаган калк үчүн демографиялык, социалдык (анын ичинде маданий), экономикалык жана коомдук-саясий мааниси сакталып гана калбастан, күчөп отурат.

Мына ушундан улам Кыргызстандын, анын түштүк бөлүгүнүн шартында кичи шаарлардын доору келгендигин белгилеп кетебиз. Алсак, 2020-жылдын 1-январына карата өлкөдө жайгашкан 31 шаардын ичинен 24 бирдик кичи шаарларга тиешелүү (77,4%). Ал эми жалпы шаардык жашоочулардын саны 2271,4 миң кишини (республиканын жалпы калкынын 35,5%ы) түзсө, анын 25%ы (567,7 миң) кичи шаарлардын жашоочуларына таандык.

Аймактагы биз карап жаткан кичи шаарлар экономикалык-географиялык абалына (ЭГА) карата жалпы да, спецификалык да белгилерге ээ.

Алсак, өлкөнүн түштүк аймагынын территориясы негизинен дүйнөдөгү калк эң жыш отурукташкан, Борбор Азиядагы урбанизацияланган аймактардын бири болгон Фергана өрөөнүндө жана аны курчап турган ири тоо кыркаларынын (Алай, Кичик-Алай, Түркстан, Чаткал, Фергана ж.б.) этектеринде жайгашкан. Мына ушуга ылайык өлкөнүн бул аймагы Борбордук Азия масштабындагы калк жыш отурукташкан жана шаар конуштары өнүккөн чөлкөм болуп эсептелет. Айрым шаарлардын пайда болуу тарыхы байыркы замандардан башталат. Ош жана Өзгөн сыяктуу тарыхый шаарлар Улуу Жибек жолунун алкагында маанилүү траспорттук-соода борборлору катары пайда болгон.

Административдик жактан Кыргызстандын түштүк аймагы 4 административдик-территориялык бирдикти (Ош шаары жана Баткен, Жалал-Абад жана Ош областтары) өз ичине камтып, аларда 18 шаар орун алган. Биздин классификация боюнча, 18 шаардын 14ү (Ош, Жалал-Абад, Өзгөн жана Кызыл-

Кыя шаарларынан тышкары) чакан, калкынын саны 10дон 50 миң адамга чейин шаар конуштары болуп эсептелет (3.5-табл.).

3.5-таблица – Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлар боюнча жалпы маалыматтар*

| Шаардын аталышы | Шаар статусун алган жыл | Административдик таандыгы | Калкы (2020-жылдын 1-январына карата) |
|---|---|---|---|
| *Баткен областы* | | | |
| Айдаркен | 2012 | Райондук мааниде | 11 920 |
| Баткен | 2000 | Облasттык мааниде | 30 976 |
| Исфана | 2012 | Райондук мааниде | 33 598 |
| Кадам-Жай | 2001 | Райондук мааниде | 13 759 |
| Сүлүктү | 1940 | Областтык мааниде | 23 765 |
| *Жалал-Абад областы* | | | |
| Кара-Көл | 1977 | Областтык мааниде | 26 560 |
| Кербен | 2004 | Райондук мааниде | 29 109 |
| Кочкор-Ата | 2003 | Райондук мааниде | 17 177 |
| Көк-Жаңгак | 1943 | Райондук мааниде | 11 966 |
| Майлуу-Суу | 1956 | Областтык мааниде | 25 794 |
| Таш-Көмүр | 1943 | Областтык мааниде | 43 782 |
| Токтогул | 2012 | Райондук мааниде | 20 232 |
| *Ош областы* | | | |
| Кара-Суу | 1960 | Райондук мааниде | 26 060 |
| Ноокат | 2003 | Райондук мааниде | 17 536 |

**автор тарабынан түзүлгөн*


3.5-таблицада көрүнүп тургандай, аймактын кичи шаарларынын ичинен 5 шаар областтык, калгандары райондук мааниде. Алардын ичинен 6 шаар совет мезгилинде негизделген: Кара-Көл, Кочкор-Ата, Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу жана Таш-Көмүр шаарларынын келип чыгышы түздөн-түз өнөр жайлык себепке ээ; ал эми Кара-Суу шаары өнүгүү тарыхы боюнча айырмаланып, мурунку айыл конушунун негизинде автомобиль жана темир жол линияларынын кесилишинде жайгашуу абалына жараша өнүккөн. Калган кичи шаарлар Кыргыз Республикасынын көз карандысыз мамлекет болгондон кийин, тагыраак айтканда, 2000-жылдан баштап пайда болгон. Калкынын саны боюнча кичи шаарлардын “ирилери” болуп Таш-Көмүр (43,7 миң киши), Исфана (33,5 миң) жана Баткен (30,9 миң) шаарлары эсептелет. Калкынын саны аз шаарларга Айдаркен жана Көк-Жаңгак кирет (11,9 миңден калкы бар). Тарыхый жактан алганда эң эски шаардык конуш болуп Сүлүктү (шаар статусун 1940-жылы

алган) эсептелет, ал жерде 1868-жылдан бери көмүр казылып, аймакта биринчи жумушчу класстары түзүлгөн. Албетте, совет мезгилинде пайда болгон бардык шаарлар индустриалдык негизге ээ: Кара-Көл, Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу, Таш-Көмүр, Сүлүктү (Кара-Суудан башкасы). Ошол эле учурда 8 шаар салыштырмалуу жаш, алар 2000-жылдан кийин –эгемендүүлүк доордо шаар статусун алышты.

Ооба, бул кичи шаарлар келип чыгышы, өнүгүүсү, архитектурасы, чарбасы, салт-санаалары ж.б. касиеттери боюнча өзгөчөлөнүп, тиешелүү территориялардын социалдык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүшүндө чечүүчү ролду ойноп келет. Ошондой эле бул шаарлар кандайдыр бир тарыхый окуялардын күбөсү, Кыргызстанда жашаган элдердин маданий көрүнүштөрүн сактоочусу катары кабыл алынат. Анткен себеби, окумуштуулар белгилегендей, кичи шаар – "бул калк жайгашкан түзүм гана эмес, провинциянын маданий жана экономикалык борбору, анын жашоосун көп жактан уюштуруп, ар түрдүү ресурстарды топтоп жана территориянын өнүгүүсүнүн флагманынын ролун аткарып турат. Шаардын эффективдүү өнүгүшүнөн курчап турган территориянын гүлдөп өсүүсү жана дагы бир чоң мааниси, андагы элдердин жыргалчылыгы көз каранды" [7, 25-б.].

Мына ушуга байланыштуу изилденип жаткан аймактагы кичи шаарлардын географиялык жана тарыхый өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө ылайык республиканын, түштүк аймактын жана жалпы Фергана өрөөнүнүн комлекстүү өсүп-өнүгүүсү үчүн алардын социалдык, экономикалык, экологиялык жана саясий потенциалдарын аныктоо жана экономикалык-географиялык жактан талдоо мезгилдин актуалдуу маселеси болуп саналат.

Ал үчүн адегенде изилденип жаткан кичи шаарлардын зоналдык (горизонталдык) (3.1-карта) жана бийиктик (вертикалдык) (3.1-сүрөт) жайгашуусун карап өтүү иштин максатына ылайык болот.





**3.1-карта. Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын географиялык жайгашуусу жана транспорттук байланышы**

3.1-картада көрүнүп тургандай, Кара-Көл жана Токтогул шаарлары гана ички территорияда, башкача айтканда, биринчиси Фергана кырка тоосунун түндүк учунда Кара-Суу дарыясынын кууш алабында, ал эми экинчиси Кетмен-Төбө өрөөнүнүн түндүк бөлүгүндө жайгашса, калган шаарлар Фергана өрөөнүнүн четки алкактарында орун алышкан. Албетте, аймактын орографиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша шаарлардын географиялык жайгашуусу алардын ар түрдүү дэңгээлдеги мүмкүнчүлүктөргө ээ транспорттук-географиялык абалдарын аныктайт. Алсак, каралып жаткан шаарларды түндүктөн түштүккө карай карасак, көбү (Токтогул, Кара-Көл, Таш-Көмүр, Кочкор-Ата, Ноокат, Кадам-Жай, Баткен, Исфана) республикалык маанидеги автотрассанын боюнда жайгашуу менен географиялык абалдарынын кандайдыр бир деңгээлде ыңгайлуулугун далилдеп, бир топ социалдык-экономикалык кудуретке ээ. Айдаркен, Кара-Суу жана Кербен жергиликтүү автотрассанын боюнда жайгашкан. Ал эми туюк абалдагы шаарларга Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу

жана Сүлүктү кирип, бул алардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жагымсыз табигый (антропогендик) факторлор менен чектейт. Өзбекстанга караштуу Советабад аркылуу өткөн Ош-Жалал-Абад жолу жабылгандан бери Кара-Суу шаары деле дээрлик ушундай абалда турат десек болот. Кара-Суу, Көк-Жаңгак жана Таш-Көмүр шаарлары Өзбекстандын темир жол тармагына туташкан. Баткен, Исфана жана Кербенде республиканын борбору менен байланыштырган жергиликтүү аэропорттор бар.

Географиялык жактан кичи шаарлар тең жарымдан Фергана өрөөнүнүн түндүк жана түштүк бөлүктөрүндө жайгашкан жана 3.1-сүрөттө Кыргызстандын түштүк аймагындагы шаарлардын деңиз деңгээлине карата бийиктик жайгашуу абалы берилди.




3.1-сүрөт. **Кыргызстандын түштүгүнүн кичи шаарларынын деңиз деңгээлине карата жайгашуу абалы***

**автор тарабынан түзүлгөн*

Схемада көрүнүп тургандай, физикалык-географиялык жактан алганда, каралып жаткан аймактын кичи шаарлары деңиз деңгээлинен ар түрдүү чекиттерде жайгашкан, башкача айтканда, бийиктиги 585 м ден (Таш-Көмүр) 1980 м ге (Айдаркен) чейин өзгөрүлүп турат. Бийиктиктин жалпы айырмасы 1395 м ди түзөт, бул өлкөнүн борборунан, райондук борбордон жана ири рыноктордон алыстыгы сыяктуу факторлор менен катар автомобилдердин жүк жана жүргүнчүлөрдү ташуудагы орточо техникалык ылдамдыгына түздөн-түз

таасир этет. Ошондой эле КР Өкмөтүнүн атайын токтомуна ылайык бул шаарлардын ичиенен Айдаркен (райондук коеффициент 1,20) жана Токтогул (райондук коеффициент 1,15) шаарлары бийик тоолуу же алыскы зоналар катары эсептелип, алардын жашоочулары айлык акыларына кошумча жана башка социалдык төлөмдөрдү алуу укуктарына ээ [83].

Изилденүүчү кичи шаарлардын зоналдык жана бийиктик жайгашуу абалдарын эске алуу менен 3.6-табл. алардын негизги географиялык көрсөткүчтөрү берилди.

3.6-таблица – Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын географиялык көрсөткүчтөрү*

| **Шаардын аталышы** | **Деңиз деңгээлинен бийиктиги, м** | **Борборго чейинки аралык, км** | **Областтык борборго чейинки аралык, км** | **Чет элдик рынокторго жакындыгы, км** |
|---|---|---|---|---|
| Айдаркен | 1 980 | 683 | 57 | 74 |
| Баткен | 1 036 | 908 | 0 | 21 |
| Исфана | 1 350 | 1 037 | 129 | 61 |
| Кадам-Жай | 1 030 | 801 | 107 | 30 |
| Кара-Көл | 930 | 399 | 203 | 116 |
| Кара-Суу | 780 | 658 | 21 | 55 |
| Кербен | 1 280 | 517 | 175 | 69 |
| Кок-Жаңгак | 1 330 | 598 | 30 | 133 |
| Кочкор-Ата | 600 | 518 | 56 | 53 |
| Майлуу-Суу | 1 000 | 523 | 92 | 58 |
| Ноокат | 1 302 | 708 | 43 | 91 |
| Сүлүктү | 1 380 | 1 055 | 146 | 55 |
| Таш-Көмүр | 585 | 452 | 120 | 79 |
| Токтогул | 988 | 276 | 295 | 254 |

**автор тарабынан түзүлгөн*

Кийинки изилдөөлөрдө бул маалыматтардын негизинде тиешелүү талдоолорду жүргүзөбүз.


Шаарлардын калкынын саны – экономикалык-географиялык талдоодогу эң маанилүү жана көп тиешелүү белгилерди аныктоочу көрсөткүч. Мына ушуга ылайык эми кичи шаарлардын калкынын сан жагынан өзгөчөлүктөрүнө талдоо жасап көрөбүз (3.7-табл.).

3.7-таблица – Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын калкынын структурасы, адам

| Шаардын аталышы | Шаар калкы | Айыл калкы | Жалпы саны | Айыл калкынын үлүшү, % |
|---|---|---|---|---|
| Айдаркен | 11 920 | - | 11 920 | 0 |
| Баткен | 19 143 | 11 833 | 30 976 | 38,2 |
| Исфана | 22 601 | 10 997 | 33 598 | 32,7 |
| Кадам-Жай | 7 133 | 6 626 | 13 759 | 48,2 |
| Кара-Көл | 24 559 | 2 001 | 26 560 | 7,5 |
| Кара-Суу | 26 060 | - | 26 060 | 0 |
| Кербен | 18 474 | 10 635 | 29 109 | 36,5 |
| Көк-Жаңгак | 11 966 | - | 11 966 | 0 |
| Кочкор-Ата | 17 177 | - | 17 177 | 0 |
| Майлуу-Суу | 25 794 | - | 25 794 | 0 |
| Ноокат | 17 536 | - | 17 536 | 0 |
| Сүлүктү | 23 078 | 687 | 23 765 | 2,9 |
| Таш-Көмүр | 39 028 | 4 754 | 43 782 | 10,9 |
| Токтогул | 20 232 | - | 20 232 | 0 |
| Баары | 284 701 | 47 533 | 332 234 | 14,3 |

Адегенде Кыргызстандын жана түштүк аймактын калкынын сандык катнаштарын чыгарабыз: каралып жаткан кичи шаарлар калкынын саны боюнча өлкөнүн жалпы калкынын 5%ын, түштүк аймактын жалпы калкынын 9,6%ын, өлкөнүн жалпы шаар калкынын 14,2%ын, түштүк аймактын жалпы шаар калкынын 37,3%ын жана республикадагы кичи шаарлардын калкынын 58,1%ын түзөт.

3.2-картада түштүк аймактын кичи шаарларынын калкынын шаар жана айыл калктарынын үлүшү менен көрсөтүлдү.




**3.2-карта. Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын калкынын шаар жана айыл калктарынын катнашы***

******автор тарабынан түзүлгөн*

Келтирилген таблицаны жана картаны карап, “кичи шаар – айылдан шаарга өтмөк” деген түшүнүк туура экендигине ынанабыз. Анткени, шаарлардын тең жарымында (Баткен, Исфана, Кадам-Жай, Кара-Көл, Кербен, Сүлүктү жана Таш-Көмүр) калкынын курамында ар түрдүү өлчөмдө айылдык калк бар. Мисалы, мындай көрсөткүч Кадам-Жай шаарында – 48,2% (дээрлик калктын жарымы), Баткен шаарында – 38,2%, Кербен шаарында – 36,5%, Исфана шаарында – 32,7%. Ошентип, кичи шаарлардын калкынын курамындагы айыл калкынын жалпы үлүшү 14,3%ды түзөт.

Эми каралып жаткан теманын максатына ылайык ар бир областтын кичи шаарларына өзүнчө кыскача мүнөздөмө берип өтөбүз.

Кичи шаарлардын саны жана аларда жашаган калктын саны боюнча алдыңкы орунда Жалал-Абад областы турат: мында кичи шаарлардын тең жарымы орун алып, түштүк аймактагы бул типтеги шаарлардын калкынын жарымынан көбүн түзөт. Тактап айтканда, 7 шаарда 174, 6 миң киши жашайт. Келип чыгышы боюнча Көк-Жаңгак жана Таш-Көмүр шаарлары эски болуп,

1943-жылы экөө тең көмүр кендерин өздөштүрүүнүн негизинде пайда болгон. Калктын саны боюнча Таш-Көмүр шаары (43,7 миң киши) аймакта кичи шаарлардын сап башында туруп, ал эми Көк-Жаңгак шаары (11,9 миң) акыркы орундарды ээлейт. Бул область экономикалык (өндүрүштүк) себеп менен келип чыккан башка да шаарлары менен белгилүү: Кочкор-Ата, Майлуу-Суу (мунай жана газ кендерин өздөштүрүү) жана Кара-Көл (суу энергетикасын өздөштүрүү). Кербен жана Токтогул шаарлары – административдик маанидеги калктуу пункттар.

*Кара-Көл* 1962-жылы Орто Азиядагы эң ири Токтогул ГЭС гидротүйүнүн куруучуларынын поселогу катары негизделип, тоолор менен курчалган Кара-Суу дарыясынын капчыгайынын террасаларында жайгашкан. СССР таркагандан кийин ГЭСтер каскадын куруу иштеринин токтошу менен шаардын экономикасынын өсүүсү кескин төмөндөп, эмгекке жарамдуу калктын агылып кетүүсү жүргөн. Бүгүнкү күндө иштеп жаткан өндүрүштүк ишканаларга Нарын дарыясында ГЭСтерди эксплуатациялоочу компаниялар кирет. Шаар четинде табигый жана жасалма көлмөлөр бар жана алар балык чарбасында жана рекреацияда пайдаланылат.

*Кербен* Фергана өрөөнүнүн түндүк бөлүгүндө деңиз деңгээлинен 1280 м бийиктикте жайгашкан. Өндүрүш ишканаларына ар түрдүү цехтер (жыгач иштетүүчү, жемиштерди кургатуучуу, май чыгаруучу, пахта тазалоочу, тигүү ж.б.) таандык. Шаардын туристтик мүмкүнчүлүктөрү «Падыша-Ата» жана «Сары-Челек» сыяктуу белгилүү жаратылыш коруктарынын жакындыгы менен аныкталат. Ал чек арага жакын болгону менен жакын жерде Өзбекстан менен болгон көзөмөл-өткөрмө пункту жок.

*Көк-Жаңгак* Жалал-Абад областынын түштүк-чыгыш бөлүгүндө жайгашып, 1943-жылы көмүр кендерин өздөштүрүү башталган Орто Азиядагы эң эски көмүр казуучу борборлордун бири болуп саналат. Ошондуктан өнөр жай ишканалары негизинен көмүр казып алуу тармагы менен аныкталат. Алсак, 2002-жылы шаардын өнөр жай продукциясын дүң чыгарууда бир эле «Шахта Коргон-Таш» ачык типтеги акционердик коомунун үлүшү 70% ды түзгөн.

Белгилей кетсек, азыркы күндө шахталар авариялык шарттарда иштеп жатат, тоо-кен техникасынын эскилиги 70%ды түзөт. Мындан тышкары, машина куруу, металл иштетүү жана тамак-аш багытындагы өнөр жай ишканалары бар. Шаар «Саймалы-Таш» туристтик зонасына баруучу жолдо жайгашкан жана анын четинде «Малай» тоо-лыжа базасы бар. Андижан шаарынан (Өзбекстан) келген темир жол линиясынын акыркы пункту болуп саналат.

Азыркы учурда шаардын татаал социалдык-экономикалык абалы анын экономикасын жандандыруу, калкты жумуш менен камсыз кылуу жана социалдык инфраструктураны өркүндөтүүгө багытталган мамлекеттик атайын иш-чараларды жүргүзүүнү талап кылат.

*Кочкор-Ата* Фергана өрөөнүнүн түндүк бөлүгүндө деңиз деңгээлинен 600 м бийиктикте жайгашкан. Шаар Кыргызстандагы мунай жана жаратылыш газын өндүрүү борбору болуп эсептелет жана 2019-жылы 140000,0 т мунай жана 23000,0 миң куб м жаратылыш газы өндүрүлгөн [99]. Ошондой эле шаардын рекреациялык потенциалы жогору: термоминералдык булактардын базасында рекреациялык мекемелер иштейт, алардын ичинде «Керемет Resort» заманбап курорттук-ден соолукту чыңдоо борборун белгилеп өтүүгө болот.

*Майлуу-Суу* Бабаш-Ата тоосунун түндүк-батыш жагында окшош аталыштагы дарыянын өрөөнүндө жайгашкан. Шаардын өндүрүш чарбасына электротехникалык буюмдарды чыгаруучу заводдору (негизинен электр лампаларын өндүрүү боюнча), тигүү жана нан азыктарын даярдоочу ишканалары таандык. Шаардын айланасында мунай жана жаратылыш газы өндүрүлөт, Жалал-Абад жана Ош шаарларына карай газ түтүктөрү тартылган.

Аталган шаар Борбордук Азиядагы экологиялык жактан кооптуу район катары белгилүү. Андагы уран калдыктары көмүлгөн жайлар аймактын калкына жана бүт курчап турган чөйрөгө коркунуч жаратып турат.

*Таш-Көмүр* Кыргызстандын эң ири Нарын дарыясынын оң жээгинде орун алган. Бул өлкөнүн түштүгүндөгү кичи шаарлардын эң төмөнкү шаары (585 м бийиктикте жайгашкан). Шаар 1930-жылы Андижан-Наманган (Өзбекстан) багытында темир жолдун курулушунун натыйжасында көмүр бассейнинин

ачылышына байланыштуу шахтерлор поселогу катары пайда болгон. XX кылымдын 60-жылдарында гидроэнергетика тармагынын объектилеринин (Үч-Коргон жана Токтогул ГЭСтери) курулушу башталышы менен шаардын өнөр жай макамы кескин өзгөрдү. 1989-жылы шаарда жарым өткөргүч материалдар заводу – постсоветтик мейкиндиктеги эң ири кремний продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бири ишке киргизилген. Бирок СССР кулап, экономикалык байланыштар үзүлгөндөн кийин завод иштебей калды.

*Токтогул* Кетмен-Төбө өрөөнүндө Кыргызстандын эң ири болгон окшош аталыштагы суу сактагычтын (суу сыйымдуулугу 18 млрд куб м) түндүк бөлүгүндө жайгашкан. Бул шаарда чакан өндүрүш цехтерин кошпогондо салыштырмалуу чоң өнөр жай ишканалары жок. Маалыматтар боюнча, 2017-жылы аймактык (шаардык) дүң продукция структурасында өнөр жайдын үлүшү 18,6%ды, ал эми айыл чарбасынын үлүшү 10,1%ды түзгөн. Калган бөлүгүн акы төлөнүүчү кызматтар, товар алмаштыруу, капиталдык салымдар түзгөн [101]. Туризм жагынан алганда шаарды потенциалдуу деп эсептөөгө болот: ал географиялык жактан Бишкек-Ош автожолунун салыштырмалуу орто ченинде, Токтогул суу сактагычынын жээгинде жайгашкан; балык уулоо туризмин өнүктүрүүгө жана шаар атын алып жүргөн кыргыз эл акыны Т.Сатылгановдун туулуп-өскөн жерине фольклордук тур уюштурууга чоң мүмкүнчүлүктөр бар.

Баткен областына 114,0 миң кишиси бар 5 шаар таандык. Түштүк аймактагы эң эски шаар болуп эсептелген Сүлүктү шаарынан тышкары башка шаарлар салыштырмалуу жаңы болуп эсептелет (2000-жылдан кийин негизделген). Айдаркен жана Кадам-Жай шаарлары мурунку шаар тибиндеги поселоктордун негизинде 2012-жылы шаар макамдарын алышты. Алардын шаар түзүүчү ишканалары болуп совет мезгилинде калыптанган түстүү металлургия (сурма жана сымап өндүрүү боюнча) ишканалары болуп эсептелет. Баткен жана Исфана шаарлары административдик мааниге ээ.

*Айдаркен* Алай тоо кыркасынын түндүк капталындагы тоолор аралык ойдуңда орун алган. Баткен областынын өнөр жай борбору болуп, шаар түзүүчү Хайдаркан сымап заводу 1942-жылы Айдаркен, Чонкой, Чаувай ж.б. сымап руда

кендеринин негизинде түзүлгөн. Совет мезгилинде анын продукциясы сапаттын эталону деп эсептелгени баарыбызга белгилүү. 1999-жылы комбинат продукциянын эң жогорку сапаты үчүн Иштиктүү демилегелер жана бирикмелер боюнча эл аралык борбордун (Мадрид шаары) Эл аралык платина жылдызына ээ болгон [72, 6-б.]. Бирок, бар маалыматтар боюнча, 1990-жылы аталган ишкана жылына 800 т сымап өндүрсө, 2013-жылы болгону 300 т га жакын өндүргөн [98, с. 10]. Азыркы учурда акционердик коомго айланган бирден-бир комбинат дүйнөлүк рынокто сымаптын баасынын төмөндөшүнөн жана өндүрүштүн көлөмүнүн азайышынан улам кризис абалында турат.

Белгилей кетсек, Ош-Баткен айланма жолу курулуп бүткөндөн кийин Айдаркен туюк абалда болуп калды. Шаардын экономикалык- жана саясий-географиялык абалы Өзбекстандын Сох анклавы шаардан 10 км ге жакын аралыкта жайгашкандыгы менен аныкталат жана анын жашоочулары транзит менен бул шаар аркылуу өтүшөт. Шаардын туристтик потенциалы бир катар ресурстардын болушуна байланыштуу: Сел-Үңкүр үңкүрү, археологиялык табылгалар (мисалы, Орто Азиядагы байыркы адам турмушунун издери) ж.б.

*Баткен* окшош аталыштагы райондун жана областтын борбору катары Кыргызстандын түштүк-батышында, Ош шаарынан батышка карай 240 км аралыкта жайгашкан. Бул калктуу конуштун шаар жана административдик борбор макамын алуусу 1999-2000-жылдары өлкөнүн түштүк аймагына Тажикстан тараптан эл аралык террордук топтордун кол салуусунан соң Ош областынын батыштагы 3 районунун негизинде жаңы областтын түзүлүүсү менен шартталат (бирок өзүнчө область түзүү менен бул аймактын социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий (айрыкча чек арага байланыштуу) маселелери ойдогудай чечилген жок). Шаарда чакан кайра иштетүү, жыгач иштетүү жана жеңил өнөр жай ишканалары бар. Шаардык бюджетти калыптандырууда жергиликтүү базардын орду олуттуу. Туристтик жактан алганда Баткен шаары жана областы айгүл гүлү (лат. *Fritillāria eduárdii*) эндемик өсүмдүгү, өлкөдө даамы, сапаты жана пайдалуулугу боюнча теңдеши жок ширелүү өрүгү менен белгилүү десек туура болот.

*Исфана* – Лейлек районунун административдик борбору, Кыргызстандын түштүк-батыш чет-жакасында жайгашкан. Шаар деңиз деңгээлинен 1300 м бийиктикте орун алып, үч жагынан Түркстан тоо кыркасынын тарамдары менен курчалган. Бул шаарда бир катар өндүрүштүк ишканалар (негизинен тамак-аш багытында) жана тейлөө чөйрөсүнүн объектилери жайгашкан. Ошондой эле шаардын экономикасынын негизин 2 соода базары түзөт. Шаарда жана анын айланасында белгилүү туристтик жайлар жок. Бирок анын жакынкы келечекте лейлек килемин даярдоонун жана лейлек улуттук күрөш түрүн жайылтуунун негизинде этнографиялык туризм борборуна айланууга толук мүмкүнчүлүктөрү бар.

*Кадам-Жай* Фергана өрөөнүнүн түштүк бөлүгүндө жайгашкан. Шаар азыркы жана өткөн мезгилде райондун гана эмес, аймактын экономикасынын өнүгүшүнүн негизги фактору болуп саналган сурьма комбинатынын базасында поселок катары пайда болгон (бирок 2020-жылдын июнь айында комбинаттын сот тарабынан банкрот деп табылышы ишкананын иш-аракетин туңгуюкка алып келди). Демографиялык жактан шаардын өзгөчөлүгү – калктын көп улуттуулугу. Бирок СССРдин таркашынан жана шаардагы металлургиялык өндүрүштүн төмөндөшүнөн улам, мисалы, орус тилдүү калктын негизги бөлүгү Кыргызстандын чегинен чыгып кеткендигин белгилей кетүү керек. Туристтик мааниде алганда шаардын чегинде ичүүчү суу булагы жана рекреация объектиси катары пайдаланылуучу Жийделик көлү жайгашкан. Шаарда Мухаммед пайгамбардын күйөө баласы изин калтырган деген жайдын негизинде «Азирет-Али» тарыхый-маданий ансамбли түзүлгөн. Шаардын аталышынын келип чыгышы да ушул уламышка байланыштуу.

Географиялык жайгашкан жери боюнча Кадам-Жай шаары Өзбекстан Республикасы менен чектеш жерде жана анын калк жыш отурукташкан шаарларына (райондоруна) жакын жайгашкан (Водил, Фергана ж.б.). Бул чек ара соодасын жана эл аралык туризмди өнүктүрүүгө чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Бирок азыркы шартта чарбалык жана турмуш-тиричилик себептерден улам

болуп жаткан эки тараптуу конфликттер мындай кошуналык пайдалуу мамиле түзүүгө жол бербейт.

*Сүлүктү* шаары Түркстан кырка тоосунун түндүк капталындагы дөңсөөлүү чөлкөмдөрүндө жайгашкан. Шаар Борбордук Азиядагы эң байыркы көмүр казуу борборлордун бири болуп саналат. Болгон маалыматтар боюнча, мисалы, шаардагы 72 өнөр жай ишканасынын 35и тоо-кен казуу өндүрүшүнө таандык [100]. Мындан тышкары, тамак-аш азыктар багытындагы кайра иштетүүчү ишканалар иштейт. Совет мезгилинде бул шаар Тажикстандын Пролетарск станциясы менен кууш темир жолу аркылуу бириктирилген, бирок ал азыр жабык.

Ош областындагы 2 кичи шаарда каралып жаткан жылга 43,6 миң киши катталган.

*Кара-Суу* Фергана өрөөнүнүн чыгыш чет-жакасында, Ош шаарынан 20 км түндүк жагынан жайгашып, анын спутник шаары деп эсептелет (ошондуктан анын Оштун таасири менен өнүгүүгө шарттары бар). Кыргызстандагы калктын саны боюнча эң ири окшош аталыштагы административдик райондун (2020-жылдын башына карата калкы 440,4 миң адам) борбору. Шаардын экономикасынын негизин Борбордук Азиядагы ири базарлардын бири – «Кара-Суу» дүң жана чекене соода борбору түзөт жана ал өлкөнүн бүткүл түштүк аймагын жана Өзбекстан, ошондой эле Тажикстандын чектеш райондорун тейлейт. Шаар өнөр жай кудуретине ээ: пахта тазалоочу, май чыгаруучу жана нан бышыруучу заводдор бар.

Шаар совет доорунда жүргүнчүлөр жана жүк ташуучу темир жол, ошондой эле Ош-Жалал-Абад-Бишкек автожол түйүнү катары белгилүү болуп, СССР таркаган соң чек аралардын жабылышы менен мындай маанилүү ишмердүүлүгүн токтоткон (дээрлик туюк абалда калды). Шаар чек ара сызыгында орун алган: кыргыз-өзбек чек арасы шаар чегинен канал аркылуу өтүп, аты окшош өзбек шаарынан бөлүп турат.

*Ноокат* Кичик-Алай кырка тоосунун түндүк этегинде деңиз деңгээлинен 1300 м бийиктикте орун алган. Административдик борбор катары 2003-жылы

шаар макамын алган. Экономикалык жактан алганда шаарда эмерек, кийим-кече, кондитер жана нан өндүрүү боюнча ишканалар иштейт. Анын туристтик потенциалы ден соолукту чыңдоочу, диний жана спорттук мааниси бар «Сахаба» туристтик зонасына жакын, ошондой эле «Кыргыз-Ата» жана «Абшыр-Ата» туристтик зоналарына кетүүчү жолдо жайгашкандыгы менен байланыштуу.

Эми түштүк аймактын изилденип жаткан кичи шаарларынын экономикалык-географиялык абалына (ЭГА) талдоо жасайбыз. Бул үчүн аны транспорттук, өнөр жайлык, агрардык, рекреациялык, рыноктук жана инновациялык багыттарда ыңгайлуулук компоненттерине бөлүп, өзүнчө жана жалпы баалоо жүргүзөбүз. Демек, шаарлардын ЭГАын баалоону анын төмөнкү компоненттик структураларын баалоо аркылуу жүргүзүүгө болот: транспорттук-географиялык абал (ТГА), өнөр жайлык-географиялык абал (ӨГА), агрардык-географиялык абал (АГА), рекреациялык-географиялык абал (РГА), рыноктук абал (РА) жана инновациялык-географиялык абал (ИГА). Ооба, ЭГА түшүнүгүндө инновациялык абал (потенциал) биз үчүн жаңы болушу мүмкүн, бирок, биздин оюубузча, учурда кандай гана экономикалык-географиялык процесс (кубулуш) болбосун, ал негизги (аныктоочу) көрсөткүчтөрдүн бири болуп калыш керек. Анткени, инновациялык потенциал жаңы технологияларды түзүү жана жайылтуу борборлоруна карата абал катары аныкталат. Илим менен техниканы азыркы өнүгүү шарттарында тигил же бул шаардын өнүгүү деңгээлин аныктоодо ИГА жаңылыктарды жана идеяларды генерациялоочу маанилүү компонент катары саналышы керек.

Ошентип, өлкөнүн түштүгүндөгү кичи шаарлардагы ЭГАнын курамдык түзүмдөрүн баалоонун жыйынтыктары 3.8-табл. келтирилди.


3.8-таблица - Кыргызстандын түштүк бөлүгүндөгү кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалына компоненттер боюнча баалоо*

| | Айдаркен | Баткен | Исфана | Кадам-Жай | Кара-Көл | Кара-Суу | Кербен | Көк-Жаңгак | Кочкор-Ата | Майлуу-Суу | Ноокат | Сүлүктү | Таш-Көмүр | Токтогул |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ТГА | 2 | 3 | 3 | 3 | 4 | 4 | 3 | 2 | 4 | 2 | 3 | 2 | 4 | 4 |
| ӨГА | 4 | 2 | 2 | 4 | 4 | 3 | 2 | 3 | 4 | 4 | 2 | 3 | 4 | 2 |
| АГА | 4 | 4 | 4 | 4 | 2 | 4 | 4 | 3 | 4 | 2 | 4 | 2 | 3 | 4 |
| РГА | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 2 | 4 | 3 | 4 | 1 | 4 | 1 | 3 | 4 |
| РА | 3 | 4 | 4 | 4 | 2 | 4 | 3 | 2 | 4 | 3 | 4 | 3 | 3 | 2 |
| ИГА | 3 | 3 | 2 | 3 | 3 | 3 | 2 | 2 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 2 |
| Жалпы балл | 19 | 19 | 18 | 21 | 18 | 20 | 18 | 15 | 23 | 15 | 20 | 14 | 20 | 18 |
| Орточо балл | 3,1 | 3,1 | 3,0 | 3,5 | 3,0 | 3,3 | 3,0 | 2,5 | 3,8 | 2,5 | 3,3 | 2,3 | 3,3 | 3,0 |

**автор тарабынан түзүлгөн*

Бул баалоо маалыматтары 3.3-картада мындайча көрсөтүлдү.




**3.3-карта. Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалын компоненттик баалоо***

**автор тарабынан түзүлгөн*

Картада көрүнүп тургандай, ЭГАнын компоненттери боюнча ыңгайлуулук (жагымдуулук) даражасына ылайык аймактын кичи шаарлары төмөнкү катарда жүрөт: Кочкор-Ата (орто эсеп менен 3,8), Кадам-Жай (3,5), Кара-Суу, Ноокат, Таш-Көмүр (ар бири 3,3төн), Айдаркен, Баткен (ар бири 3,1ден), Исфана, Кара-Көл, Кербен, Токтогул (ар бири 3,0дөн), Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу (2,5) жана Сүлүктү (2.3). Жалпылаштыруу максатында бул катарларды 3 топко бириктирүүнү туура көрдүк (3.9-табл.).

3.9-таблица - Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарларын экономикалык-географиялык абалынын ыңгайлуулук деңгээли боюнча топтоо*

| Пайдалуулук даражасы | Шаарлар |
|---|---|
| Эң ыңгайлуу | Кочкор-Ата, Кадам-Жай, Кара-Суу, Ноокат, Таш-Көмүр |
| Ыңгайлуу | Айдаркен, Баткен, Исфана, Кара-Көл, Кербен, Токтогул |
| Салыштырмалуу ыңгайлуу | Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу, Сүлүктү |

**автор тарабынан түзүлгөн*


Демек, өлкөнүн түштүк аймагындагы кичи шаарлардагы ЭГАнын ыңгайлуулук деңгээли территориялык ырааттуулукка ээ эмес, башкача айтканда, ал «борбордон перифериягa карай» мыйзам ченемдүүлүгү (шаарлардын потенциалынын перифериягa карай бара-бара төмөндөшү байкалбайт) же табигый-географиялык зоналардын ар түрдүүлүгү менен аныкталбайт. Ооба, аймактын 3 областынын айрым шаарлары эң ыңгайлуу ЭГАга ээ. Бул социалдык-экономикалык жана демографиялык факторлор, ошондой эле ЭГАдын өзгөчөлүгү менен түшүндүрүлөт.

Мында Кочкор-Ата шаарына өзүнчө токтолуп кетүү ылайыктуу. 2020-жылдын октябрь айындагы талаалык изилдөөлөр бул шаар экономикалык-географиялык абалы, социалдык-экономикалык дараметы жана өнүгүү келечеги боюнча түштүк аймакта алдыңкы орунда турарын аныктаган биздин теориялык изилдөөлөрүбүздү ачык тастыктады. Айта кетсек, Бишкек-Ош автотрассасынын боюнда жайгашуусу, рельефинин салыштырмалуу түздүгү (түндүк тарабы адырлар зонасына өтүп кетет), Өзбекстан менен болгон мамлекеттик чек арага жакындыгы жана территориялык талаштын жоктугу, дыйканчылыкка (айрыкча пахта, жашалча-жемиш өстүрүүгө) ыңгайлуу айыл жерлеринин курчоосунда болушу, рекреациялык ресурстарга (мисалы, уникалдуу термоминералдык сууларга) байлыгы, эң негизгиси шаар түзүүчү же шаар бюджетинин басымдуу бөлүгүн берүүчү “Кыргызнефтегаз” ачык акционердик коомунун (ААК) – республикадагы ири өнөр жай ишканаларынын биринин орун алышы аталган шаардын социалдык-экономикалык жактан дүркүрөп өнүгүүсүн шарттап турат.

Шаардын калыптанышы 1957-1959-жылдары “Исбаскент” кенинин негизинде газ өнөр жайынын өнүгүүсү менен башталат. “Кыргызнефтегаз”

ишканасы шаар түзүүчү объект катары азыркы мезгилге чейин мунай жана газ өндүрүүдө геологиялык чалгындоочу жумуштардан баштап, мунай жана газды өндүрүү, эксплуатациялоо, ташуу, мунай продуктуларын кайра иштетүү боюнча комплекстүү иштерди жүзөгө ашырат. Ишкана шаардын калкын газ жана таза суу менен толук камсыз кылат (бүгүнкү күнү шаардын 98% мекеме-ишканалары жана жашоочулары газ менен камсыз болгон). Туруктуу түрдө 2500 киши иш менен камсыз болуп, жогорку эмгек акы алышат.


3.2-сүрөттө Кочкор-Ата шаарындагы “Кыргызнефтегаз” ААК тарабынан мунай затын өндүрүү графиги келтирилген.




3.2-сүрөт. **Кочкор-Ата шаарындагы “Кыргызнефтегаз” ААК тарабынан 2015-2019-жылдар аралыгындагы мунай затын өндүрүү көрсөткүчү, миң т**

Графикте мунай затын өндүрүү өсүү тенденциясына ээ экендиги көрүнүп турат (мында 2019-жылкы көрсөткүч 3 айга гана карата берилген).


Аталган ишкана тарабынан газ өндүрүү көрсөткүчү 3.3-сүрөттө келтирилди.




3.3-сүрөт. **Кочкор-Ата шаарындагы “Кыргызнефтегаз” ААК тарабынан 2015-2019-жылдар аралыгындагы газ өндүрүү көрсөткүчү, млн куб м**

Мында газ өндүрүү 2017-жылдан төмөндөө тенденциясына ээ болуп, 2018-жылы 2015-2016-жылдарга салыштырганда 3,6 млн куб м аз өндүрүлгөн. Мында 2019-жылкы көрсөткүч 3 айга гана карата берилген.

Жалпысынан шаарда өнөр жай продукцияларын өндүрүү дээрлик туруктуу өсүү тенденциясына ээ экендигин 3.4-сүрөттөгү көрсөткүчтөр далилдеп турат.




3.4-сүрөт. **Кочкор-Ата шаарында өнөр жай продукцияларын өндүрүү көрсөткүчү, млрд. сом**

Талдоо көрсөткөндөй, 2017-2019-жылдар аралыгында өнөр жай продукцияларын өндүрүү 0,647 млрд сомго (башкача айтканда, 43%га) өскөн. Мындай өсүүнү “Кыргызнефтегаз” ААК тышкары шаардагы башка өндүрүштүк ишканалар камсыз кылат: “Кыргызгеофизика” ААК, “Кочкор-Атаайылкурулуш” ААК, Кочкор-Ата токой чарбасы, Кочкор-Ата электр тармактар бөлүмү, “Жылуулук” жана “Тазалык” ишканалары. Бүгүнкү күндө шаар Ноокен районунун бюджетинин 65%ын берет.

Кочкор-Ата шаарынын социалдык инфраструктурасы да жакшы өнүгүү жолунда десек болот: балдарды тарбиялоо жана окутуу түзүмү (бала бакчалар, мектептер ж.б.) иш алып барат; медициналык жана техникалык багыттагы атайын-орто окуу жайлары бар; шаар рельефке байланыштуу түз кесилишкен көчөлөр түзүмүнө ээ; борбордук көчөлөрү толук түрдө жакшы сапаттагы асфальт менен төшөлгөн; түнкү жарыктандыруу маселеси чечилген; жашыл парктары кеңири аянттарды ээлейт; көчөлөрдүн бойлору да көрктөндүрүлгөн. Ошондой эле “Кыргызнефтегаз” ААК балансына таандык болуп, арзандатылган баада кызмат көрсөткөн бир катар социалдык объектилер бар: “Арстанбап” жаштардын ден соолугун чыңдоо борбору, “Арстанбап” эс алуу зонасы, Токтогул суу сактагычынын боюндагы “Көк-Бел” эс алуу зонасы, шаардагы №2 “Тюльпан” бала бакчасы, №5 “Солнышко” бала бакчасы, санаторий-профилакторий, “Нефтяник” маданият үйү, “Нефтяник” спорт комплекси, стадион ж.б.

Ошондой эле Кочкор-Ата шаары дарылык касиети жогору жылуу суу булактары жана элге сапаттуу кызмат көрсөткөн ден соолукту чыңдоо борборлору менен өзгөчөлөнөт. Мында “Керемет” санаториясы жана ден соолукту калыбына келтирүүчү борбору жыл бою иштеп, жылына 10 миңден ашуун жарандарга рекреациялык-медициналык кызмат көрсөтүлөт.

3.5-сүрөттө Кочкор-Ата шаарынын өнүгүү өзгөчөлүгүн мүнөздөгөн айрым объектилери келтирилди.




*Фотосүрөттөр автор тарабынан тартылган*

3.5-сүрөт. **Кочкор-Ата шаарынын өнүгүү өзгөчөлүгүн мүнөздөгөн айрым объектилердин жайгашуусу**

Эгер тарыхый усул менен айрым кичи шаарларды өткөн кылымдагы экономикалык абалындагы өнөр жай жана социалдык инфраструктуранын өнүгүү деңгээлдери боюнча тиешелүү топторго ранжирлөөдө, мисалы, өнөр жай потенциалы боюнча Таш-Көмүр өнүгүүнүн жогорку деңгээли болгон I категорияга, Сүлүктү өнүгүүнүн орто деңгээлинен төмөнкү III категорияга, Көк-Жаңгак аз өнүккөн деңгээлдеги IV категорияга, ал эми социалдык инфраструктуранын өнүгүү деңгээли боюнча Таш-Көмүр II, Көк-Жаңгак менен Сүлүктү IV категорияларга таандык болгон [79, 196-198-б.].

Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу түзүмүндө шаарлар өнүгүүнүн, жаңылануунун, адамдар үчүн жыргалчылыкты түзүүнүн, илим-билимдин, инновациялардын, демилгелердин борбору катары өзгөчө орунду ээлейт. Албетте, мындай милдет-тапшырмаларды жүзөгө ашыруу үчүн жетиштүү каржылык ресурстар талап кылынат.

Ошондуктан каралып жаткан шаарлардын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу субъектиси катары финансылык камсыздуулугу жана финансылык өз

алдынчалуулугу эң башкы экономикалык көрсөткүчү болуп саналат. Мына ушуга байланыштуу жергиликтүү бюджет боюнча бар маалыматтардын негизинде айрым бир максаттуу талдоону жана салыштырууну жүргүзүүгө аракет жасайбыз. Туура, акыркы мезгилдерде жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары менен катар эле шаарлардын да бюджеттери өсүү темпине ээ эмес. Алсак, 2017-жылы 2016-жылга салыштырмалуу республикадагы шаарлардын (Бишкек шаарынан башка) бюджетинин өсүү темпи 24%га кыскарган. Минтип шаарлардын республикалык бюджеттен көз карандылыгы өсүп жаткандыгына байланыштуу мамлекет жергиликтүү демилгелерди колдоо максатында кызыктыруучу гранттардын көлөмүн көбөйтүүдө: 2017-жылы курч социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн шаарларга 26,5 млн сом бөлүнгөн. Мында Россиянын “КБ Стрелка” ЖЧКнун Шаар экономикасы борборунун методикасы боюнча кыргыз окумуштуулары 2017-жылга карата шаарлардын бюджеттеринин туруктуулугунун рейтингин иштеп чыгышкан. Натыйжада өлкөбүздөгү шаарлардын жарымынан көбүрөөгү жарды (кедей) топко киргендиги маалым болгон. Ал эми 10 шаар, алардын ичинде биз карап жаткан шаарлардан Кадам-Жай, Кочкор-Ата жана Ноокат салыштырмалуу бай жана өз алдынча шаарлардын катарына кирген. Демек, алар өнүгүү үчүн жетиштүү бюджеттик кудуретке ээ. Ал эми Майлуу-Суу жана Көк-Жаңгак кедей жана өз алдынча эмес шаарларга таандык экендиги аныкталган. Ошондой эле калган шаарлар кедей, бирок өз алдынча шаарлар тобуна кирген. Ал эми 2017-жылга карата адам башына киреше боюнча рейтингде Көк-Жаңгак (780 сом) өлкө боюнча 31 шаардын эң артында туруп, андан кийинки орундарды негизинен түштүк шаарлары ээлейт: Айдаркен (1256), Таш-Көмүр (1704), Майлуу-Суу (1729), Сүлүктү (1912), Кербен (2282), Токтогул (2406), Исфана (2495) ж.б. Бул көрсөткүч боюнча Кадам-Жай шаары (4979) каралып жаткан шаарлардын ичинен 1-орунду ээлеп, Орловка (6946), Бишкек (6701), Кант (6268), Чолпон-Ата (5494) жана Кайыңды (5390) шаарларынан кийин турат. Кочкор-Ата (3318) жана Ноокат (3096) шаарынын да рейтинги салыштырмалуу жогору [24]. Бул

иликтөөлөр ЭГА байланыштуу биздин талдоолордун жыйынтыктары менен шайкеш келгендигин белгилеп кетебиз.

Мына ошентип, аймактагы кичи шаарлар экономикалык өнүгүүнүн ар кандай (жагымдуу да, жагымсыз да) факторлоруна ээ болгонуна карабастан, алардын бардыгы жергиликтүү экономиканы жана социалдык чөйрөнү өнүктүрүү үчүн өзүнчө потенциалга ээ экендигинде талаш жок. Башкача айтканда, өндүргүч күчтөрдүн өнүгүүсү жана жайгашуусу шаар экономикасын диверсификациялоого шарт түзөт, аны аймактык конъюктурадан көз карандысыз кылат, жаңы жумушчу орундарын түзөт жана шаардык администрациянын жана үй чарбаларынын бюджетин толуктоонун кошумча булагы болуп калат. Эреже боюнча, ушунун баарында ар бир шаар конушунун ЭГАы чечүүчү мааниге ээ.

### 3.3. Кичи шаарлардын өнүгүүсүндөгү көйгөйлүү маселелер

Аймактагы изилденип жаткан кичи шаар конуштарынын өнүгүү стратегиясын аныктоо алдында алардын азыркы көйгөйлөрүн (проблемаларын) иликтеп чыгуу жана талдоо талапка ылайык.

Г.М.Лаппо өз кезинде шаар – проблемалардын күзгүсү деп жазган. Башкача айтканда, биринчиден, шаар өзү тынымсыз проблемаларды жаратып турат; экинчиден, ал өлкөнүн, курчап турган райондун, коомдун проблемаларын жыйнайт жана чогултат, аларды так жана даана көрсөтөт; үчүнчүдөн, шаар мыйзам чыгаруучу органдарга, эксперттик коомчулукка, илим изилдөө институттарга, маалыматтар банкына ээ болуу менен проблемаларды чечүүчү каражат болуп эсептелет [54].

Мына ушуга байланыштуу түштүк аймактын кичи шаарлары өлкөнүн башка аймактарынын шаар конуштары сыяктуу эле өткөн совет доорунан жана азыркы рынок экономикасына өтүү шарттарынан жаралган көйгөйлөр тобуна ээ жана бүгүнкү күндө аларды өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша чечүү жолдорун издеп келишет.

Кыргыз Республикасынын өз алдынча өнүгүү жолунун алгачкы жылдарында шаарлардын, алардын ичинде айрыкча кичи шаар конуштарынын социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлинен артта калуусу, социалдык, айрыкча турмуш-тиричилик инфраструктурасынын канааттандырарлык эмес абалы аларды терс социалдык-демографиялык кырдаалга дуушар кылды. Калктын эмгекке жарамдуу курактагы катмарынын негизги бөлүгүнөн ажыраштты. Өндүрүштүн токтошу, калктын жакырдануусу жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн толбошуна алып келди да, шаарларда социалдык-экономикалык маселелерди чечүүнүн татаалдануусун жаратты.

Окумуштуу-адистер белгилегендей, кичи шаарлар өнүгүү өзгөчөлүгүнө карап, проблемалардын да өзүнчө тобуна туш болушту. Анткени, “кичи шаарлардын проблемалары алардын экономикалык мамилелер системасындагы өзгөчө ролуна байланыштуу бир канча курч жүрөт. Борбор жана ири шаарлардан айырмаланып, кичи шаарлар финансылык ресурстардын, инвесторлордун жана билим берүү мекемелеринин жогорку деңгээлде топтолуусунун, коммерциялык структуралардын активдүүлүгүнүн артыкчылыктарынан пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүнөн ажырап калган” [19, 14-б.]. Ошону менен катар кичи шаарлардын өнүгүүсүндөгү негизги тоскоолдуктардын бири болуп ар бир шаардын спецификалык өзүнчөлүгүн, менталитеттин өзгөчөлүгүн, конкреттүү өндүрүштүк ресурстардын бардыгын эске албаган жалпылаштырган мамиле эсептелет жана бул киргизилип жаткан программалардын эффективдүүлүгүн бир канча төмөндөтүп жатат [93, 56-б.].

Бул жаатта өз кезинде З.М.Кенешбаева Кыргызстандын түштүгүндөгү шаарларды кароодо тар профилдүү шаарларга мүнөздүү көйгөйлөрлөргө кеңири токтолуп кеткен:

-негизги өндүрүш жарым-жартылай же толук токтолуп турат;

-мамлекеттин алдында карыздары бар;

-өнүгүүнүн финасылык булактары жана инвестициялык мүмкүнчүлүктөрү жок;

-негизги фонддор эскирген жана калыбына келтирүү мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу;

-негизги өндүрүштү тейлөөчү жогорку квалификациялуу жумушчулар кетип калган;

-турак-жай фонддору, шаар чарбасы жана өндүрүш жарым-жартылай талкаланган;

-жарды калк басымдуулук кылат;

-шаардын инфраструктурасы жарым-жартылай талкаланган, коомдук транспорт дээрлик иштебейт [42, 77-б.].

Автор калкты шаарды таштап кетүүсүн токтотууга жана “кармап калууга” мүмкүн эмес экендигин айтат. Ошондой эле ишсиз калган адамдардын моралдык деградациясын баса белгилеген: уурулук жайылып, имараттарды, курулмаларды жана жабдууларды талкалоо, адамдар өз үйлөрүн курулуш материалдарына бөлүп сатуу же керектүү материалдарын алып, башка жактарга көчүү сыяктуу кырдаалдар кеңири тараган [42, 75-76-б.].

Аталган окумуштуунун талдоосу боюнча, эки эл каттоонун аралыгында – 1989-1999-жылдары Айдаркен, Кара-Көл, Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу, Сүлүктү, Таш-Көмүр жана Токтогул шаарларында (булардын ичинен кээ бирлери ал кезде шаар тибиндеги поселок макамында болушкан) калктын саны кыскаруу жүргөн. Бир гана Кара-Суу шаарында жана Фрунзе поселогунда (азыркы Кадам-Жай шаары) өсүү болгон. Калкын эң көп жоготуу Көк-Жаңгак шаарына таандык болгон (43,1%). Автордун оюу боюнча, калктын азаюусу негизинен орус тилдүү элдердин көчүп кетүүсү менен байланышкан (албетте, бул аргумент менен биз макулбуз). Бирок алардын себебин XX кылымдын 80-жылдарынын аягындагы жана 90-жылдарынын башындагы Орто Азиядагы улуттар аралык жаңжалдар жана мамлекеттик тилдин кабыл алынышы менен документтерди мамлекеттик тилге сөзсүз өткөрүү талаптары (орус тилин расмий тил деп кабыл алганга чейин) менен байланыштырат [42, 75-б.]. Биз мында бул себептерди негизги деп эсептөөсүнө кошула албайбыз: орус тилдүү элдердин республикадан башка

жактарга көчүп кетүүсүнүн эң негизги себеби алар эмгектенген өндүрүштүн токтошу болгон.

Мына ошентип, кичи шаарлар азыркы мезгилде өлкө территориясында эң бир татаал абалдагы административдик-территориялык бирдик болуу менен алардын көпчүлүгү – кууш функциялуу, шаар түзүүчү мааниге ээ эки-үч гана ишканалары бар экендиги баарыбызга маалым. Мына ушуга байланыштуу моношаарларда мамлекеттин, бизнестин жана адамдардын – алардын жашоочуларынын кызыкчылыктары биргеликте айкалышып калган. Мына ошого ар бир шаар тарыхый жактан өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ экендигин эске алуу менен социалдык чыңалууларды азайтууга багытталган кадамдарды жасоо зарылчылыктары бар [36, 21-б.].

Республиканын дээрлик бардык кичи шаарларынын эң талылуу көйгөйлөрү болуп жумушсуздуктун жогорку деңгээли, калктын жашоо деңгээлинин олуттуу төмөндөшү, өндүрүштүн токтошу, шаардагы көпчүлүк учурда жападан жалгыз болгон шаар түзүүчү объектинин жабылышы ж.б. эсептелет. Социалдык жана маданий кызматтардын көптөгөн түрлөрү калктын көп бөлүгүнө жеткиликтүү болбой калды. Калкты жашоого маанилүү болгон продукциялар (ичүүчү суу, электр тогу ж.б.) менен камсыздоого байланышкан проблемалар пайда болду [70, 205-б.].

Туура, биздеги бардык кичи шаарлар монофункционалдуу мүнөзгө ээ жана мына ушуга байланыштуу жумушчу орундарын түзүү жана сактоо, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданиятты жайылтуу, турак-жай куруу, коммуналдык системаны жүргүзүү ж.б. маселелерди чечүүдө көп татаалдыктарга дуушар болушат. Муну менен катар көбү потенциалдуу инвесторлорду тартуу үчүн ыңгайлуу (же пайдалуу) ресурстарга, кардар-туристтерди тартуу үчүн кызыктуу (же жагымдуу) объектилерге же кубулуштарга ээ эмес.

Жалпысынан кичи шаарлар башка ири шаарларга салыштырмалуу табигый, эмгек жана финансылык ресурстардын, ишкердик ишмердүүлүктүн жана инвестициялык кызыгуулардын жогорку концентрациясына ээ эмес. Кыргызстандын шартында мындай шаарлар аз функциялуу экономикага эгедер

болуу менен анын көп тармактары салттуу түрдө узак убакыттан бери проблемалуу болуп келүүдө: өнөр жайдын чектелүү структурасы, турак-жай-коммуналдык чарбанын начар абалы, жолдордун эскилиги жана аларды реконструкциялоого каражаттардын таңкыстыгы, жумушсуздуктун жогорку деңгээли жана эммиграциянын болушу ж.б. Ошондой эле кичи шаарлардын тарыхый бөлүктөрүндө тарыхый-архитектуралык ландшафттын бузулуу жана тарых эстеликтеринин жоголуу маселелери курч. Ал эми реставрациялык иштер керектүү көлөмдө жүрбөй жатат.

Өлкөдөгү системалык кризистин терс натыйжалары айрыкча кичи шаарлардын өсүп-өнүгүүсүндө даана чагылып жатат. Мында бардык кичи шаарлардын проблемалары дээрлик окшош экендигин талдоолор көрсөттү. 3.10-табл. түштүк аймактын кичи шаарларынын социалдык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүүсүнүн негизги проблемалары топтоштурулуп, чагылдырылды.

3.10-таблица – Кыргызстандын түштүк аймагынын кичи шаарларынын социалдык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүүсүнүн негизги көйгөйлөрү*

| Проблемалар тобу | Проблемалардын жөндөлүшү |
|---|---|
| Уюштуруучулук | Талаштуу административдик-территориялык түзүлүштүн учурашы (административдик чек аралардын баш-аламандыгы) |
| | Территориялык бирдиктүүлүк принципте муниципиалдык менчикти жөнгө салуу |
| | Шаарлардын өнүгүүсүнүн пландуу көрсөткүчтөрү менен аны ресурстук камсыздоонун дал келбестиги |
| | Шаарлар арасында бирдиктүү статистиканын жоктугу |
| | Шаарлардын расмий сайттарынын жоктугу же толук эместиги жана таанып-билүү, окуу жана илимий изилдөө максатында шаарлар жөнүндө биринчилик маалыматтардын жетишсиздиги |
| Экономикалык | Экономикалык базанын чектүүлүгү |
| | Шаарлардын чарбалык жактан монопрофилдик абалы жана толук эмес иштөөсү |
| | Шаар түзүүчү ишканалардын технологиялык жактан артта калуусу жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөнкү деңгээли |
| | Ишканалардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн төмөнкү деңгээли, конъюктурадагы туруксуздугу |
| | Бюджеттик каржы ресурстарынын таңкыстыгы |
| | Шаарлардын инвестиция тартуу үчүн жагымдуулугу жок |
| | Ишкердик чөйрө жакшы өнүккөн эмес жана кичи бизнестин өнүгүүсүнүн төмөнкү деңгээли |
| | Кээ бир шаарлардын транспорттук туюк абалы |
| Социалдык | Эмгекке жарамдуу курактагы катмардын кетүүсүнөн демографиялык кырдаалдын курч абалы |

| | |
|---|---|
| | Калктын табигый кайра жаралуусунун деңгээлинин төмөндөшү |
| | Жогорку квалификациялуу кадрлардын жетишсиздиги жана индустриялуу шаарлардан орус тилдүү калктын кетиши |
| | Жашоо деңгээлдин салыштырмалуу төмөндүгү |
| | Жумушсуздуктун жогорку деңгээли жана ишке жайгашуу мүмкүнчүлүктөрдүн аздыгы |
| | Турак-жай-коммуналдык системанын материалдык-техникалык базасынын физикалык жана моралдык жактан эскилиги |
| | Социалдык, анын ичинде туристтик инфраструктура жакшы өнүккөн эмес жана эс алуу (туризм) үчүн кызыктуу объектилер, окуялар жана иш-чаралар кескин аз |
| | Шаарлардын жашоо үчүн жагымдуулугу жокко эсе |
| | Ички транспорттук торчонун жана каражаттарынын абалынын начардыгы |
| | Суу, электр энергиясы, жылуулук менен камсыздоо системасынын эскилиги же авариялык абалда болушу |
| | Коомдогу терс көрүнүштөрдүн, кылмыштуулук ж.б. тартип бузуулардын жайылышы. Улуттар аралык мамилелердин аярлыгы |
| Экологиялык | Кээ бир шаарларда радиациялык зыяндуу заттар көмүлгөн жерлер потенциалдуу коркунуч жаратат |
| | Өндүрүш жана турмуш-тиричилик таштандыларын жок кылуу же кайра иштетүү маселеринин чечилбегендиги |
| | Шаар курууда экологиялык (санитардык-гигиеналык) ченемдердин сакталбашы |
| | Жашыл зоналардын жетишсиздиги (кыскаруусу) |
| | Табигый коркунучтуу кубулуштардын болуу ыктымалдуулугу |
| Саясий | Кээ бир шаарларга чектеш жерлерде мамлекеттик чек ара маселелеринин али чечилбегендиги (демилитация жана демаркация иштери жок) |

**автор тарабынан түзүлгөн*

Демек, аймакта жайгашкан кичи шаарлардын өнүгүү проблемаларын 5 топко бөлүп, жөндөп кароого болот.

1.Уюштуруучулук топ боюнча төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот: көпчүлүк шаарларда чектеш айыл аймактары менен чечилбеген территориялык жана ар кандай деңгээлдеги бийлик органдары менен менчик маселелери бар. Шаарлардын мэриясына көбүнчө турак-жай-коммуналдык чарбалардын бир катар кызматтары гана баш ийет, калган ишкана-уюмдар ведомстволук таандыгы боюнча бийликтин мамлекеттик органдарына таандык жана шаар проблемаларын кароодо мэриялар менен өз ара кызматташпайт. Мына ушуга байланыштуу территориялык бирдиктүүлүк принциптин негизинде айрым чектеш жерлерди жана шаарда жайгашуу менен башка аймактык же ведомстволук менчикке караган айрым объектилерди шаарлардын карамагына

өткөрүп берүү зарылдыгы бар. Ошондой эле таанып-билүү, окуу жана илимий изилдөө максатында шаарлар жөнүндө биринчилик маалыматтардын жеткиликсиздиги байкалат жана шаарлардын расмий сайттары жок же толук эмес. Жада калса, шаарлардын социалдык-экономикалык паспорту массага жеткиликтүү эмес.

2.Көйгөйлөрдүн экономикалык маанидеги тобу шаардын макамына, анын толук кандуу жашоосуна таасир этүүчү факторлор болуп саналат. Ошондой эле бул негизинен шаардын гана эмес, аймактык жана республикалык деңгээлде чечиле турган көп жактуу көйгөйлөр тобу болуп саналат. Алсак, шаардын экономикалык базасынын чектүүлүгү, ишканалардын бир жактуу (монопрофилдик) адистешүүсү же толук эмес иштөөсү, алардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн төмөнкү деңгээли, шаар түзүүчү ишканалардын технологиялык жактан артта калуусу, бюджеттик каржы ресурстардын таңкыстыгы, негизги фонддордун эскирүүсүнүн жогорку деңгээли жана анын себебинен эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөнкү деңгээли, инвестиция тартуу үчүн жагымдуу шарттардын жоктугу (же аздыгы), ишкердик чөйрөнүн, анын ичинде кичи бизнестин жакшы өнүкпөгөнү ж.б. Мисалы, шаарлардын өндүрүштүк жабдуулардын, инженердик түйүндөрдүн жана коммуникациялардын физикалык жана моралдык жактан эскирүүсү 70%га жетип, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттин жетишсиздигинен бул маселелерди чечүүгө кудурети жетпейт. Дебитордук жана кредитордук карыздардын ири өлчөмдө көбөйүшү коммуналдык ишканалардын финансылык абалына терс таасирин тийгизип келет [105, 43-б.]. Ооба, мындай масштабдуу маселелер мамлекет тарабынан колдоого алынган атайын программалар аркылуу гана чечилиши мүмкүн.

3.Социалдык топ төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт: кээ бир шаарларда жылдан жылга эмгекке жарамдуу курактагы адамдар өлкөнүн чоң шаарларына жана чет өлкөлөргө кетип жаткандыгына байланыштуу курч социалдык-демографиялык кырдаал сакталууда; шаардагы жашоо деңгээли салыштырмалуу төмөн; социалдык инфраструктура жакшы өнүккөн эмес, ички транспорттук

системанын абалы өтө начар, суу, электр энергиясы, жылуулук менен камсыздоо системасынын эскилиги жеткен, ошону менен катар дээрлик бардык кичи шаарларда газ менен камсыздоо жана канализация системалары жок; турак-жай-коммуналдык системанын материалдык-техникалык базасы физикалык жана моралдык жактан толук эскирген; спорттук, маданий, эс алуу жана көңүл ачуучу мекемелеринин жетишсиздигинен, туризм үчүн кызыктуу объектилердин жана иш-чаралардын аздыгынан, кызыкчылыктар боюнча клубдардын жана ийримдердин жоктугунан калктын, айрыкча балдардын жана жаштардын физиологиялык жана интеллектуалдык өнүгүүсү үчүн мүмкүнчүлүктөр өтө тар.

4.Проблемалардын экологиялык тобу да дээрлик бардык кичи шаарларда окшош. Өндүрүштүк жана турмуш-тиричилик таштандыларын жок кылуу же кайра иштетүү маселелери чечилген эмес, көп шаарларда табигый коркунучтуу кубулуштардын (жер титирөө, сел, жер көчкү, сүрүлүү ж.б.) жүрүү ыктымалдуулугу өтө жогору. Ал эми радиациялык зыяндуу заттар көмүлгөн жерлердин коркунучу айрыкча Майлуу-Суу шаарына таандык экендигин көпчүлүк билет.

5.Саясий көйгөйлөр тобу сан жактан аз көрүнгөнү менен аны чечүү эки тараптуу (мамлекеттер аралык) узак сүйлөшүүлөрдү жана узак мөөнөттү талап кылышы мүмкүн. Жер, суу жана курулуш иштерине байланышкан талаштуу чек ара зоналарындагы эки тараптуу конфликттердин акыркы жылдары тез-тез кайталануусу мамлекеттер аралык чоң масштабдуу жаңжалдарга айланып кетүү коркунучу бар. Чек араларды толук тактоо (демилитация жана демаркация иштерин жүргүзүү) Айдаркен, Кадам-Жай, Кербен сыяктуу шаарлардын туруктуу өнүгүү жана аларга ыңгайлуу баруучу жол маселелерин чечүүнү тездетет.

Ооба, 2020-жылдагы COVID-19 вирусуна байланышкан пандемияга, анын ичинде Кыргызстандагы өзгөчө кырдаалга (март-май айларындагы өзгөчө абалга) байланыштуу экономикалык секторлордун ишмердүүлүгүнүн токтошу жана кийинки солгун иштөөсү, октябрь айындагы бийликтин мөөнөтсүз алмашуусу (айрым ой-пикирлер боюнча, 3-революциянын ишке ашуусу) жана

ага байланыштуу өлкөдөгү саясий-социалдык туруксуздуктун жаралышы, экономикалык кризистин андан ары тереңдеши, мамлекеттик бюджеттин кескин кыскаруусу, жардам катары сырткы каржылоолордун (мисалы, Россия, Европалык союз тарабынан) токтолушу ж.б. өлкө масштабындагы, анын ичинде биз карап жаткан түштүк аймактагы кичи шаарлардагы көйгөйлүү маселелерди андан ары курчутуп, каржы булактарынан ажыратып, басымдуу бөлүгүнүн чечүү мөөнөттөрүн белгисиз убакка жылдырып салды. Ал эми ошол күндөрү чет элдик инвестициялардын негизинде иштеп жаткан өлкөдөгү айрым тоо-кен ишканаларына жергиликтүү элдер тарабынан талкалоо жана талап-тоноо максатында кол салуулары Кыргызстандын инвестициялык аброюна катуу сокку урду жана эми калыптанган имиджди кайра калыбына келтирүү да көп иш-аракетти талап кылат.

## 3.4. Кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясы жана өсүү точкасынын, өсүү импульсунун жана өсүү коридорунун пайдалуулугун арттыруу

Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын стратегиялык өнүгүү пландарын аныктоодо бир нече этаптарга бөлүп кароо талап кылынат:

1.Маалымат картасын жана анын ченемдерин түзүү.

2.Маалымат картасынын негизинде социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө талдоо жүргүзүү же кичи шаарлардын (калкы, шаардын территориясы, экономикалык өнүгүүсүнүн абалы, инфраструктурасы, социалдык көрсөткүчтөрү боюнча) өнүгүүсү жөнүндө объективдүү иликтөө.

3.Кичи шаарлардын туруктуу өнүгүүсүнүн багытын аныктоо, узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү программаларды түзүү менен кезектеги иш-чараларды иштеп чыгуу.

Ооба, жакынкы убактарда Кыргызстандын аймагында кичи шаарлардын өнүгүүсүндө талаш жок. Экономикалык кризистин таасири, социалдык чыңалуунун өсүшү, территориядагы өндүрүштү уюштуруунун монопрофилдик структурасы, демографиялык жана миграциялык маселелер сыяктуу

проблемалар территориялардын атаандаштыгын жогорулатуучу жаңы жолдорду издөөнү талап кылат. Бул тигил же бул шаардын өнүгүү стратегиясынын өзөгүн түзүшү мүмкүн.

Стратегиянын баштапкы каражаты болуп социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жетишкен деңгээли, өндүрүш, социалдык чөйрө, илим, техника ж.б. өнүгүүсү, ошондой эле коюлган максаттарга жетүү божомолдору (прогнозу) эсептелет.

Стратегиянын эффективдүүлүгү ресурстук мүмкүнчүлүктөрдү оптималдуу пайдаланууну камсыз кылуучу башкаруу методологиясын колдонуудан көз каранды. Натыйжасы катары коюлган максаттарга ылайык күтүлүүчү жыйынтыктардын эффективдүү (пайдалуу) болуусу каралат.

Ал эми муниципиалдык түзүлүштөгү кичи шаардын өнүгүү стратегиясын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жетекчилиги астында жана орто жана узак мөөнөттүү перспективага карай иштелип чыккан аймактык жана муниципиалдык программалар жана долбоорлор системасы түрүндөгү территориянын өнүгүү жана ага жетүү багыттарынын максаттарын, милдеттерин жана көрсөткүчтөрүн аныктоочу комплекстүү документ катары түшүнсө болот. Демек, стратегия территориялык программалардын жана пландардын комплекстүү масштабдагы элементтерин камтыйт.

Кыргызстанда, анын ичинде түштүк аймакта жайгашкан кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясынын башкы максаты – мамлекеттик башкаруу жана рыноктук мамилелердин өз ара айкалышынын натыйжасында алардын туруктуу өсүп-өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү жана ар тараптуу социалдык-экономикалык жана экологиялык жыргалчылыкка жетишүү. Ошондой эле жаңы экономикалык шарттарда өндүрүштүк жана социалдык кризистен чыгуу болуп эсептелет.

Бул үчүн биринчи кезекте мамлекеттин колдоосу аркылуу укуктук жана уюштуруучулук-экономикалык өбөлгөлөрдү (муниципиалдык башкаруу багытындагы тиешелүү мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү, атайын өнүгүү программаларын кабыл алуу жана ишке ашыруу, ийкемдүү салык саясатын

жүргүзүү, эркин ишкердик жана инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү ж.б.) жаратуу зарыл. Мындай иш-аракеттер шаардын жалпы жашоо жыргалчылыгын камсыз кылуу, анын кризистик абалдагы айрым структураларын колдоо, рыноктук структураларды калыптандыруу жана бизнести жайылтуу, жумуш менен камсыз кылуу сыяктуу чөйрөлөрдү чагылдырылышы талапка ылайык.

Эми кичи шаарлардын жеке ресурстарынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн негизинде өз алдынча өнүгүү потенциалын жаратуу милдеттери турат. Бул процесс каралып жаткан кичи шаарлардын ошол аймак жана борбордук бийлик менен өз ара эффективдүү аракеттерин натыйжасында гана максаттагыдай ишке ашат. Ал эми айрым ири масштабдуу маселелерди чечүү жалпы мамлекеттик мааниге ээ. Аларга стратегиялык объектилери бар, тарыхый-маданий жактан өзгөчөлүү шаарлар кирет.

Албетте, каралып жаткан татаал комплекстүү маселелерди чечүү үчүн проблемалык-максаттуу ыкма (усул) пайдалуу. Ал мамлекеттик тескөөнүн ар түрдүү формаларын жана усулдарын өз ичине камтыйт: укуктук-ченемдик, уюштуруучулук-экономикалык, социалдык ж.б.

Кризистик территорияларды тандоо жолу менен колдоого багытталган мамлекеттик саясат кичи шаарларды да караш керек. Анткени, алар тарыхый, экономикалык, социалдык ж.б. себептер менен татаал шарттарга дуушар болушту. Көп кичи шаарлар депрессивдүү абалда, алар өз алдынча “бутуна туруп” кетүүсүнө кудурети жетпейт жана мамлекет тарабынан атайын колдоого муктаж. Бул үчүн бардык чөйрөлөргө таасир этүүчү колдоонун системалуу механизмдери зарыл.

Баарыбызга маалым болгондой, өткөн кылымдын 90-жылдарындагы рыноктук өзгөрүү шарттарында кичи шаарлар экономикалык чөгүүдөн эң көп жабыркашты. Анткени, мурунку СССРдеги өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруу саясатына ылайык дээрлик бардык кичи шаарлар бир тармакка багытталып, монофункционалдуу болуп түзүлүп калган. Өндүрүштүк кризис биринчи кезекте шаар түзүүчү ишканаларга сокку урду. Натыйжада алар өндүрүштүк-тейлөөчү

жана маданий функцияларды аткаруу функцияларынан ажырады. Калкы кескин азайды, айрыкча орус тилдүү жогорку квалификациялуу кадрлар кетип калды.

Шаардын өнүгүү стратегиясы төмөнкү башкы максаттарды көздөйт:

1.Кичи шаарларды өз чөлкөмүндө өсүү точкаларына айлантуу жана ал аймак үчүн өндүрүштүк, ишкердик, руханий, интеллектуалдык жана маданий борбор болуп калуу;

2.Шаар түзүүчү тармактарды кайра жандандыруу жана шаарлардын адистешүүсүн аныктоо аркылуу атаандаштыкка туруктуу экономикалык базасын түзүү.

3.Өздүк жана сырткы керектөөлөрдү эске алуу менен иштеп жаткан өнөр жай комплексин структуралык жактан реконструкциялоо же кайра түзүү.

4.Шаардын мамлекеттик жана аймактык деңгээлде транспорттук системаны түзүүгө катышуусун камсыз кылуу.

5.Калктын жашоо деңгээлинин сапатын жогорулатуу жана алардын керектөөсүн ар тараптан канааттандыруу.

6.Ашыкча эмгек ресурстарын тартуу максатында жаңы жумушчу орундарын түзүү.

7.Социалдык чөйрөнү өнүктүрүү, туризм тармагын артыкчылык менен кароо.

8.Турак-жай курулушун кеңейтүү.

9.Шаар экологиясын жакшыртуу.

Ал эми каралуучу документ негизинен төмөнкү проблемалуу иш-чараларга багытталуусу талапка ылайык:

-шаар экономикасынын эффективдүү иштөөсүн камсыздоочу рыноктук инфраструктуранын толук кандуу калыптандыруу жана жайылтуу;

-өндүрүштүк секторду кайра жандандыруу жана жаңы объектилерин түзүүгө стимул берген финансылык-экономикалык иш-чаралар системасын түзүү;

-шаардын жаратылыштык, материалдык, кадрдык жана социалдык потенциалын өндүрүмдүү ишке тартуу;

-өндүрүштү структуралык жактан кайра куруу жана диверсификациялоо, анын айрым ишканаларды рыноктук талаптарга ылайык кайрадан профилдештирүү;

-жергиликтүү бюджетти бышыктоо максатында ишкердик чөйрөнү кеңейтүү;

-кичи шаарларды өлкөнүн бирдиктүү транспорттук системасына киргизүү жана транспорттук "туюк" шаарларды жоюу жолдорун кароо;

-мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу деңгээлдеринде кичи шаарларга ички жана сырткы инвестицияларды тартууга жагымдуу шарттарды түзүү;

-"шаар-аймак-өлкө" системасында туруктуу экономикалык, өндүрүштүк-технологиялык, социалдык жана коммерциялык байланыштарды түзүү (башка зоналарда жайгашкан ири ишканалардын филиалдарын жайгаштырууга басым жасоо менен);

-татаал табигый-климаттык, орографиялык, социалдык-экологиялык шарттарда турган шаарлардын курч маселелерин чечүүгө мамлекеттик жана эл аралык уюмдардын ресурстарын тартуу.

Демек, сунуштап жаткан шаардын өнүгүү стратегиясы компоненттик жактан 4 бөлүккө бөлүп кароо максатка ылайык болот жана 3.11-табл. сунушталуучу стратегиянын түшүндүрмөсү берилди.

3.11-таблица. Сунушталуучу шаардын өнүгүү стратегиясынын компоненттик бөлүктөрү*

| Шаардын өнүгүү стратегиясы | | | |
|---|---|---|---|
| Социалдык-экономикалык потенциалы жана өнүгүү абалы | Тобокелчиликтер жана алсыз жактар | Приоритеттүү өнүгүү багыттары | Өнүгүү келечеги жана прогнозу |
| *Каралуучу иш-чаралар* | | | |
| шаардын экономикалык потенциалы; шаардык дүң продукциянын өсүү динамикасы; | өнөр жайдын кризистик абалы; өндүрүштүк жана социалдык инфраструктуранын начар абалы; | тармактык диферсификация; кичи жана орто бизнести өнүктүрүү; | туруктуу экономикалык өсүүгө жетишүү; аймактык дүң продукцияны көбөйтүү; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| шаардын бюджеттик саясаты; ишканалардын өндүрүштүк көрсөткүчтөрү; шаар куруунун жүрүшү; бизнес үчүн шарттар; инвестициялык жагымдуулук; демографиялык өнүгүү жана эмгек рыногу; социалдык тармактардын өнүгүү тенденциялары | жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүнүн төмөнкү деңгээли; айыл чарбанын экстенсивдүү тиби; калктын жашоо сапатынын төмөнкү деңгээли; социалдык туруктуулуктун аярлыгы; табигый коркунучтуу кубулуштардын жогорку ыктымалдуулугу; чек ара жаңжалдарынын болуу жыштыгы; диний радикализмдин орун алышы | инновациялык-өнөр жайлык кластерлерди түзүү; шаардын брендин иштеп чыгуу жана мүнөздүү товарлар аркылуу шаарды позициялоо; энергиянын салттуу эмес булактарын пайдаланууну кеңейтүү; көмөкчү чарбаларды жайылтуу; турак-жай курулушун кеңейтүү; туризмди өнүктүрүү; Фергана өрөөнүнүн чегинде жогорку билим берүү кызматын экспорттоо; шаар экологиясын жакшыртуу; өзгөчө кырдаалдарга каршы иш-чараларды күчөтүү | пропорционалдуу территориялык өнүгүүгө жетишүү; калктын жашоо деңгээлин теңдештирүү; жалпы социалдык-экономикалык өнүгүүнүн прогнозу; тармактар аралык прогноз; табигый жана антропогендик тобокелчиликтердин прогнозу |

*автор тарабынан түзүлгөн*

1-бөлүк боюнча жалпылап төмөнкүлөргө токтолууга болот: каралып жаткан шаарлардын экономикасы депрессиялык абалда, калктын жашоо деңгээли төмөн, адам ресурстарынын өнүгүүсү үчүн шарттар жокко эсе. Муниципиалдык башкаруу органдары шаар чарбасынын кайра жаралуусун камсыздоого мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Албетте, бул тиешелүү сандык көрсөткүчтөрдү талдоо менен каралат.

2-бөлүктө шаарлардын өнүгүүсүндөгү тобокелчиликтер жана алсыз жактарды талдоо каралат. Тобокелчиликтерди коркунуч же зыян жаратуу деңгээли боюнча өзүнчө кароо сунушталат.

3-бөлүктө тиешелүү шаардын өнүгүүсүнүн приоритеттүү багыттары каралат. Мында айрым пункттарга токтолуп кетебиз. Түштүк аймак күн

энергиясынын жетиштүү запасына ээ болгондуктан бардык шаарларда энергиянын салттуу эмес булактарын пайдаланууну кеңейтүү шарттары бар. Бул үчүн аз кубаттуу гелиотүзүлүштөрү колдонууну жайылтуу жагын караш керек. Шаар жашоочуларын айыл чарба продукциясы менен өзүн-өзү камсыздоо максатында жер-жерлерге көмөкчү чарбаларды (канаттуулар, коен, кой, уй чарбалары) кайра жандандыруу же түзүү зарыл деп эсептейбиз. Алсак, тоок чарбасын шаардын коомдук тамактануу секторунан чыккан тамак-аш калдыктары менен камсыз кылууга болот. Рекреациялык керектөөнүн пайдалуулугун пропагандалоо менен туристтик тармакты өнүктүрүү да маанилүү. Айрыкча быйылкы пандемиядан кийин адамдардын өз ден соолугуна кам көрүүсү негизги керектөө маданиятына айланышы анык. Ошондой эле шаардыктардын калың массасына арналган маалыматтык-көңүл ачуучу иш-чараларды (фестивалдар, конкурстар ж.б.) тынымсыз уюштуруу да адамдарды ар кандай терс көрүнүштөрдөн оолак болууга чакырат.

4-бөлүк маанилүү да, жооптуу да. Мында кабыл алынган стратегиядан алынуучу күтүлгөн натыйжалар чагылдырылат. Жалпы жана тармактык прогноздоо жүргүзүлөт. Кыскасы, шаардын өсүп-өнүгүү стратегиясынын жыйынтыгы аныкталат.

Албетте, мындай стратегиялык иш-планды ишке ашырууда мамлекеттин колдоосу чечүүчү мааниге ээ. Ушундан улам кичи шаарлардын социалдык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүүсүн мамлекет тарабынан башкаруунун приоритеттүү багыттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:

-кичи шаарларды башкаруунун илимий жактан негизделген теориялык-методологиялык негиздерин иштеп чыгуу;

-жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу системасын реформалоо;

-кичи шаарлар үчүн чоң шаарларга “ыктап” өнүгүү принцибин камсыз кылуу;

-кичи шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

-жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары менен аткаруу бийлигинин органдарынын ортосундагы иш-милдеттерди так бөлүштүрүү;

-жергиликтүү ресурстарды (табигый, эмгек, технологиялык, финансылык ж.б.) рационалдуу жана комплекстүү пайдалануунун укуктук-ченемдик базасын жакшыртуу;

-өнүгүү процессинде жергиликтүү чарбалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу;

-курулуш процессин социалдык муктаждык, жергиликтүү салттар жана экологиялык натыйжаларды эске алуу менен жүргүзүү.

Ал эми кичи шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн башкаруунун механизмдерин иштеп чыгууда төмөнкү өзгөчөлүктөрдү эске алыш керек:

-шаардын көлөмү (шаардын территориясы, калкынын саны ж.б.);

-шаардын адистешүүсү (коомдук өндүрүштүн тармактык жана кесиптик структурасы);

-шаардын таанылган имиджи жана аброю (бренди);


-социалдык инфраструктуранын өнүгүү деңгээли (кызматтар чөйрөсүнүн өнүгүшү) жана шаардын социалдык функциялары;

-шаардын калкынын жашоо образы (салт-санаалар, баалуулуктар ж.б.).

Ооба, мында кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясында чоң шаарларга “ыктоо” принциби пайдалуу жана маанилүү. Анткени, биз каралып жаткан аймактагы жана Өзбекстан менен Тажикстандын чек арага жакын жаткан ири (Андижан, Наманган, Ош, Фергана, Хожент) жана орто (Гафуров, Исфара, Касансай, Кызыл-Кыя, Кувасай, Риштан, Учкурган, Өзгөн, Ходжабад) шаарларды өсүү импульсу катары карап, өндүрүш жана кызмат көрсөтүү секторлорунун структуралык өнүгүүсүн эске алуусу керек. Бул айрыкча туризм жаатында пайдалуу деп эсептейбиз. Башка мисалдарга токтолсок, айталы, Россиянын Владимир областындагы шаарлар дүйнөлүк масштабдагы мегаполис болуп кимдир-бирөөнүн каалоосуз эле мегаполис мыйзамы менен өнүгүп жаткан Москва шаарынын таасиринде турат. Ошондуктан бул областка мегаполистен өндүрүш башка аймактарга жана биринчи кезекте Владимир областына “сыгып

чыгарылып” жаткандыгы абдан маанилүү. Демек, бул аталган область тиешелүү стратегияны иштеп чыгуу менен Москваны эң кубаттуу инвестициялык фонд катары кабыл алышы керек [19, 15-б.].

Тигил же бул шаардын өнүгүү стратегиясындагы чоң шаарларга “ыктоо” принциби өзбек окумуштуулары А.Салиев, С.Л.Янчук ж.б. байыткан “өсүүнүн уюлдары, линиялары жана коридорлору” теориясы менен өз ара айкалышып кетет. Экономиканын жана социалдык чөйрөнүн структуралык системаларынын (тарыхый, географиялык, экономикалык себептер менен) бирдей эмес өнүгүү шарттарында айрым элементтердин озуу менен өнүгүүсү башкаларга өсүү импульсун берет. 3.4-картада Ош жана Жала-Абад шаарларынын “борбор-периферия” схемасы боюнча өсүү импульсунун таркатуусун бердик.





**3.4-карта-схема. Ош жана Жалал-Абад шаарларынын “борбор-периферия” схемасы боюнча өсүү импульсун берүүсү***

******автор тарабынан түзүлгөн*

Карта-схемада көрүнүп тургандай, өсүү импульсунун жакынкы кичи шаарларга таасири чоң, алыстаган сайын таасири азайып отурат. Демек, өсүүнүн импульсу негизинен инновациялык же жаңылык киргизүүлөр менен борбордон курчап турган тараптарга кетет. Ага ар түрдүү географиялык көрсөткүчтөр (аралык, рельефтин өзгөчөлүгү, климаттык абал ж.б.) чечүүчү мааниде таасир этет. Же болбосо, “жогорку транспорттук чыгымдар, ошондой эле административдик жана башка чек аралар дистанттык чыгымдарды дагы көп жогорулатат, эң акырында экономикалык байланыштар үчүн жеңүүгө кыйын болгон тоскоолдукту жаратат” [111, 54-б.]. Муну Ош жана Жала-Абад шаарларынын ортосундагы Өзбекстандын кесип турган территориясы менен түшүндүрсө болот (3.4-карта).

Ал эми изилденип жаткан аймак үчүн өсүү уюлдары болуп социалдык-экономикалык өнүгүүнүн озуу менен мүнөздөлгөн абалы ачык байкалган мейкиндик ареалы түшүндүрүлөт.

Өсүүнүн линиялары жана коридорлору – бул тез өнүгүүдөгү инфраструктуралык октор, өндүрүш жана калк топтолуп, агломерациялык линия менен шарталган зоналар [111, 53-б.]. Муну Кара-Көл шаарынан Кочкор-Ата шаарына чейинки аралыктын мисалында көрсөтөбүз (3.5-карта).




**3.5-карта-схема. Бишкек-Ош жолунун Кара-Көл – Таш-Көмүр – Кочкор-Ата кесилишинин өсүү коридорунун көрүнүшү***

**автор тарабынан түзүлгөн*

Схемадан карап көрсөк, Кара-Көл шаарынан түштүктү карай Бишкек-Ош автотрассасы Нарын дарысынын нууш капчыгайы аркылуу өтүп, ал

территорияда эч кандай өндүрүштүк же калк топтолгон точкалар болбогондуктан өсүү коридору дегеле байкалбайт же өтө кууш (тар) абалда. Ал аралыктагы анча чоң эмес Разан-Сай айылына белгилүү өлчөмдө таасири бар десек болот. Таш-Көмүр шаарынан кийин рельефтин салыштырмалуу түз абалга өтүшү менен өсүү коридору Кудук, Кызыл-Алма, Чуйут-Сай, Теңдик жана Кудук-Сай айылдарында 1-2 км ге кеңейип, Шамалды-Сай поселогунда 5-6 км ге жайылып, өсүү импульстарынын таралуусу кеңеет. Андан ары Ынтымак, Кызыл-Туу жана Кызыл-Коргон айылдарында дагы 1-2 км ге тарып, Бүргөндү айылында дагы 3-4 км ге жайылат. Бүргөндү айылынан Кочкор-Атаны көздөй кетип атканда мамлекеттик чек арага (Өзбекстан менен) байланышкан "чыканак" сыяктуу айланпа бир кыйла транспорттук жана убакыт чыгымдарын шарттап, өсүү коридорунун басаңдатат десек болот. Андан ары өсүү линиясы жана коридору Кочкор-Ата шаарына чейин 5-6 км чекте жүрүп, территориянын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө оң таасирин берип турат.

Ошентип, стратегиянын акыркы максаты – шаарлардын өз алдынча өсүп-өнүгүүгө жетишүүсү, финансылык көз карандылыктан чыгуу. Башкача айтканда, шаарлардын өнүгүүсүнүн негизи – акчалай жана финасылык мүнөздөгү инструменттер, биринчи кезекте шаар бюджети, аларды башкаруу менен өзүн-өзү башкаруу органдары ишкердик ишмердүүлүктү активдештирүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Ошондой эле рыноктук инструменттер жана башкаруу механизмдери да маанилүү, мисалы, шаардын имиджи жана позицияланнуусу, ишкердиктин өнүгүшү, маалыматтык технологиялар, товарлардын жана кызматтардын маркетинги ж.б. [110, 72-б.].

Кабыл алынган стратегия алкагында иштелип чыккан программалар кичи шаарлардын экономикасын структуралык жактан кайра түзүүгө, жалпы социалдык-экономикалык өнүгүүнү активдештирүүгө, республиканын масштабында экономикалык потенциалга болгон алардын салымын көтөрүүгө, маданий салт-санааларды кайра жаратууга багытталат.

Жергиликтүү башкаруу органдары менен катар КРнын экономика, финансы, өнөр жай, жер казынасын пайдалануу, транспорт, өзгөчө кырдаалдар,

социалдык өнүгүү, маалыматтык технологиялар жана байланыш жаатындагы министрликтери жана ведомстволорунун катышуусу менен ар бир кичи шаардын 5 жылдык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу жана КРнын Өкмөтүнүн токтому менен бекитүү каралат. Бул ишке түштүктө жайгашкан академиялык институттардын жана жогорку окуу жайлардын окумуштуулар коомчулугун кеңири тартуу талапка ылайык.

КРнын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик мүлктү башкаруу фонду тарабынан областтык же райондук баш ийүүдөгү, башка ири ишканалардын балансында турган айрым административдик, экономикалык жана социалдык-маданий маанидеги объектилерди шаардык муниципиалдык менчикке өткөрүп берүү жагын иштеп чыгуу да маанилүү. Мунун натыйжасында ар бир шаарда бирдиктүү жана эффективдүү территориялык башкаруу системасы түзүлөт.

Шаар түзүүчү ишканалардын жер жана мүлк ресурстарын сактап калуу жана кайра жандандыруу максатында ата мекендик жана чет элдик инвестицияларды тартуу боюнча шарттарды түзүү иштери да бар. Бул үчүн инвестиция тартылуучу объектилердин техникалык-экономикалык негиздемелерин иштеп чыгуу, биргелешкен ишканаларды түзүү зарыл деп эсептейбиз.

Шаар чарбасындагы ишканаларда учурдун суроо-талабына, жогорку керектөө касиеттерине ээ болгон жана атаандаштыкка жөндөмдүү продукциялардын түрлөрүн чыгаруу иштерин активдештирүү шарт. Бул багытта жергиликтүү ресурстарды комплекстүү иштетүү иш-чараларын жүргүзүү турат. Мисалы, көмүрдөн брикеттер, суюк отун, чайыр, көмүртек булалары ж.б. алуу технологияларын кийирүү боюнча жергиликтүү окумуштуулардын да сунуштары жетиштүү.

## 3.5. Шаар бренди кичи шаарлардын географиялык өзгөчөлүгүн көрсөтүүчү белги катары

Өлкөлөрдүн жана аймактардын ортосундагы күчөп бара жаткан атаандаштык азыркы дүйнөлүк өнүгүү үчүн мүнөздүү көрүнүш болуп саналат. Территориялык башкаруудагы салттуу административдик модель коомдук өнүгүүнүн ар кандай шарттары менен айырмаланат. Демек, территориялык башкаруу процессинде заманбап башкаруу технологиясын кеңири колдонууну жайылтуу – азыркы күндүн талабы. Анын бир багыты катары оболу территория маркетингин кароо максатка ылайык.

Территория маркетинги эң негизги максаты – территориянын атаандаштык артыкчылыктарын арттыруу. Мындай натыйжалуу маркетингдик иш-чараларды иштеп чыгуу үчүн атаандаштардын аракеттерине жооп катары алдын ала ар кандай чараларды даярдоону талап кылат [64, 159-б.].

Азыркы рыноктук мамилелердин өнүгүү учурунда Кыргызстанда территориялар (админстративдик аймактар) жана калктуу конуштар (шаарлар жана айылдар) ортосундагы атаандаштыктын өсүшү ачык байкалган шарттарда территория маркетинги (анын бир инструменти катары бренд түзүү маселеси) маанилүү багыт болуп саналат [64, 135-б.].

Бул багытта Д.В.Визгалов территория маркетингинин салыштырмалуу так маанисин берген: бул шаардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн конкреттүү милдеттерин аткаруудагы шаардын кызыкчылыктарын аныктоого жана жүргүзүүгө багытталган шаар коомчулугунун аракеттеринин комплекси [17, 79-б.].

Территориялардын маркетинги өзүнүн максаттык багытын ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөрдү камсыз кылуучу иш-чаралар комплексин иштеп чыгат:

-территориянын имиджин, анын аброюн, иштиктүү жана социалдык атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн  калыптандыруу жана жакшыртуу;

-территориянын жана анын субъектилеринин эл аралык, мамлекеттик жана аймактык програмаларга катышуусун кеңейтүү;

-территорияга мамлекеттик жана башка тышкы буйрутмаларды тартуу;

-территорияга салымдарды тартууну, анда тышкы ресурстарды пайдаланууну жогорулатуу;

-территориянын анын чегинен тышкаркы жекече ресурстарын анын пайдасы жана кызыкчылыгы үчүн тартууну жана пайдаланууну стимулдаштыруу [38, 26-б.].

Ал эми шаардын маркетингинин да эң бир так маанисин Д.В.Визгалов төмөндөгүдөй берет: шаардын социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча конкреттүү милдеттерди аткаруу үчүн болгон анын кызыкчылыктарын аныктоого жана жылдырууга багытталган шаар коомчулугунун иш-аракеттеринин комплекси. Ал эми кеңири мааниде бул шаардын кызыкчылыктарын жылдыруу жана лоббирлөө [17, 79-б.]. Образдуу айтканда, «территорияларды сатуу» же жылдыруу иш-аракеттерин активдүү жүргүзгөн субъектилерге төмөнкүлөр кирет: бийликтин жана башкаруунун территориялык органдары, калктын активдүү бөлүгү, өнүгүүнүн жергиликтүү экономикалык агенттиктери, туристтик операторлор жана агенттиктер, соода үйлөрү, спорттук комитеттер жана федерациялар, ошол жерде жайгашкан, ага болуучу керектөөчүлөрдү (продукциялардын буйрутмачыларын) тартуу жана барларын кармоо максаты менен активдүүлүгүн көрсөткөн башка структуралар [16, 34-б.].

Ал эми Р.Р.Казыхановдун оюу боюнча, территориялардын маркетингинин бул субъектилеринин жетектөөчү максаты болуп территориянын керектөөчү-субъектилеринин ой-пикирин, ниетин жана журум-турумун жаратуу, колдоо жана өзгөртүү эсептелет, анын ичинде:

-жалпысынан территориянын (жайдын) өзүнө тартуусу, аброю (бедели), территориядагы жашоо ишмердүүлүктүн жана иштиктүү активдүүлүктүн шарттары;

-территорияда топтолгон табигый, материалдык-техникалык, финансылык, эмгек, уюштуруучулук, социалдык жана башка ресурстардын жагымдуулугу, ошондой эл бул ресурстарды сатуунун жана кайра өндүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрү [38, 26-б.].

Стратегиялык пландаштырууда негизги тоскоолдуктардын бири ар бир шаардын өзүнчөлүгүн, менталитеттин өзгөчөлүгүн, андагы конкреттүү өндүрүштүк ресурстарды эске албай жалпылаштырып карагандыгында жатат.

Бул өз кезегинде киргизилип жаткан программалардын эффективдүүлүгүнүн бир кыйла төмөндөшүнө алып келет.

Бул багытта өкмөттүн аракети шаардык экономиканын ар кандай чөйрөлөрүндө иштеген мамлекеттик жана жеке менчик чарбалык субъектилердин иш активдүүлүгүн стимулдаштыруунун механизмдерин түзүүдө болушу керек. Кичи жана орто бизнести шаарлардын өнүгүүсүнүн негизи катары, чет элдик жана ата мекендик капиталды тартуунун фактору катары кароо менен жеңилдик кредитин берүү жана салык төлөө жолдору аркылуу ийкемдүү мамлекеттик жөнгө салуу турат.

Азыркы экономикалык өнүгүү шартында шаардын брендин иштеп чыгуу жана анын имиджин туруктуу кармоо территория маркетингинин эффективдүү рычагдарынын бири болуп саналат. Бул үчүн ички жана сырткы инвестицияларды тартуу, инновациялык табылгаларды киргизүү, өзгөчө экономикалык зоналарды, технопарктарды түзүү боюнча активдүү иштерди аткаруу керек.

Демек, территория маркетингине, анын алкагында шаарлардын маркетингине болгон кызыкчылыктын өсүшү аймактардын материалдык, финансылык, интеллектуалдык ж.б. ресурстарга болгон атаандаштыктын күчөөсү менен байланышкан. Азыркы өнүгүү шартында республиканын территориясында жайгашкан шаарлардын ортосундагы ички жана сырткы инвестицияларды тартуу боюнча атаандаштыкты байкоого болот. Бул территориянын (шаардын) рыноктук жагымдуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган маркетингдин стратегиясын кеңири колдонууга түрткү берип жатат.

Анткени, территориялык субъектилер борбордук бийликтин финансылык жана моралдык колдоосуна ээ болуу, ата мекендик жана чет өлкөлүк инвестицияларды кызыктыруу, квалификациялуу жумушчу күчтөрү ж.б. ресурстарды өзүнө тартуу талаасында эрегиш күрөшүн жүргүзүп келишет. Мындай шарттарда аймактар өздөрүнө гана тиешелүү, башкача айтканда, ошол аймактын табигый-географиялык, тарыхый, социалдык-экономикалык жана

экологиялык жактан өзгөчөлүгүн, айрыкча аймактык жана эл аралык рыноктогу салыштырмалуу артыкчылыгын даңазалаган (далилдеген) брендин түзүү зарылдыгын баса белгилейбиз [64, 135-б.].

“Бренд” – кыргыз экономикалык география илими үчүн жаңы түшүнүк. Ошондуктан бул багытта илимий изилдөө иштери башталгыч этапта турат жана бренддин маани-маңызын жана зарылдыгын теориялык жактан да, практикалык жактан да окуп-үйрөнүүгө туура келет [64, 135-б.].

Илимий адабияттарды талдоо акыркы мезгилде бул багыттагы изилдөөлөрдүн кызуу жүрүп жатканын көрсөтүп, аймактарды өнүктүрүү шартарында бренд түзүү жана аны пайдалануу актуалдуу тема экендигин аныктайт. Тактап айтканда, чет элдик бир катар орусиялык окумуштуулардын эмгектеринде бренд жана брендинг маселелеринин илимий-теориялык жактары жакшы каралган. Алсак, бул иштерде жалпы бренд, айрыкча шаар брендингине кылдат талдоо жүргүзүү брендинг чөйрөсүндөгү изилдөөчүлөр үчүн жол картасы болуп берери көрсөтүлгөн [116]. Азыркы дүйнөлүк рынокто атаандаштык артыкчылык алыш максатында өлкөлөр, аймактар жана шаарлар оң маанидеги имидж жана бренд жаратуу аракеттерин тынымсыз жасап келишет. Адамдардын ортосундагы мамилелерди, шаарлардын символдорун, маанилерин жана мүнөздөмөлөрүн иликтөө аркылуу бренддердин атаандаштыгы баса белгиленет [118, 47-56-б.]. Жалпылап караганда, бренд – товардын же кызматтын соода маркасынын керектөөчүнүн аң-сезиминдеги кабыл алуусу, образы. Мындан улам брендинг деп, брендди түзүү жана жылдыруу боюнча иш-чаралардын комплексин айтууга болот [2, 72-б.]. Ал эми территориянын бренди – бул тигил же бул территориянын коомдун кабыл алуусуна жана ал территориянын керектөөчүлөрү тарабынан туруктуу суроо-талапка ээ болгон жалпы адамзаттык баалуулуктардан ашып өтпөөчү уникалдуу сапаттарынын жыйындысы, өзүнчөлүк, кайталангыс оригиналдуу керектөөчүлүк мүнөздөмөсү [14, 49-57-б.]. Территориянын брендингинин максаты бренддин маалымат мейкиндигинде катышуусун камсыз кылуу, бренддин таанымалдыгын камсыздоо, конкреттүү территорияны таасир этүүчү күчкө айлантуу,

территорияга финансылык ресурстардын агымын буруу, сырткы демилгелердин аймактык чечимдерин даңазалоо болуп саналат.

Мында биздин изилдөө темабызга ылайык, шаарлардын брендине адистер төмөнкүдөй аныктама беришет: бул ачык жана өзүнө тартуучу идеяларда, символдордо, баалуулуктарда, образдарда системалуу түрдө көрүнгөн жана шаардын имиджинде максималдуу толук жана адекваттуу чагылдырылган шаардын иденттүүлүгү [15, 41-б.]. Шаардын брендин түзүүнүн максаты тигил же бул шаар конушунун негизги мүнөздөмөлөрүн (айырмачылыктарын, тиешелүү касиеттерин) бөлүп көрсөтүү менен анын территориялык жана экономикалык өзгөчөлүктөрүнө жараша өнүгүүнүн так багыттарын иштеп чыгуу менен түшүндүрүлөт. Тактап айтканда, аймактын (шаардын) негизги баалуулуктарын аныктоо жана анын башкалардан айырмалап турган артыкчылыктарын, атаандаштык жөндөмдүүлүктөрүн белгилөө менен бирге аны учурдагы жана келечектеги дараметин далилдөө десек туура болот [64, 136-б.].

Эми жогорудагы жана башка аныктамаларды талдоо менен биз мында шаардын брендине өзүбүзчө аныктама берип өтөбүз: *бул шаардын ар тараптуу өзгөчөлүктөрүн жана салыштырмалуу артыкчылыктарын далилдеп көрсөтүп турган образы жана дарамети*. Мындай образ бир же бир нече элементтен турушу мүмкүн. Бул максатта Казакстан менен Өзбекстандын мисалында ачык бренддерге ээ болгон айрым шаарларын келтирүүгө болот: тарыхый брендге ээ шаарлар – Бухара, Самарканд, Хива, Түркстан ж.б.; аталышы эле өнөр жайлык маңызын аныктап турган шаарлар – Жезказган, Темиртау, Газли ж.б [64, 136-б.].

Демек, мындан улам брендинг деп, тиешелүү маркетинг инструменттеринин жыйындысын жана бренд процессин башкарууну айтса болот. Ал белгилүү бир товарлардын жана кызматтардын брендин иштеп чыгуу, рынокко жайгаруу жана жайылтуу, кардарлар тарабынан болгон ишенимди камсыз кылуу, ошондой эле белгилүү бир бренддин рынок талаптарына ылайык келүүсүн туруктуу көзөмөлдөөнү түшүндүрөт.

Бренд реалдуу түзүлүш эмес, ал товардын, кызматтын, мекеме-ишкананын жана аймактын (анын ичинде калктуу конуштун) кандайдыр бир өзгөчө

касиеттери боюнча адамдардын аң-сезими аркылуу кабыл алуусу болуп саналат. Ал керектөөчү, өнөктөш, инвестор ж.б. тарабынан тийиштүү баалуулуктардын же атрибуттардын жыйындысы катары каралат. Ошондой эле брендди кардарлардын рыноктогу жүрүм-турумуна таасир этүүчү процесс деп айтсак да болот жана ал барып коммерциялык баалуулукка айланат. Ал эми жакшы брендинг мультипродуктивдүү мааниге ээ. Башкача айтканда, мисалы, шаар өзүнүн брендин анын карамагында өндүрүлгөн бардык товарларга колдонушу мүмкүн [64, 137-б.].

Бренд мааниси боюнча динамикалуу көрүнүш. Аны калыптандыруу процесси жана ал боюнча стратегиялык пландаштыруу ар дайым керектөөчүлөрдүн каалоо-тилектеринин өзгөрүүлөрү менен байланышкан. Бренддин максаты аймактарды (шаарларды) өнүктүрүүнүн стратегиялык милдеттерине шайкеш келип, аларга карата ишкана-уюмдардын жана адамдардын көңүлүн буруугa, аймактар талап кылган ресурстарды тартууга багытталышы зарыл. Азыркы шартта биринчи кезекте аймактардын инновациялык өнүгүүсүнө караганы да стратегиялык жактан пайдалуу.

Бүгүн бардык жерде аймактардын жана шаарлардын брендинг маселелерине кызыгуусу өсүп жатат. Анын ичинде Кыргызстандагы аймактардын жана шаарлардын коомчулук (анын ичинде чет элдик) тарабынан таанылган брендин иштеп чыгып, аны менен рынокко чыгуусун мезгил талап кылууда. Таанымал брендди түзүү, анын маанилүүлүгүн жайылтуу принциптерин жакшы өздөштүргөн аймактар (шаарлар) кардарлар, өнөктөштөр жана инвесторлор тарабынан оң сыпаттагы кызыкчылыктарды жаратары анык [64, 137-б.].

Аймактын брендинги багытындагы иш-аракетте географиялык жана тарыхый фактыларды эске алуу менен коомдогу жана бүтүндөй дүйнөдө болуп жаткан процесстерди ар тараптуу изилдөө максатка ылайык.

Территориянын брендин жаратууда анын коммерциялык маанисинен тышкары аймактар (шаарлар) үчүн социалдык-маданий аспектисине да жетиштүү көңүл буруш керек. Башкача айтканда, тиешелүү территориянын

жашоочуларынын арасында жоопкерчиликке, биримдүүлүккө жана патриоттуулук сезимге негизделген мамилелерди өнүктүрүүгө багытталган иш-чаралар кошо жүргүзүлүшүн колдойбуз. Ушул себептүү тигил же бул аймактын бренди андагы калктын маданий өзгөчөлүктөрүнүн, жүрүм-турум адаттарынын жана салт-санааларынын мыкты жактарын чагылдыруу менен өзүнүн маданий-идеологиялык функциясын кошо аткаруусу шарт. Мисалы, Кара-Суу шаарынын калкынын негизги бөлүгү тейлөө чөйрөсүндө (анын ичинде соода тармагында) алектенгендиктен кардарларга сый-урмат менен мамиле кылуу, сылык-сыпаалык, чынчылдык ж.б.у.с. касиеттерге ээ болуу территория маркетинги үчүн эң зарыл компоненттер болуп эсептелет [64, 138-б.].

Ошентип, территориянын брендинин маани-маңызы конкреттүү ишкана-уюмдун, шаардын өзгөчөлүгүн тактап көрсөтүп, алардын ички жана тышкы рыноктордогу белгилүүлүгүн камсыз кылат. Брендди колдонуу шаардын инвестициялык жагымдуулугун өнүктүрүүгө жана анын кадыр-баркынын өсүшүнө өбөлгө түзөт, ал эми жашоочуларында өзүнүн шаары үчүн сыймыктануу сезимин өстүрүүгө мүмкүндүк берип, алардын социалдык абалына оң таасирин тийгизери анык.

Ал эми бренд технологиясын колдонуу процесси төмөнкү негизги максаттарды көздөйт: биринчиден, аймакка (шаарга, ишканага) инвестицияларды, квалификациялуу жумушчу күчтөрүн жана туристтерди тартуу; экинчиден, потенциалдуу кардарларды кызыктыруу менен аймакта өндүрүлгөн товарларды жана кызматтарды ички жана тышкы рыноктордо ийгиликтүү таркатуу (сатуу).

Бүгүнкү күндө территориялык бирдиктердин (областтын, райондун, шаардын ж.б.) брендин иштеп чыгуу республикада аймактык экономикалык саясаттын жаңы багыты болуп саналат. Аймакка тиешелүү бренд аркылуу инвестиция ж.б. капиталдарды тартуу боюнча өнүгүү программаларында жана стратегияларында атайын бөлүктөр кабыл алынууда. Ушуга ылайык өздүк брендин түзүү ниетин бардык аймактар билдирүүдө жана бул жаатта алгылыктуу иштер жүрүп жатат [64, 138-б.].

Кыргыз Республикасы дүйнөлүк картада анча чоң эмес мамлекет болгону менен тоолуу рельефине жана субтропикалык алкакка жакын жайгашкандыгына байланыштуу территориялык кескин айырмачылыктарга ээ. Албетте, муну аймактары үчүн бренд иштеп чыгуу жана колдонуу технологиясында ийгиликтүү колдонууга болот. Мисал катары республиканын түштүк территориялык бирдиктерин алып, 3 факторлор тобунун негизинде карайбыз (3.12-табл.) [64, 138-б.].

3.12-таблица – Кыргыз Республикасынын түштүк аймагында бренд түзүү факторлору*

| Территория бирдиги | Табигый-географиялык факторлор | Тарыхый-маданий факторлор | Социалдык-экономикалык факторлор |
|---|---|---|---|
| Баткен областы | Кургак субтропикалык алкактын белгилеринин болушу, түздүктүү аймактар, альтернативалуу энергия алуунун шарттары, эндемик айгүл гүлүнүн таркалышы | Этникалык маданияттарды, каада-салттарды жана үрп-адаттарды камтыган аймак, элдик кол өнөрчүлүк (анын ичинде Лейлек районундагы килем жасоо өнөрү) | Өрүк чарбасы, күрүч өстүрүү, Өзбекстан жана Тажикстандын рынокторуна жакындыгы |
| Жалал-Абад областы | Ыңгайлуу физикалык-географиялык абал, реликтик жаңгак-жемиш токойлору, өзгөчө коргоого алынган жаратылыштык территориялар, жайлоо чарбасы | Этникалык маданияттарды, каада-салттарды жана үрп-адаттарды камтыган аймак, элдик кол өнөрчүлүк | Отун-энергетикалык ресурстар (гидроэнергетика, мунай жана газ кендери), жогорку демографиялык көрсөткүчтөр, Өзбекстандын рынокторуна жакындыгы |
| Ош областы | Ыңгайлуу физикалык-географиялык абал, бийик тоо чокулары, арча токойлору, жайлоо чарбасы, кургак субтропикалык алкактын белгилеринин болушу, альтернативалуу энергия алуунун шарттары | Этникалык маданияттарды, каада-салттарды жана үрп-адаттарды камтыган аймак, Улуу Жибек жолундагы мааниси, элдик кол өнөрчүлүк | Айыл чарбасы (анын ичинде пахтачылык, тамекичилик, жашылча-жемиш, күрүч өстүрүү) көмүр казуу, жогорку демографиялык көрсөткүчтөр, Кытай жана Өзбекстандын рынокторуна жакындыгы |

**автор тарабынан түзүлгөн*

Таблицада көрсөтүлгөндөй, түштүк аймактын бардык территориялык бирдиктери өзүнчө бренд иштеп чыгуу үчүн тиешелүү айырмачылыктарга ээ жана булар конкреттүү аймактын бренди үчүн негиз боло алат деп айтабыз. Бирок мында кээ бир райондор жашоодогу башкы ресурстарга (жер, суу ж.б.) чектелүү жеткиликтүү болгондугуна, чек арага жакын жайгашкан абалына жана улуттук ар түрдүүлүгүнө байланыштуу конфликт жаратуучу потенциалга ээ экендигин жана бул аймактагы инвестициялык процесстерди жүргүзүүдө терс фактор катары каралып келе жатканын белгилеп өтүү зарыл [78, 213-б.]. Мисал катары акыркы жылдары Өзбекстан жана Тажикстандын чек араларына чектеш калктуу пункттардагы чыр-чатактардын тез-тез кайталанганын айтып кетсек болот. Албетте, мындай факторлор тигил же бул аймактын оң маанидеги брендин түзүүгө тоскоол жаратат.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда жайгашкан шаарлар өздөрүнүн өндүргөн товарлары менен эмес, өздөрүнүн белгилүү бир деңгээлде салттуу таанымал аттары менен брендге ээ болуп келе жатышат. Коомдун өнүгүшүнүн азыркы этабы өндүргөн товарлар же кызматтар менен бренд түзүү талабын коюуда. Мына ошондуктан бизде брендинг ишин кеңири жайылтуу зарылдыгы турат [64, 140-б.].

Шаардын брендинги – бул шаардын уникалдуулугун табуу процесси. Ооба, шаарлар бири-бири менен туруктуу өнүгүү жана өз жарандарына татыктуу жашоо сапатын камсыз кылуу үчүн атаандашып келет. Шаардын күчтүү брендинги анын аймактык рынокто ийгиликтүү атаандашуусуна жардам берет. Андыктан шаардын брендинде чагылдырылган так айырмачылыктары жана уникалдуу мүнөздөмөлөрү сырттан капиталды, инвестицияны жана туристтерди тартуу үчүн маанилүү. Азыркы дүйнө өзгөрүүнүн чоң ылдамдыгында баратат, ошондуктан шаардын өндүрүүчү катары жакшы экендигин, анын башка атаандаштарынан өзүнө гана таандык айырмалангандыгын ачык көрсөтүү керек.

Брендинг процесси шаардын ажырагыс имиджинин түзүлүшү менен байланышкан. Шаардын имиджи көп жактуу иш-аракет, мында анын

уникалдуулугу бренддин негизги компоненттеринин бири болуп саналат: шаардын өзүнө тиешелүү образы, тышкы сүрөттөлүшү, өзгөчө тарыхы, архитектуралык көрүнүшү, тиешелүү товарларды чыгарган өндүрүштүк ишканалары, белгилүү шаар жашоочулары ж.б.

Демек, бренд шаарларга эмне үчүн зарыл? Шаардын имидж түзүүчү факторлору канчалык деңгээлде туура аныкталса жана өркүндөтүлсө, анын жашоочулары менен конокторунун ыңгайлуулугу гана эмес, анын бүт өлкө масштабындагы атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү көтөрүлөт. Бул максатта алып караганда шаарлардын экономикасын активдештирүү социалдык-экономикалык жана саясий мааниге ээ болгон башкы мамлекеттик милдет болуп эсептелет. Бренд шаарлардын өзүнө керектүү капиталдарды өзү иштеп тапканга жол берген потенциалын баалайт жана потенциалдуу керектөөчүлөр үчүн оң маанидеги чакырык болуп саналат: шаардын уникалдуу мүнөзүн жана аны башка дүйнөдөн айырмалап турган касиеттерин топтогон образы, аны адамдардын кабыл алуусуна тартып тургандай кылып жаратуу чеберчилиги. Бренд түзүү, аны колдонуу жана жайылтуу ар бир шаардын стратегиялык иш-милдеттеринин ажырагыс бир бөлүгү катары каралышы зарыл.

Кыргызстандын түштүк аймагы калкынын саны, функционалдык багыты жана экономикалык дарамети боюнча ар түрдүү шаарлардан турат: 1 республикалык маанидеги шаар (Ош шаары, 2020-жылга карата калкы 312,5 миң адам), 3 орто шаар (Жалал-Абад, Кызыл-Кыя жана Өзгөн шаарлары, калктарынын саны 50 миңден ашык) жана каралып жаткан 14 кичи шаар. Алар мамлекеттин географиялык, социалдык-экономикалык, саясий жана маданий чектерин аныктаган жана потенциалын көрсөткөн субъектилер болуп саналат [64, 141-б.].

Көп учурда шаарлар брендинин (же имиджинин) тарыхый жактан калыптанган элементтери болот. Аларды брендди түзүүдө негиз катары колдонсо болот. Мындай туруктуу ассоциациялар шаардын стратегиялык пландарын максаттуу аудиториялар менен байланыштырууда маанилүү. Биз карап жаткан республиканын түштүк аймагынын кичи шаарлары белгилүү бир

тарыхый фундаменттерге ээ деп айтсак болот. Башкача айтканда, шаарлардын брендин түзүү процессинде алардын тарыхый калыптануу себептерин негиз катары карайбыз (3.13-табл.) [64, 144-б.].

3.13-таблица – Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын тарыхый жактан калыптануусу боюнча бренд түзүү негиздери*

| Шаар статусун алган жыл | Шаардын аталышы | Келип чыгуу тарыхый себеби |
|---|---|---|
| 1940 | Сүлүктү | көмүр кендерин өздөштүрүү |
| 1943 | Көк-Жаңгак | көмүр кендерин өздөштүрүү |
| 1943 | Таш-Көмүр | көмүр кендерин өздөштүрүү |
| 1956 | Майлуу-Суу | электротехникалык товарларды чыгаруу |
| 1960 | Кара-Суу | транспорттук түйүн, административдик борбор |
| 1977 | Кара-Көл | гидроэнергетика тармагынын борбору |
| 2000 | Баткен | административдик борбор |
| 2001 | Исфана | административдик борбор |
| 2003 | Кочкор-Ата | мунай жана газ кендерин өздөштүрүү |
| 2003 | Ноокат | административдик борбор |
| 2004 | Кербен | административдик борбор |
| 2012 | Айдаркен | түстүү металлды кайра иштетүү |
| 2012 | Кадам-Жай | түстүү металлды кайра иштетүү |
| 2012 | Токтогул | административдик борбор |

**автор тарабынан түзүлгөн*

3.13-таблицада көрүнүп тургандай, аймактагы шаарлардын келип чыгуу тарыхы (жылдары жана себептери) ар түрдүү же өндүрүштүк, транспорттук жана административдик функцияларына карап бөлсөк болот. Ушуга ылайык 3.6-сүрөттө айрым кичи шаарлардын бренддик товарлары менен чагылдырылган шаарга кире беришиндеги аталыш белгилери келтирилди.




*Фотосүрөттөр интернеттен алынды*

3.6-сүрөт. **Кыргызстандын түштүгүндөгү өнөр жайлык негизде пайда болгон кичи шаарлардын бренддик товарлары менен чагылдырылган шаарга кире беришиндеги аталыш белгилери**

Ошентип, аймактагы кичи шаарларынын брендин түзүү азыркы зарыл маселелеринин бири болуп саналат. Мында шаар өзгөчө корпоративдик идентификацияны алат жана корпоративдик ураан анын өзгөчөлүгүн толуктайт жана өнөр жай, туризм, илимий изилдөө жана инновацияга инвестиция тартууга жардам берет.

Кичи шаарларга тиешелүү бренд концепциясын Кыргызстанда аймактык саясаттын жана шаарлардын стратегиялык өнүгүүсүн пландаштыруунун негизи, ички жана эл аралык рыноктордо аймактык товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу катары кароого болот. Шаарлардын уникалдуу касиеттерин, өзгөчөлүктөрүн жана артыкчылыктарын эсепке алуу менен тиешелүү бренддик көрсөткүчтөрүн түзүп чыгуу иши алдыда турат. Бренд түзүүнүн жана аны колдонуунун максаты жергиликтүү өндүрүүчүлөрдүн продукциясын рынокко чыгаруу, тармактарга инвестицияларды тартуу, керектүү жумушчу күчтөрүн келтирүү жана туризмди өнүктүрүү болушу зарыл.

Ал эми биздин изилдөө көрсөткөндөй, аймактагы ар бир шаар өзүнчө бренддик өзгөчөлүктөргө (артыкчылыктуу белгилерге) ээ. Биз карап жаткан кичи шаарлардын ичинен 9 шаардын (Айдаркен, Кадам-Жай, Кара-Көл, Кара-Суу, Кочкор-Ата, Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу, Сүлүктү жана Таш-Көмүр) бренд түзүү үчүн тарыхый жана экономикалык негиздери бар десек болот. Калган шаарлардын азыркы кездеги административдик жана рыноктук функцияларын эске алуу менен тиешелүү бренддик көрсөткүчтөрүн аныктап чыгуу турат. Албетте, брендди аныктоо, тактоо жана расмий жактан бекитүү иш-аракеттеринде муниципиалдык органдар менен катар илимпоздор коомчулугунун да салымы бар болушу керек. Мына ушуга байланыштуу бул багытта биз тараптан да алгылыктуу илимий изилдөө иштери болуп жатат деп айта алабыз [64, 143-144-б.].

## 3.6. Кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүнүн негизги багыттары

Кичи шаарларды аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары кароо, аларды мамлекет тарабынан натыйжалуу башкаруу үчүн илимий жана практикалык жактан негизделген мамлекеттик башкаруунун механизмдерин иштеп чыгуу зарыл. Аларга төмөнкүлөр таандык:

-шаардын экономикалык жана социалдык-экологиялык өнүгүүсүнүн программасын иштеп чыгуу;

-шаар бюджетинин булагы жана жумушчу орундарын түзүү негизи болгон шаар түзүү өндүрүштүк базасын кайра жандандыруу;

-шаардын өнүгүү маселесинде жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары менен борбордук аткаруу бийлик органдарынын ортосундагы иш-милдеттерди так бөлүштүрүү;

-жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу;

-заманбап менеджменттин эффективдүү усулдарын жана ыкмаларын колдонуу;

-шаар экономикасынын өнүгүүсүн стимулдаштыруу.

Изилдөөнүн жыйынтыгында биз Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарларды өнүктүрүүнүн төмөнкү багыттарын негиз катары аныктадык жана сунуштайбыз (3.7-сүрөт).




3.7-сүрөт. **Кичи шаарларды өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын схемасы**

**Шаарлардын финансылык базасын чыңдоо жана инвестиция тартууну кеңейтүү**

Финансы географиясы же банк ишмердүүлүгүн географиясы жаатындагы изилдөөлөр өзгөчө мааниге ээ жана чет элдик тажрыйбаларды окуп-үйрөнүүгө муктаждык бар. Банктык тажрыйбасы Кыргызстан үчүн пайдалуу болушу мүмкүн болгон өлкөлөрдүн ичинен өзгөчө орунда АКШ жана Россия турат, анткени, алардын 200 жылдан ашык эки деңгээлдүү банк секторунун иштеши

боюнча тарыхы бар. Бирок америкалык жана россиялык тажрыйбаны биздин өлкө үчүн түздөн-түз которууга, аны кандайдыр бир “даяр рецепт” катары пайдаланууга мүмкүн эмес. Бул тажрыйбаны ар тараптуу жана деталдуу изилдөө, анын оң жана терс жактарын аныктоо аркылуу гана жасоого болот. Дал ушул көз караш, биринчи кезекте, биздин изилдөөбүздүн актуалдуулугун – азыркы мезгилдеги республиканын банк тутумунун аймактык уюштуруу өзгөчөлүктөрүн жана анын кичи шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө тийгизген таасирин түшүндүрөт [85, 40-44б.].

Аймактык банктардын ири улуттук банктарга караганда бир катар артыкчылыктарга ээ экендигин белгилүү:

-алар өз аймагындагы иштердин абалы жөнүндө жакшы маалыматка ээ, анын өзгөчөлүктөрүн билишет, жергиликтүү башкаруучу элиталар менен тыгыз байланышта, демек, алардын иш-аракеттери уюштуруучулук чыгымдарды аз талап кылат;

-аймактык банктар өз жерине салынган инвестициялардын натыйжалуулугуна абдан кызыкдар;

-чакан аймактык банктар өз иш-аракетинде жоопкерчиликке жана жекече мамилеге көбүрөөк көңүл бурушат. Анткени, бир насыянын да төлөнбөй калышы алар үчүн чоң жоготуу болушу мүмкүн.

Аймактык банктар (операциялардын масштабы жагынан эң кичинеси болсо да) банк системасын монополиядан ажыратууга жана тиешелүү рынокто атаандаштыкты күчөтүүгө көмөктөшөт. Кыскасы, аймактык банктардын көп болушу банк системасынын бекемдигин жогорулатат, анын тез жана ийгиликтүү өнүгүшүнө шарт түзөт. Эсептөөлөр көрсөткөндөй, рынок экономикасы бар өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө активдерге жана капиталга карата болгон кирешелердин катышы жагынан ири эмес, орто банктар эффективдүү деп табылат. Бизнес канчалык чоң болсо, аны башкаруу ошончолук кыйынга турары анык жана даана. Дүйнө жүзүндө иш алып барган ири финансылык холдинг компанияларын түзүү сөзсүз түрдө жаңы көйгөйлөргө алып келет. Эч бир күчтүү компьютерлер жана тез байланыш каражаттары ондогон ар кайсы өлкөлөрдө

жана миңдеген филиалдарда чачырап кеткен көптөгөн банк кызматкерлеринин жүрүм-турумун эффективдүү көзөмөлдөөгө мүмкүндүк бербейт [86, 298-304-б.].

Мына ушуга байланыштуу кичи шаарлардын финансылык кудуретин чыңдоо максатында банк системасын өнүктүрүү түздөн-түз пайда алып келери бышык.

Албетте, экономикалык илимде кризистик кырдаалдан чыгуу үчүн тышкы жардамды алуунун жактоочулары да, каршылаштары да бар. Белгилүү болгондой, кризиске учураган өлкөлөр үчүн тышкы жардамды пайдалануу же пайдаланбоо көйгөйлөрү дүйнө жүзүндө белгилүү. Америкалык окумуштуулар Дж.Д.Сакс жана Ф.Б.Ларрен буга байланыштуу мындай деп жазышат: «Жакыр өлкөлөрдүн жана орто кирешелүү өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүү стратегиясы боюнча талаш-тартыштар тышкы сооданын карама-каршы эки жактуу стратегиясында болуп отурат: тышкы багыт, мында өлкө башка өлкөлөргө өзүнүн рынокторун ачып, экспортту колдойт; ички багыт (же импортту алмаштыруу), мында өлкөдө эл аралык соодага чоң тоскоолдуктар жаралат, ички рыноктун керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн өз өнөр жайын өнүктүрүүгө басым жасалат. Акыркы 25 жыл ичинде жүргүзүлгөн дээрлик бардык изилдөөлөр тышкы багыттагы өлкөлөрдө экономикалык өсүштүн тез өсүп жаткандыгын көрсөтөт» [87, 638-б.].

Тышкы жардамды тартуу менен экономиканы кризистик абалдан чыгаруу маселесин иликтөөдө маани-маңызы боюнча карама-каршы эки корутунду пайда болот. Бир жагынан, тышкы инвестициялардан баш тартуу Кыргызстандагы экономикалык өсүү темпин басаңдатышы мүмкүн. Экинчи жагынан алганда, Африка өлкөлөрүнүн өнүгүү тажрыйбасы көрсөткөндөй, тышкы жардам дайыма эле өнүгүүгө оң таасирин тийгизе бербейт [4, 238-б.].

Биздин оюбузча, тышкы кредиторлордун жардамы экономиканы реформалоодо оң натыйжаларга жетишүүгө жардам берет. Бирок, мында эл аралык уюмдар жана айрым өлкөлөр тарабынан берилген бардык финансылык ресурстарды натыйжалуу пайдалануу жана экономикада позитивдүү өзгөрүүлөргө жетишүү үчүн өлкө тарабынан кандай инвестициялык стратегия кабыл алынышын

аныктоо турат. Кыргызстанга тышкы жардам зарыл, анткени, өткөөл мезгилдеги инвестициялардын ички булактарынын көлөмү кескин төмөндөөгө учурап, өлкөнү кризистен алып чыгууга мүмкүнчүлүгү жок. Эреже катары, индустриялаштыруунун алгачкы доору үчүн улуттук кирешенин өсүшүнүн ар бир пайызынын капиталдык сыйымдуулугунун жогорку деңгээли менен мүнөздүү экендиги теориялык жактан далилденген. Бул биринчи кезекте өлкөнүн инфраструктурасына ири инвестициялардын керектиги менен түшүндүрүлөт.

Жалпысынан алганда, тышкы донорлордун насыяларын натыйжасыз пайдалануу фактылары болсо дагы Кыргызстан үчүн тышкы жардамдын төмөнкү оң жактарын белгилеп өтүү шарт:

1.Эл аралык финансылык институттар менен кызматташуу мамлекеттик башкаруу, макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү финансылык жөнгө салуу, бүтүндөй республикада рыноктук негиздерди түзүү боюнча эл аралык тажрыйбалар менен таанышууга өбөлгө түздү. Тактап айтканда, коррупция менен күрөшүүдө эл аралык тажрыйбаны киргизүү ишкердикдеги тоскоолдуктарды азайтууга жардам берет.

2.Заманбап социалдык, экономикалык жана башкаруучулук технологиялар киргизилген, бул, албетте, мындай чөйрөлөрдөгү менеджменттин сапатына оң таасирин тийгизет.

3.Чет элдик эксперттер менен түз байланышта болгон жана долбоорлорго катышкан мамлекеттик аппараттын кызматкерлеринин жана эл аралык уюмдардын түзүмдөрүндө ар кандай кызматтарда иштеген жарандардын кесиптик деңгээли жогорулады.

Келечекте жеңилдетилген кредиттерди (насыяларды) жана гранттарды тартуу маселесин чечүүдө тышкы каржылык жардамдын сунушталган формаларына жана шарттарына илимий жактан кылдат негизделген баалоо зарыл. Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн, тактап айтканда, Сахаранын түштүк жагындагы Африка өлкөлөрүнүн өнүгүү үчүн мындай каражаттарды пайдалануу тажрыйбаларынын мисалында өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн туңгуюк кырдаалга туш болгон учурлары көп кездешерин байкоого болот. Өлкөбүздө

реформалардын жүрүшүндө ушундай каталардын кайталанышына жол бербөө үчүн инвестициялык каражаттарды тартуу стратегиясын олуттуу тактоо зарыл. Мында мамлекеттин инвестициялык стратегиясын иштеп чыгуу илимий негиз боло алат.

Бюджеттик каражаттардын негизинде жасалган мамлекеттик инвестициялардын багыты чоң мааниге ээ. Мисалы, мамлекеттик бюджеттен инвестициялык долбоорлорду түздөн-түз каржылоо же мамлекеттик финансы институттары тарабынан жеңилдетилген насыяларды берүү дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө капиталдык салымдар үчүн каражаттын маанилүү булагы болуп саналат. Мында алар өлкөнүн инфраструктурасын өркүндөтүүгө жана реалдуу өндүрүштү түз каржылоого багытталат. Масштабы боюнча инфраструктурага болгон мамлекеттик инвестициялар социалдык тармактарга салынган инвестициялардан алда канча көп. Өнүгүүнүн орточо деңгээлиндеги өлкөлөр 80-90-жылдардын башында инфраструктурага инвестицияларды ИДПнын орточо 4%ын сарпташкан (бул өлкөлөрдөгү ички дүң инвестициялардын 20%ын түзгөн) [4, 239-б.].

Республиканын табигый, эмгек жана финансылык ресурстарын максималдуу эффективдүү пайдалануу үчүн инвестициялоонун алгылыктуу варианттарын өлчөп, талдоо жана тандоо зарыл. Мындан тышкары, ушул багытта бир катар маселелер чечүү каралат:

-жер үстүндөгү жана спутниктик байланыштын кыйла өркүндөтүлгөн каражаттарын киргизүү аркылуу республиканын аймактарында телефон жана интернет байланыштарын жакшыртуу;

-автомобиль жолдорунун абалын жакшыртуу, анткени, алардын көпчүлүк бөлүгү капиталдык жана учурдагы оңдоого муктаж;

-алыскы чет өлкөлөрдүн рынокторуна чыгууга мүмкүндүк берген авиациялык жана темир жолдорду өнүктүрүү [4, 239-б.].

Азыркы этапта инвестициялар мамлекеттин, аймактын, тармактын жана конкреттүү ишкананын экономикасын өнүктүрүүнүн маанилүү куралы болуп саналат. Башкача айтканда, алар өлкө ресурстарын жана алдыңкы

технологияларды айкалыштыруу менен узак мөөнөттүү экономикалык өнүгүүнү камсыз кылууга багытталган. Бирок бизде аймактардын тегиз жыргалчылыгын камсыз кылуу максатында инвестицияларды аймактар боюнча “адилеттүү” бөлүштүрүү али жок. Бул айрым аймактардын депрессия абалга түшүүсүнө, жакырчылыктын пайда болушуна, миграциянын көбөйүшүнө жана социалдык чыңалуунун күчөшүнө алып келүүдө.

Ушуга байланыштуу инвестицияларды тартуунун актуалдуулугу Кыргызстандын, анын түштүк аймагынын өнүгүшүнүн азыркы шарттарында өзгөчө мааниге ээ. Ошондой эле экономикалык иш-аракеттердин башка тармактарына капиталдык салымдардын кескин жетишсиздиги байкалат. Аракеттеги бизнес объектилерин модернизациялоого, иштебей жаткан ишканаларды реанимациялоого жана реконструкциялоого, жаңы өндүрүш объектилерин курууга, чакан жана орто бизнести кеңейтүүгө жумшалуусу талапка ылайык. Демек, шаардын администрациясы тышкы экономикалык байланыштарды кеңейтүүгө, жаңы өнөктөштөрдү издөөгө жана шаардын экономикасынын реалдуу секторун жана социалдык чөйрөсүн өнүктүрүү үчүн башка мүнөздөгү инвестицияларды тартууга багытталган жигердүү иш-аракеттерди көрүүсү шарт [77, 207-208-б.].

**Шаар чарбасы үчүн приоритеттүү тармактарды өнүктүрүү**

Каралып жаткан кичи шаарлар тарыхый, табигый-географиялык жана социалдык-экономикалык потенциалына жараша шаар экономикасынын тигил же бул тармагын же тармактар тобун өнүктүрүү жана жайгаштыруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Андайга өнөр жай (же анын конкреттүү тармактары), айыл чарбасы, тейлөө чөйрөсү, анын ичинен, мисалы, транспорт, билим берүү, туризм, маданият ж.б. таандык болот.

Бул илимий иштеги биздин талдоо боюнча бардык кичи шаарлар үчүн өнөр жай жана туризм приоритеттүү тармактар болгондугуна байланыштуу бул эки тармакты мисал катары белгилеп өтөбүз.

*Өнөр жай* – бул улуттук кирешенин басымдуу бөлүгү жаралган коомдук өндүрүштүн алдыңкы тармагы. Азыркы шарттарда өнүккөн өлкөлөрдүн

ИДПсынын жалпы көлөмүндө өнөр жайдын үлүшү 40% га жакын. Тармактын алдыңкы ролу анын өнүгүүсүнүн ийгилигинен коомдун жогорку сапаттагы продукцияларга болгон муктаждыктарын канааттандыруу деңгээли, өндүрүштү техникалык кайра жабдуу жана интенсификациялоо көз карандылыгы менен шартталат [76, 91-б.].

Мына ушуга байланыштуу Кыргызстан шартында өнөр жайлык өнүгүүнүн жаңы саясатын иштеп чыгуу жана эл чарбасынын мындай маанилүү тармагын сенектиктен алып чыгуунун конкреттүү жолдорун издөө зарылчылыгы келип чыгууда. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн өлкөдө өнөр жай секторун өнүктүрүүнүн жана жайгаштыруунун негиздерин илимий изилдөө өтө пайдалуу.

Кыргызстан үчүн ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга жана мамлекеттик жөнгө салууну өркүндөтүүгө таянуу менен өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу милдети биринчилерден болуп саналат [76, 94-б.].

Өнөр жайдын тармактарын жайгаштырууну жана өнүктүрүүнү рационалдаштыруунун негизин диверсификацияны, тармактар аралык концентрациялоону жана өндүрүштү комбинирлөөнү эске алуу менен жайгаштырууну өзгөртүү түзөт. Мындай тенденциялардын диалектикасы өнөр жайдын жайгашуусун алардын өнүгүүсүнө ыңгайлуулук абалына алып келиши керек, демек, улуттук экономиканын масштабында эң аз чыгымдарга алып келип, чоң пайда жаратышы абзел. Ошондой эле илимий-техникалык прогресс тармактын натыйжалуу иштешинин эң маанилүү фактору катары чыга алат, ал тармактын ишканаларына динамикалык социалдык-экономикалык өнүгүү шарттарын жаратат. Мында өсүүнүн масштабы жана темпи, рынок талап кылган продукцияны өндүрүү көлөмү өсөт; баа жана сапат факторлору жагынан товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жогорулайт; эмгек шарттары жакшырат; тамак-аш өнөр жайында сезондуулук тегизделет; оптималдуу мезгилдин ичинде тез бузулуучу сырьелорду кайра иштетүү тездетилет; өндүрүш калдыктарын жеринде кайра иштетүү мүмкүнчүлүктөрү түзүлүп, олуттуу экологиялык эффект түзүлөт; зыянсыз технологиялар киргизилип,

натыйжада керектөөчүлөргө, жумушчуларга, ортомчуларга жана тармактан тышкаркы чөйрө үчүн жагымдуу шарттар түзүлөт.

Экономиканын инновациялык жигердүүлүгүн жогорулатуу жана экономиканын реалдуу сектору тарабынан инновациялык атаандаштык артыкчылыктарын түзүүгө дем берүү жаатында башка өлкөлөрдүн (Казакстан, Россия) бай тажрыйбасын колдонуу, албетте, атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатуу милдетине шайкеш келет.

Алсак, жеңил өнөр жайы натыйжалуу жана инновациялуу касиеттери менен өзгөчөлөнүп, чектеш тармактар кластерлерине бөлүнгөн, демек, аларга сырьену жеткирүүдөн баштап керектөөчүгө даяр продукцияны берүүгө чейинки бардык этаптар камтылган. Дүйнөлүк рынокто кыргыз текстиль продукциясынын улуттук бренди түзүлүп, өлкөдө дизайнердик өнөрдүн өнүгүүсү эл аралык мода жана искусство индустриясында таанылып калды десек болот. Ошондой эле жеңил өнөр жайынын өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп кошулган салымдардын тез кайтарылышы саналат. Тармактын технологиясы минималдуу чыгымдар менен чыгарылып жаткан продукциянын ассортиментин тез өзгөртүүгө мүмкүндүк берип, өндүрүштүн жогорку мобилдүүлүгүн камсыз кылат.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын жеңил өнөр жайы 3 негизги тармакты камтыйт: текстиль, тигүү жана булгаары-бут кийим-мех өндүрүшү. Алардын ичинен эң өнүккөнү текстиль жана тигүү тармактары болуп саналат. Бул тармактар өлкөнүн өндүрүш секторунун өсүш темпин жогорулатууда башкы ролду ойнойт. Жеңил өнөр жай республиканын бюджет түзүүчү тармактардын бештигине кирип, өлкөнүн экономикасында маанилүү орунду ээлейт. Бүгүнкү күндө өлкөдө жеңил өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү жылына орто эсеп менен 17 млрд сомду түзөт [69, 77-б.].

Тармактын социалдык маанилүүлүгүн өзгөчө белгилей кетүү керек. Дүйнөлүк банктын баасы боюнча, республиканын бир гана тигүү тармагында 300 миң адам иштейт. Алардын 80%ын аялдар түзөт. Кыргызстандын Жеңил өнөр жай ассоциациясынын адистеринин айтымында, учурда тармакта 3000ге жакын ишканалар катталган. Республиканын тигүү тармагы негизинен жеке

ишкерлерден турат. Ошондой эле ишканаларынын 90%ы кичи жана орто бизнеске негизделген: 60%ы – чакан, 30%ы – орто жана 10% гана – ири ишканалар [69, 78-б.].

Тармакты сактап калуу үчүн ата мекендик товар өндүрүүчүлөрдү коргоо боюнча кечиктирилгис чаралар кабыл алуусу шарт, текстиль өндүрүшүн өнүктүрүү, тигүү рыногунун бардык катышуучуларын бириктирүү зарыл. Ошону менен катар тармакты өнүктүрүү үчүн кластер түзүү жолу менен атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияны өндүрүүнү жолго коюу зарыл. Баштапкы өндүрүш жана кайра иштетүүнү айкалыштырган ири фабрикаларды, технополисти түзүү гана ата мекендик продукциянын эл аралык стандарттарга ылайык келүүсүнө жана республиканын тышкы рынокторуна чыгуусуна мүмкүндүк берет.

Кыргызстандын рыногу анча чоң эмес, ошондуктан экспортко багытталган саясат жүргүзүү керек, ал эми тышкы керектөөчүлөрдүн туруктуу талабы бар экспортко атаандаштыкка жөндөмдүү товарлар гана жарактуу. Республиканын жеңил өнөр жайына технологиялык, маркетингдик жана уюштуруучулук инновацияларды киийрүү тармакты башкаруунун бардык деңгээлдериндеги биринчилик милдет болууга тийиш.

Жыйынтыктап айтканда, жеңил өнөр жай тармагын өнүктүрүү үчүн инвестициялык процессти стимулдаштыруу, жергиликтүү чийки сырье базасын өнүктүрүү, экспортту күчөтүү, инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүү, ушул тармактын акыркы продукциясын өндүрүү жана сатуу жаатында логистиканы орнотуу зарыл экендигин белгилейбиз.

*Туризм* тармагына токтолсок, каралып жаткан шаарлар жайгашкан аймак географиялык, тарыхый жана социалдык-экономикалык факторлорго ылайык ар кандай деңгээлдеги туристтик потенциалга ээ. Атап кетсек, Баткен, Жалал-Абад жана Ош областтарынын жаратылыш шарттары жалпысынан калктын жашоосу үчүн ыңгайлуу болгону менен кээ бир райондордо (Араван, Баткен, Кара-Суу ж.б.) туристтик ресурстардын аз санда болуусу, антропогендик таасирдин натыйжасында табигый ландшафттардын аянтынын азайышы, ири суу

объектилердин жоктугу, тейлөө чөйрөсүнүн сапатынын начардыгы жашоочулар үчүн бир катар маселелерди жаратуу менен туризм тармагын өнүгүүсүнө кедергисин тийгизүүдө [44, 97-б.].

Демек, аймакта мындай айырмачылыктар болгону үчүн туристтик бизнесте бирдиктүү реформа жүргүзүү кыйынчылыкты жаратат жана ар бир аймактын өзгөчөлүгүн эске алуу менен ийкемдүү саясат жүргүзүүнү талап кылат. Бул багытта ар бир территориялык бирдик өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша мамлекет тарабынан кабыл алынган тиешелүү экономикалык стратегияны талап кылат. Башкача айтканда, аймакта ички жана эл аралык туризмдин андан ары өнүгүүсүн стимулдаштыруу, заманбап эффективдүү жана атаандаштык жөндөмү бар туристтик комплексти калыптандыруу максатында жаңы маанидеги атайын аймактык программалар кабыл алынышы максатка ылайык. Мындай документтер инновациялык мүнөзгө жана интеграциялык багытка ээ болуу менен туризм чөйрөсүндө рыноктук мамилени мындан ары өнүктүрүү процессин көздөшү керек.

Аймактык туризмди мамлекеттик жөнгө салуунун адекваттуу механизмдеринин иштелип чыгуусу жергиликтүү администрациялардын экономикалык багыттарынын бири болуусу зарыл.

Мамлекет туристтик иш-аракеттердин өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү менен анын иштөөсүнө жагымдуу шарттарды түзөт. Бул өз учурунда өлкөнү туризм үчүн ыңгайлуу жана жагымдуу шарттары бар өлкө (аймак) катары көрсөтүп, туризм жаатындагы инвестициялык саясаттын багыттарын аныктай алат. Өлкөдө бул маанидеги иш-аракеттер төмөндөгүдөй бир катар максаттарды көздөйт: жарандардын эс алуудагы конституциялык укуктарын камсыздоо; туризм секторунун атаандаштык жана адистешүү мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү аркылуу туристтик бизнес үчүн жагымдуу шарттарды түзүү; туристтик иш-аракеттердин приоритеттүү багыттарын аныктоо жана колдоо; орто жана чакан ишкердикти өнүктүрүү; айлана-чөйрөнү коргоо жана анын абалын жакшыртуу; табигый жана тарыхый эстеликтерди ар тараптуу коргоо жана алардын туристтик маанисин даңазалоо [43, 98-б.].

Ал эми туристтик иш-аракеттерди колдоодогу мамлекеттик жөнгө салуучу түзүмдүн өнүгүүсү бир нече жолдор аркылуу ишке ашат:

-туризмдин толук кандуу өнүгүүсүн камсыз кылуучу укуктук-ченемдик базаны түзүү;

-туризмдин инфраструктуралык өнүгүү программасын ишке ашыруу үчүн түз бюджеттик колдоолорду көрсөтүү;

-ата мекендик жана чет элдик инвесторлор үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү жана алардын укуктарын коргоо;

-туризм жаатында эл аралык байланыштарды кеңейтүү, эл аралык рынокто туристтик маркетингди (анын ичинде жарнама берүүнү) жүргүзүүгө көмөктөшүү;

-туристтердин коопсуздугун толук камсыз кылуу;

-тармактык илимди өнүктүрүү жана кадрларды даярдоого көмөк көрсөтүү [43, 98-б.].

Бирок, баса белгилей кетүүчү жагдай, республикада азырга чейин туристтик тармакты өнүктүрүүнүн так экономикалык багыты жок болгондуктан аны мамлекеттик жөнгө салууда бир катар кыйынчылыктар болуп жатат. Туризмдин башкаруу жана укук коргоо органдары, улуттук экономика жана социалдык чөйрөнүн бардык тармактары менен түздөн-түз же кыйыр түрүндө байланышы болгон үчүн бул тармакта бирдиктүү мамлекеттик саясатты жүргүзүү татаал экендиги маалым. Тактап айтканда, транспорт, байланыш, спорт, маданият, соода, коомдук тамактануу ж.б. тармактардын өнүгүүсү туризмге оң таасир этет жана ошол эле мезгилде алардын ургаалдуу өнүгүүсү туризмден да көз каранды.

Бүгүнкү күндө кичи шаарларда туризмдин ийгиликтүү өнүгүүсүнө бир катар маселелер тоскоолдук жаратат: туризмди өнүктүрүү концепциясынын жоктугу, туристтик инфраструктуранын алсыз өнүгүүсү же начар абалдагы сервис, материалдык базасынын моралдык жана физикалык жактан эскиргендиги, комфорттуулук деңгээли жогору жана орто тейлөөдөгү мейманканалардын жетишсиздиги, табигый коркунучтуу кубулуштардын тез-тез кайталынышы ж.б. Тилекке каршы, бул маселелерди туристтик

ишканалардын гана күчү менен чечүүгө мүмкүн эмес. Ошондой эле туризмди мамлекеттик жөнгө салуу системасынын толук эмес иштөөсү кара өзгөй конкуренцияны жаратууга жол ачат, туристтик кызматтарды керектөөчүлөрдүн укугу бузулат.

Демек, өлкөдөгү бир катар заманбап объектилердин санына карабастан туризм индустриясынын материалдык-техникалык базасы, анын жайгашышы аймактардын рекреациялык потенциалына дал келбейт. Ушуга байланыштуу эскилиги жеткен фондду түп-тамырынан бери реконструкциялоо, заманбап туристтик ишканалардын түзүмүн түзүү, эс алуу чөйрөсүндө жаңы технологияларды ишке киргизүү керек. Курулуш саясаты жаратылышка жакындык жараткан жана улуттун тарыхый өзгөчөлүгүн даңазалаган аракетке бурулушу зарыл. Айлана-чөйрөгө таасири аз жеңил курулуштардан турган айылдарды куруу да максатка ылайык. Алардын ыңгайлуулугу кардарлардын купулуна толуп, жагымдуулук деңгээли жогору болушу шарт. Мындай мобилдүү курулуштар туристтик сезондун күчөгөн учурунда өзүнүн пайдасын берет.

Мамлекеттик жана жергиликтүү деңгээлде туризмди өнүктүрүүнү колдоо саясаты ар түрдүү усулдар жана формалар (мисалы, стимул берүүчү экономикалык жана укуктук шарттарды түзүп берүү, тиешелүү салыктарды азайтуу же салык каникулун берүү ж.б.) аркылуу жүргүзүлгөн учурда гана аймактарда туризмди өнүктүрүү иш-аракеттери ийгиликтүү ишке ашат деп ойлойбуз [44, 99-б.].

Мына ошентип, түштүк аймакта туризмдин мындан аркы өнүгүүсү бардык областтарда туризм жана эс алуунун жаңы объектилерин курууну көздөйт. Үч облать тең өзүнө мүнөздүү туристтик максаттагы табигый жана маданий ресурстарга ээ жана инфраструктуралык куруу андай өзгөчөлүктөрдү эске алууну талап кылат. Туризмдин чарбалык айлануусуна жаңы ресурстарды жана зоналарды тартуу райондун адистешүүсүнө таасир этип, эмгекти район ичинде бөлүштүрүүгө жардам берет. Тармактын өнүгүү стратегиясында аймактын ресурстук потенциалын эсепке алган адистештирилген ишканаларды түзүү,

андан ары тигил же бул экономикалык райондун туристтик адистешүүсүн кароо максатка ылайык болот.

Тактап айтканда, түштүк аймакта туризмдин мындан аркы өнүгүүсү үчүн эң алгач санатордук-курорттук жана эс алуу мекемелеринин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу зарыл. Замандын талабына жооп бере турган эс алуучу, ден соолукту чыңдоочу жана дарылоочу мекемелердин чынжырын түзүү аймактын рекреациялык комплексин өнүктүрүүнүн негизи деп эсептейбиз. Дээрлик бардык ишканаларды реконструкциялоо зарыл, аларды жаңы заманбап жабдуулар жана эмеректер менен камсыздоо талап кылынат. Мындан сырткары туристтерди жеке кызыгууларына жараша ар түрдүү рекреациалык алектенүүлөрдү иштеп чыгып, эс алуучуларга экскурсиялык тейлөөлөрдүн түрлөрүн кеңейтүү керек. Ошондой эле туристтик ишканалардын комбинациялык иштөөсүн камсыз кылуу турат. Акырында аймакта жалпы инфраструктуранын белгилүү тармактарын өнүктүрүү, ички жана сырттан келүүчү туризмдин өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн инвестициялык климатты жакшыртуу жана курулуш иштерин жайылтуу менен байланышкан аймактык стратегиялык программалар жана туристтерди өзүнө тартуучу жана чакыруучу атайын долбоорлор иштелип чыгуусу зарыл [43, 95-96-б.].

Кичи шаарларда туризмди өнүктүрүү өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ: жайгашуу абалы, жаратылышы, жаралуу тарыхы, архитектурасы, чарбасы, калкы, маданияты, салттуу иш-чаралары ж.б. боюнча айырмалуу. Ар бир кичи шаар Кыргызстандын, анын түштүк аймагынын тарыхый, социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүн “бөлүктөп” көрсөтүү объектиси катары сунушталышы максатка ылайык. Ошондуктан ар биринин өзүнө ылайык туристтик имиджи түзүлүп, тиешелүү маркетингдик стратегиянын негизинде туристтик агым тартылышы зарыл. Мында келип чыгышы жана мааниси боюнча кээ бир шаарларга экономикалык жактан “суроо-талап” болсо, башкалардын тарыхына басым жасалышы мүмкүн. Мисалы, Сүлүктү шаарынын тарыхый-туристтик маанисин да эске алсак, ал Кыргызстанда совет бийлиги орногон биринчи шаарлардын катарына кирет.

Туристтик көз караштa дагы бир белгилеп кетүүчү жагдай, көпчүлүк кичи шаарлар табигый чөйрөдөн кескин бөлүнгөн (алыстаган) эмес, алар тоо, кыр, адыр, дарыя, капчыгай, шалбаа ж.б. туристтик жактан кызыктуу табигый объектилерге чектеш же жакын жайгашкан. Башкача айтканда, “аларда жашоонун жай ритми бар, шашылуу жана бекер убаралануу жок, табигый чөйрөнү жана анын бир бөлүгү катары сезүүгө мүмкүнчүлүк бар” [29, 66-71-б.]. Бирок түштүк аймактын кичи шаарларынын табигый-туристтик потенциалы азыркы күндө жетиштүү ачылбай да, пайдаланылбай да келет. Аны таанытуу максатында биринчи кезекте туроператорлор жана туристтер үчүн интерактивдүү карта жана электрондук маалыматтар борборлорун түзүү иши турат.

**Кичи шаарлардын базасында акылдуу шаар жана “жашыл” шаар экономикасын түзүү**

Азыркы учурда дүйнөдөгү экологиялык кырдаалды критикалык абалга жакындап калды деп мүнөздөсө болот. Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын миңдеген түрлөрү жок болуп жана ал процесс уланууда. Жыл сайын Жер бетинде 11 млн га тропикалык токойлор жоголуп жатат. Бул токойду калыбына келтирүү масштабынан 10 эсе көп. Күн сайын атмосферага 60 млн т чейин көмүр кычкыл газы бөлүнүп чыгат. Дүйнөлүк океанда суунун денгээлинин жогорулашынын себебинен кээ бир арал мамлекеттери суу астында калышы ыктымал. Акыркы 20 жылдын ичинде океандар жана деңиздердегы тирүү организмдердин саны дээрлик 4 эсеге кыскарган.

Ушуга байланыштуу адамзаттын жашап туруусу жана өнүгүшү үчүн жаңы экономикалык моделге өтүү талап кылынат, анын негизинде “жашыл” экономика жатат, мында товарларды жана кызматтарды өндүрүү, таркатуу жана керектөө узак мөөнөттүү келечекте адамзаттын жыргалчылыгынын жогорулашына алып келет. Ал эми келечектеги муундар олуттуу экологиялык тобокелдиктердин же экологиялык тартыштыктын таасир этүүсүнө дуушар болушпайт.

Кыргызстанда жашыл экономикага өтүү үчүн экономиканын 7 негизги секторун инвестициялаш керек: айыл чарбасы, балык чарбасы (муну биздин шартта айыл чарбасынын курамында караса болот), токой чарбасы, өнөр жай, туризм, транспорт, жашыл шаарлардын инфраструктурасын түзүү жана акылдуу шаарлардын концепцияларын киргизүү [67, 898-б.].

Алсак, баарыбызга белгилүү болгондой, өлкө калкынын жарымынан көбү айыл жеринде жашайт, ошондуктан *айыл чарбасын* өнүктүрүү маанилүү экономикалык жана социалдык милдет болуп саналат. Ошол эле учурда дыйкан үчүн экономиканын бул тармагында колдонулган жаратылыш ресурстарынын жеткиликтүүлүгү жана сапаты маанилүү [75, 81-85-б.]. Мында биринчи кезекте майда менчик чарбаларын «жашылдандыруу» жакырчылыктын деңгээлин төмөндөтүүгө, ошондой эле калктын жакыр катмары көз каранды болгон жаратылыш капиталына инвестицияларды көбөйтүүгө жол ачат. Өлкөбүздүн айыл чарбасында «жашыл» продукция брендинин астында товар өндүрсө болот. Биздин оюбузча, жашыл продукция салттуу технологиялардын негизинде өскөн, жогорку биологиялык жана технологиялык сапатка ээ, адам жана үй жаныбарлардын азыктануусу үчүн коопсуз азык-түлүк болгондуктан экспортко, болгондо да Европа рыногуна чыгарууну көздөшүбүз максатка ылайык.

*Балык чарбасы* – өлкө шартында маанилүү экологиялык багыттагы жаңы тармак. Ага коммерциялык максатта атайын (табигый жана жасалма) көлмөлөрдө балык өстүрүү, эс алуу үчүн балык кармоону уюштуруу, суу биоценозун толуктоо максатында жапайы чөйрөгө чабактарды кое берүү сыяктуу ишмердүүлүктөр кирет. Аталган тармак пайдалуу азык катары калкты балык белогу менен камсыз кылуу, каалоочулар үчүн ышкылуу эс алууну уюштуруу, эң негизгиси табигый көлдөрдөгү жана дарыялардагы балык экосистемасына болгон жүктү (таасирди) азайтуу фунцияларын аткаруусу менен маанилүү.

*Токой чарбасы* Кыргызстандын шартында “жашыл” экономиканын түздөн-түз маанидеги тармагы катары чыга алат. Буга токой экосистемасын изилдөө жана таанып-билүү, токойлордун аянттарын жана түрдүк курамын кеңейтүү,

табигый массивдерин сактоо менен жаңы тилкелерди түзүү, токой туризмин жайылтуу, кыюу ишмердүүлүгүнөн тышкары токой продукциясын (мөмө-жемиштерди терүү) алуу, токой материалдарынан (калдыктарынан) кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү өңдүү иш-аракеттер таандык.

*Өнөр жайды* "жашыл" экономиканын принциптеринин негизинде трансформациялоо экономиканын өнүгүүсүндөгү күтүлүүчү жана күтүлбөөчү тобокелчиликтерди чектейт, калктын жашоо сапатын кыйла жакшырта алат. Эң негизгиси бул процесс аба жана жер ресурстарын мындан ары булгануудан сактайт. Өнөр жайдын "жашыл" экономиканын принциптерине туура келүүчү тармактарын аныктоо жана өнүктүрүү жаатында илимий да, практикалык да иштер зарыл.

*Туризмди* «жашылдандыруу» жергиликтүү ресурстарды пайдалануунун жана коргоонун эсебинен тармакта жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатып, жергиликтүү жумушчу орундарды көбөйтөт. Бул жергиликтүү коомчулукту, айрыкча анын жакыр катмарын туризм иш-аракетине тартылышын жогорулатып, аймактык экономиканы өнүктүрүүдө жана жакырчылыкты кыскартууда маанилүү фактор болуп саналат.

*Транспортту* "жашылдандыруу" – мезгилдин курч талабы, анткени, ал Кыргызстандагы ири шаарлардын аба мейкиндигинин кескин булгануусунун, адамдардын ден соолугунун начарлашынын башкы себепкери болууда. Туура, транспорт бардык казып алуучу суюк отундардын жарымынан көбүн керектеп, дүйнө жүзү боюнча көмүр кычкыл газынын чейрек бөлүгүн чыгарып жатат. Ошондуктан электрдик негизде жүрүүчү транспорт каражаттарын пайдаланууну жакынкы аралыкта баштоо зарыл шарт деп эсептейбиз.

*«Жашыл» (же экологиялык) жана "акылдуу" шаарлардын инфраструктурасын түзүүнүн* маанилүү жана биринчи шарты болуп бар имараттарды модернизациялоо болуп саналат. Анткени, имараттарды жылытуу, жарык берүү, муздатуу жана желдетүү – дүйнөдөгү атмосферага парник газдарын чыгаруунун маанилүү булактарынын бири. Жаңы «жашыл» имараттарды куруу, ошондой эле жогорку энергияны жана ресурсту керектөө

менен иштеп жаткан имараттарды кайра жабдуу аз чыгым менен каражаттарды олуттуу үнөмдөөгө мүмкүндүк берет [67, 901-б.].

Эми темага ылайык акыркысына кеңири токтолобуз.

Дүйнөдөгү азыркы экономикалык-экологиялык абал шаарлардын өнүгүү жолдорун кайрадан карап чыгууну талап кылып жатат. Экоград, “жашыл шаар” ж.б. түрдөгү калктын жайгашуусунун сапаттык жактан жаңы системасы Жер жүзүндөгү урбанистикалык өнүгүүнүн башаты болуп калды. Ооба, территориялардын туруктуу өнүгүүсүнүн келечектүү багыты катары “жашыл” экономика эл аралык концепциясын айтууга болот. Ал адамдын жаратылышка болгон терс таасиринин масштабын кыскартууга, көмүртектик сырьенун азыркы продуктунун наркындагы үлүшүн азайтууга багытталган жаңы технологиялык жолго өтүүсүн аныктайт. Мына ушуга байланыштуу шаарлардын туруктуу өнүгүүсүнүн максаты болуп келечектеги муундар үчүн зыян келтирбей, азыркы муундардын керектөөлөрүн канааттандыруу эсептелет [68, 705-б.].

1995-жылы Рим клубунун докладында жаратылыш ресурстарын керектөө эффективдүүлүгүн жогорулатуу менен катар экологиялык проблемаларды чечүү идеясы көтөрүлгөн. Ал жаңы жана таза технологиялар аркылуу “эки эсе жакшы жашоо жана ошол эле мезгилде ресурстарды эки эсе аз иштетүү” принцибин көздөйт. Мындан улам 5 технологиялар тобун сунуштайт: альтернативалуу энергетика жана энергиянын кайра калыбына келүүчү булактары; электроэнергияны башкаруу системалары; экологиялык транспорт; таштандыларды, аба жана суу ресурстарын башкаруу; инновациялык технологияларды жана материалдарды өнүктүрүү.

XX кылымдын аягына курчап турган чөйрөнүн проблемасы шаар башкаруунун жалпы проблемаларына айланды. Шаарларда жашыл технологияларды киргизүү бүгүнкү этапта алардын өнүгүүсүнүн маанилүү багыттарынын бири болуп калды. Айрым маалыматтар боюнча, орто шаардын (500 миңге чейин калкы бар) жашоосу үчүн мындай өлчөмдөгү ресурстар зарыл: шаардын калкын кычкылтек менен камсыз кылуу үчүн анын жеке территориясынан 100 эсе чоң (көрктөндүрүлгөн шаардын территориясы

кычкылтекти өз керектөөсүнөн 300-400 эсе аз чыгарат), суу менен камсыз кылууга жер үстүндөгү сууну чогултуу үчүн шаар территориясынан 100 эсе чоң, дагы шаардыктардын рекреациялык керектөөлөрү үчүн 100 эсе чоң территория керек [68, 705-б.].

Биз тараптан сунуш кылынып жаткан өнөр жай жактан орто өнүккөн шаарлардын базасында “жашыл” шаарлардын өнүгүүсүнүн концепт-стратегиясы шаардын карамагына таандык болгон институционалдык, материалдык, маалыматтык, экологиялык жана финансылык ресурстарды эффективдүү пайдаланууга негизделген. Анын акыркы натыйжасы төмөнкүлөр: шаар жашоочуларын заманбап комфорттуу турак-жай менен камсыз кылуу, таза ичүүчү суунун жана башка коопсуз азык-түлүктөрдүн жетиштүүлүгү, эркин жылып жүрүү үчүн ыңгайлуу транспорттун болушу, жакшы уюштурулган сапаттуу социалдык кызматтарга (социалдык коргоо, саламаттыкты сактоо, маданият, спорт, эс алуу ж.б.) болгон муктаждыгын канааттандыруу.

Шаарлардагы жашыл технологиялар деп, жаратылыш ресурстарына болгон сарамжалдуу мамиле чөйрөсүндөгү инновациялык чечимдер, энергиянын альтернативалуу булактары жана турмуш-тиричиликтеги жана өндүрүштөгү ресурсту үнөмдөөчү жаңылануулар, ар түрдүү таштандыларды экинчилик колдонуу жана кайра иштетүүнү түшүнөбүз.

Азыркы күндө илим менен практика шаарлардын инфраструктурасын жана мейкиндик жашоо чөйрөсүн  инновациялык өнүктүрүү идеяларын ар тараптуу издеп жатат. Бул жаатта биз “жашыл кичи шаарларды” калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн төмөнкү багыттарын сунуштайбыз (3.14-табл.).

3.14-таблица. Аймакта “жашыл кичи шаарларды” калыптандыруу жана өнүктүрүү багыттары*

| Негизги багыттар | Багыттардын түшүндүрмөсү жана иш-милдеттери |
|---|---|
| Таза аба менен камсыз кылуу | Автотранспорттук каражаттарды эксплуатациялоо жана тейлөө процессинде жаратылышты коргоо талаптарын так аткаруу талап кылынат. Кыргызстандын шартында экологиялык транспортту калыптандыруу – аба мейкиндигин тазалоонун эң башкы жолу. |

| | |
|---|---|
| Шаар жер ресурстарын тазартуу | Дээрлик бардык шаарлардын жер (топурак) ресурстары ар кандай таштанды жана калдыктар (мунай продукттары, пластмасса жана полиэтилен материалдары, турмуш-тричилик буюмдары: батареялар ж.б.) менен булганган. Тазалоо жана жакшыртуу үчүн иш-чаралардын комплекси зарыл. |
| Таза суу менен камсыз кылуу | Бар суунун табигый сапатын сактоо, андан калктын ден соолугуна болгон тобокелчиликтерди азайтуу, суу объектилернинде эс алуу зоналарын түзүү үчүн жагымдуу шарттарды жаратуу иштерин көздөйт. Муну “Таза суу” программасынын алкагында ишке ашыруу турат. |
| Шаарды тегиз көрктөндүрүү | Жашыл өсүмдүктөр шаар шартында жашоо чөйрө жыргалчылыгын түзүүнүн эң бир жагымдуу каражаттары болуп эсептелет. Алар санитардык-гигиеналык, архитектуралык-эстетикалык жана эмоциялык-психологиялык функцияларга ээ. |
| Таштандыларды экинчилик пайдалануу жана кайра иштетүү | Бул максатта экологиялык жактан коопсуз жана аз калдыктуу жана калдыксыз технолгогияларды кийирүү милдеттери бар. Калк арасында таштанды чыгаруу маданиятын калыптандыруу. |
| “Жашыл” өндүрүштү кийирүү | Кичи шаарларда “жашыл” энергетика кайра калыбына келүүчү энергетиканы жана кичи энергетиканы өнүктүрүүнүн негизинде өнүгүшү анык. Алсак, Күндүн (бул боюнча түштүктөгү бардык шаарлар потенциалга ээ) жана шамалдын (Баткен шаары) энергиясын пайдалануу, айрым дарыяларда (каналдарда) кичиГЭСтерди куруу максаттуу. |
| Сарамжалдуулукка жана тазалыкка негизделген турмуш-тиричилик маданиятын калыптандыруу | Шаар жашоосу экологиялык маданият менен толук эриш-аркак жүрүү үчүн калк арасында, айрыкча мектептерде үйрөтүүчү-түшүндүрүүчү окууларды үзгүлтүксүз өткөрүшүбүз зарыл. |
| Сергек жашоо жана дени сак жашоо образын жайылтуу | Калктын ден соолугун жана жашоо шарттарын жакшыртуу жергиликтүү башкаруу органдарынын башкы милдеттеринин бири катары калк үчүн жумушта жана үй тиричилигинде коопсуз чөйрөнү түзүү, ден соолукту калыбына келтирүүчү шарттарды жаратуу ж.б. иш-чаралар маанилүү болуп саналат (2020-жылдагы COVID-19 байланыштуу пандемиядан кийин бул саясат биринчилик орунда болушу керек). |
| Шаар территориясын функционалдык зоналарга бөлүү | Шаар экономикасы жана коомдук жашоо өз нугунда өтүшү үчүн шаар территориясы тиешелүү зоналарга жакындаштырып болсо да бөлүштүрүү зарыл. Мына ушунда гана шаар чегинде медициналык-санитардык, транспорттук ж.б. проблемаларды алдын алса болот. Демек, ар бир шаардын өндүрүштүк, спорттук, эс алуучу, “уктоочу” ж.б. бөлүктөрү болуусуна аракеттер болушу абзел. |

**автор тарабынан түзүлгөн*

Кичи шаарлардын негизинде “жашыл шаарларды” түзүү шаар куруу, шаар чарбасы жана шаар экологиясы чөйрөсүндөгү тиешелүү укуктук-ченемдик актыларды кабыл алуу менен жүргүзүлөт. Бул багытта кабыл алынган ченемдердин жана эрежелердин сакталышы шаарларда жашыл экономиканын талаптагы ченемдерин камсыз кылууга кепилдик берет. Кичи шаарлардын негизги бренди “жашыл” экономика болуу менен башкы көрсөткүчтөр болуп төмөнкүлөр эсептелет: аз кабаттуу имараттардын басымдуулугу, энергия, суу, жылуулук ж.б. ресурстарды үнөмдүү пайдалануу, жашыл аянттардын басымдуулугу, альтернативалуу энергияларды колдонуу, таштандыларды экинчилик пайдалануу, электр энергиясы менен жүрүүчү автотранспортко басым жасоо, транспорт максатында жүк ташыгыч-мингич жаныбарларды (ат, эшек, төө ж.б.) колдонууну жандандыруу (бул туризмди өнүктүрүү үчүн маанилүү) ж.б.

Россиялык адис-окумуштуулар кичи шаарлардын өнүгүшү үчүн анын экономикасына, тарыхына, маданиятына жана калктын билимине гана салымдарды жана каражаттарды жумшоо эмес, ошондой эле алар үчүн жашоо ишмердүүлүктүн комфорттуу жана гармониялуу мейкиндикти түзүү зарылдыгын белгилешет. Алар адамдын мейкиндикте жана убакытта позицияланышын калыптандырышы шарт. Чөйрөлүк объектилердин ачык шаар территорияларына интеграция болушу кичи шаарлардын толук кандуу жана эсте каларлык образын түзүүгө жардамдашат. Жыйынтыгында жекече атмосферасы, өзүнүн салттары менен жалпы адамзаттык максаттагы шаарлар калыптанат [18, 89-б.].

Кыргыз Республикасында азыркы мезгилде «Таза коом» мамлекеттик программасынын бөлүгү болгон «Акылдуу шаар» долбоору ишке ашырылууда. Бул долбоор көптөгөн майда долбоорлорду өзүнө камтып, өлкө жарандарына мамлекеттик кызматтарды электрондук форматта алууга мүмкүндүк берет, алардын коопсуздугун жана ыңгайлуу жашоосун жогорулатат. Электрондук платформалар аркылуу кызматтарды алуу жарандар үчүн ыңгайлуу, ошондой эле мамлекеттик органдардын ишинин натыйжалуулугун жана ачыктыгын

жогорулатат. Жарандар мамлекеттик кызматкерлер менен түздөн-түз байланышканы азайып, мамлекеттик кызмат чөйрөсүндөгү коррупциянын деңгээли төмөндөйт. Аны менен бул долбоордун алкагында өлкөдөгү жол кырсыктарын кескин азайтуу жана башка коркунучтарды же тобокелчиликтерди (мисалы, ар кандай кылмыштар, тартип бузуулар, терроризм, диний экстремизм ж.б.) алдын алууга багытталган. Бул максаттарга ылайык Бишкек шаарынын жолдорунда видеобайкоолор системасы иштеп жатат. Эми Ош шаарына орнотуу пландаштырылып жатат.

Мына ушуга байланыштуу кичи шаарларга “акылдуу шаарлар” концепциясын киргизүү максаты шаар жашоочуларынын жана конокторунун ар түрдүү кызматтарга (тейлөөлөргө) оңой жетүүсүн камсыз кылуу жана калктын жашоо-турмушунун сапатын жогорулатуу болуп саналат. Бул процесс өлкөдөгү санариптештирүү процессин ишке ашыруунун бир бөлүгү болуп эсептелет.

«Акылдуу шаарды» түзүүнүн максаты болуп тейлөөнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана жашоочулардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн шаар информатикасынын жардамы менен калктын жашоо-турмушунун сапатын жакшыртуу эсептелет. Маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар шаар бийлигинин коомчулук жана шаар инфраструктурасы менен түздөн-түз өз ара катнашууга жол берет жана шаарда эмне болуп жатат, ал кантип өнүгүп жатат жана кандай жол-жоболор жашоо сапатын жакшырта алат деген суроолорду көзөмөлгө алат. Реалдуу убакыт режимине негизделген датчиктерди колдонуунун негизинде шаар тургундарынан жана жабдуулардан алынган маалыматтар кайра иштетилет жана талданат.

Ошентип, шаарлардагы жашоо деңгээли 3 негизги фактор менен аныкталат:

-ыңгайлуу жана жеткиликтүү шаардык инфраструктура (транспорттун, башка тейлөө кызматтарынын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү, адам үчүн экологиялык таза абал);

-жарандардын жетишерлик ыңгайлуу турак-жайга ээ болушу жана турак-жайды алуу боюнча жогорку мобилдүүлүк;

-шаардагы экологиялык коопсуздук, шаар куруу менен курчап турган чөйрөнүн айкалыштуулугу (гармониялуу дал келиши).

Баарыбызга белгилүү болгондой, шаар пейзажынын негизин имараттар жана ар кандай курулмалар түзөт. Азыркы шаар куруу имараттарды пландоодо алардын коопсуздугунун деңгээлин, ыңгайлуулугун жана андагы иштеген жана жашаган адамдардын ден соолугуна минималдуу түрдө зыян алып келүүсүн эске алат. Жарык берүү жана климат-көзөмөл, таштандыларды утилизация кылуу жана жашылдандыруу ченемдери бар. Мындан улам шаардык жашоонун сапаттык көрсөткүчтөрүнө жетишүүнүн негизги каражаты катары инновациялык иштелмелер, анын ичинде инновациялык технологиялык жаңылыктар аркылуу шаар куруунун жаңы ыкмаларын колдонуу эсептелет. Тактап айтканда, аз кабаттуу турак-жайларды жапырт куруунун заманбап технологиялары жергиликтүү чийки заттарды курулуш материалдары катары колдонуу менен көп кабаттуу имараттарга салыштырмалуу аз чыгым алууга мүмкүнчүлүк берет. «Жашыл» имараттардын иштеши кадимки имараттарга караганда алда канча үнөмдүү. Натыйжада энергияны керектөө 25%га кыскарат жана ошого жараша энергияга сарптоолор төмөндөйт; сууну керектөөнү 30%га кыскарып, суу менен камсыздоого чыгымдардын олуттуу кыскарышына алып келет; заманбап көзөмөлдүн сапатынын жогорулашына байланыштуу имаратты күтүү наркы төмөндөйт.

Жыйынтыктап айтсак, урбанистиканын заманбап реалдуулугу шаарларды өнүктүрүүнүн жолдорун кайрадан карап чыгуу зарылдыгын айкын көрсөтүп жатат. Мында “жашыл” экономикага негизделген шаар чарбасы, экошаарлар адам конушунун сапаттык жактан жаңы системасынын катары Жер шарындагы урбанистикалык өнүгүүнүн кыймылдаткычы болуп калышы шарт. Кыргызстандын шартында кичи шаарлардын мисалында бул саясатты ишке ашыруу артыкчылыктуу мүнөзгө ээ.

“Жашыл” шаарды жаратуу боюнча комплекстүү иш-чаралар ыңгайлуу жана жарашыктуу шаар мейкиндигин түзүүгө багытталып, ал архитектуралык-эстетикалык, экологиялык, санитардык-гигиеналык, эмоционалдык-

психологиялык критерийлер менен бааланышы талапка ылайык. Үйлөрдүн жана ишканалардын экологиялык коопсуздугун камсыздоо аркылуу калктын жашоо шартын жана ден соолугун жакшыртуу да маанилүү. Заманбап кичи шаар жашоо жана бизнес үчүн ылайыктуу мейкиндикке айланат.

**Кичи шаарларды этномаданияттын очогу катары сактоо**

Этномаданият кичи шаардын жашоосунда атуулду калыптандырууда тарбиялык функцияны аткарыш керек. Азыркы шаар турмуш-тиричилик жана инфраструктураны модернизациялоого, жашоонун камсыздуулугун жана сапатынын деңгээлин жогорулатууга, социалдык кепилдиктерди киргизүүгө гана эмес, ошондой эле тарыхый, салттык жана диний баалуулуктарды сактоого багытталышы абзел.

Салттарды жана ченемдерди сактоо кичи шаарлардын жашоочуларына жаратылыш, өзүнүн жана башка элдердин өкүлдөрү менен конфликтсиз баарлашууга кепилдик берген... Маданиятка “коргоо курун” кайтаруу элдик жана азыркы маданияттардын чектүү диалогу жолу менен жетишүүгө болот, бул инновациялык өнүгүү стратегиясынын маңызына туура келет. Мындай процесстин алкагында маданияттын салттуу-этникалык формаларына кайтууну гана түшүнбөй, азыркы шаардык маданиятты улуттук маңыз менен толтуруу, андагы этникалык белгилерди актуалдаштыруу, улуттук маданиятты бүтүн система катары калыптандыруу механизмин түзүү талапка ылайык [34, 100-б.].

Шаардын азыркы жашоочусу жаратылыштан ажырап калгандыгына байланыштуу этномаданият предметтик мааниге ээ, шаар жашоочусу менен курчап турган чөйрөнүн үзүлгөн байланышын кайра калыбына келтирүүнүн негизинде маданиятты шаар чегинде жаратылыш менен байланыштыруунун жаңы ыкмасы катары чыгып жатат. Мында жаратылыш ландшафты, анын эстетикалык баалуулугун кабыл алуу жана сулуулугун сезүү, орнаменттер, кештелер, боектор жана этникалык мүнөздөгү ар түрдүү элементтерди колдонуу аркылуу шаарга улуттук түс берүү тиешелүү роль ойнойт, бул жаратылышка болгон жооптуу мамиледеги жашоочуга активдүү психологиялык установкаларды калыптандырат [34, 100-101-б.].

Маданияттын шарапаты менен аң-сезимде шаарда жашоонун тарыхый тагдырлары жана территориялары менен бириккен өткөн муундардын тажрыйбасы, элдердин салттары, билимдери жана жүрүм-турумдары топтолот, ар дайым шаар жашоочусу үчүн баалуу-маанилүү образдар кайталанып турат.

Көптөгөн кичи шаарлардын боз шаар пейзажы жашоочулардын психикасына басынтып таасир этет. Ушундан шаар архитектурасынын стандарттарын өзгөртүү, шаар курууда этноулуттук элементтерди кийирүү муктаждыктары пайда болот.

Шаардын экосистемасын курчап турган чөйрөнү стабилдүүлүгүнө кепилдик берүүчү деңгээлине чейин калыбына келтирүү бардык жашоочулардын иш-аракетин талап кылат. Бирок бул максатка жетүү кыймылы салттуу этномаданияттын негизинде башталыш керек. Адамдын жаратылышка болгон этият мамилеси өз жерине, өз үйүнө этият мамиле кылуудан башталат. Мунун баары элдик салттардын жана элдин философиясынын негизинде курулат. Ал адамга жаратылыштын бир бөлүгү экендигин сезүүгө жардам бериши керек [25, 101-102-б.].

Кайсы гана калктуу конуш (урбоэкосистема) болбосун, алардын экологиялык проблемаларынын ичинен ар кандай санкцияланбаган полигондордо таштандылардын, алардын ичинен катуу турмуш-тиричилик калдыктардын баш-аламан топтолуусун айтууга болот. Мындай караганда бул маселе калктуу пункттун коммуналдык инфраструктурасынын жакшы иштебегенинин жыйынтыгы катары көрүнөт. Бирок чындыгында катуу турмуш-тиричилик калдыктарынын пайда болуу жана топтолуу процесси реалдуу болгон урбоэкосистеманын чегинде жүрүп жатат, ошондой эле ал калктын жана шаар чөйрөсүнүн экологиялык өз ара катнашынын өзгөчөлүгү менен аныкталат.

Ооба, азыркы кичи шаарларда этно- жана экологиялык маданиятты калыптандырууга көмөк көрсөтүүчү шарттар али да бар, бирок ашыкча керектөө маданиятын бышыктаган шарттар аны бир кыйла азайтып турары анык.

**Өзгөчө кырдаалдарды жөнгө салуу**

Изилденип жаткан аймак Кыргызстандын башка территориялары сыяктуу табигый коркунучтуу кубулуштардын болуу жыштыгынын жогорку чегине ээ. Эгер азыр дүйнөдө адам жана анын чарбалык ишмердүүлүгү үчүн жагымсыз таасир же коркунуч алып келген 70тен кем эмес табигый процесстер жүрүп турган болсо [5, 105-б.], бул территория үчүн айрыкча жер титирөө, сел, жер көчкү, сүрүлүү, кар көчкү, нөшөр, үшүк сыяктуу кубулуштар мүнөздүү. Бирок бүгүнкү күндө аймак үчүн эң коркунучтуу табигый кубулуштардан болуп сел жана суу каптоо эсептелет. Аларга бардык табигый кырсыктардын 50%га жакын кыйроолору туура келет.

Мына ушуга байланыштуу бул теманы селдин мисалында карайбыз.

Деги эле Кыргызстандын тоолуу дарыяларында суу басууларынын мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп сел агымдары саналат. Мындан тышкары, селдер ар кандай генездеги тоо көлдөрүнүн жарылышынан да пайда болот. Нөшөрлөр сел пайда кылуучу фактор катары сел агымдарынын пайда болушунда биринчилик мааниге ээ. Сел кубулуштарынын жалпы белгилүү санынын 80%га жакыны нөшөрлүү жаан-чачындарга тиешелүү, алардын кайталануусу аймактар боюнча бирдей эмес жана негизинен нөшөрлөрдүн жыштыгы менен аныкталат. Ички Тянь-Шандын бир катар райондорунда (Кочкор, Жумгал, Тогуз-Торо ойдуңдары ж.б.) нөшөрлүү селдердин калыптануу областтары үчүн кайталануу 2 жылда бир жолу же андан аз болот. Тянь-Шандын кээ бир райондору (Ысык-Көл көлүнүн батыш бөлүгү) Кочкор ойдуңунун түштүк бөлүгү, Кетмен-Төбө өрөөнү ж.б. үчүн кайталануу жагдайы жылына 1 жолу бааланат. Фергана курчоосундагы көпчүлүк тоо этектеринде, Талас, Кыргыз, Күңгөй жана Тескей-Ала-Тоо тоо кыркаларында жыл сайын бир жолкудан көп кайталанат.

Селдер – чоң эмес тоо дарыяларынын алаптарында жана кургак нуктарда пайда болуп, эреже катары, нөшөрлүү жаан-чачындардын, көбүнчө кардын интенсивдүү эрүүсүнүн жана бөгөлмө көлдөрдүн жарылуусунун, сүрүлүү, жер көчкү жана жер титирөөлөрдүн натыйжасында минералдык бөлүкчөлөрдүн, таштардын жана тоо тектердин сыныктарынын топтолушу (агымдын көлөмүнүн 10-15%дан 75%га чейин) менен жүргөн суу агымдары. Селдин коркунучу

алардын кыйратуучу күчүндө гана эмес, күтүлбөгөн жерден жүрүшүндө жатат. Сел агымдары ташылган катуу материалдын курамы боюнча ылай жана суу-таштуу болуп бөлүнүшү мүмкүн.

Көпчүлүк тоолуу райондорго ташылган катуу массасынын курамы боюнча селдин белгилүү бир түрү үстөмдүк кылганы мүнөздүү. Бизде суу-таш жана ылай агымдары басымдуулук кылат. Сел агымынын ылдамдыгы адатта 2,5-4,0 м/с түзөт, бирок тосмолордун жарылышы менен ал 8-10 м/с же андан жогору болушу мүмкүн. Сел агымдарынын кесепетинен келтирилген зыян тоолордо адамдардын чарбалык ишмердүүлүгүнүн активдешүүсү менен өсүп отурат. Селдин пайда болушуна тоо токойлорун кыйылуусу, мал жаюу, тик капталдарда жер айдоо, ресурстарды өнөр жайлык өздөштүрүү, кээ бир учурларда гидротехникалык курулуштар дагы себеп болот.

Ош областында эң жогорку деңгээлдеги сел коркунучуна жылуу климаттын таасири астында бузулуп түшүүчү бийик тоолуу жарылуу коркунучу бар көлдөр, мөңгү дамбалары бар алаптар жана дарыялар таандык. Аэровизуалдык жана жер үстүндөгү изилдөөлөргө ылайык, Ноокат, Чоң-Алай, Кара-Кулжа жана Кара-Суу райондорунда мындай 24 көл аныкталган [65, 199-200-б.].

Фергана тоо кыркасынын Көгарт (түштүк-батыш) районунун алабында сел агымынын жүрүшүнүн кызыктуу сүрөттөлүшү бар. Мында селдин пайда болушуна бардык өбөлгөлөр бар эле: капталдарда токой-бадалдуу өсүмдүктөрдүн жоктугу, көптөгөн жарлар, тик капталдар, көп сандаган борпоң материалдардын (чопо бөлүкчөлөрүнөн аскаларга чейин) топтолушу. Сел агымы 1976-жылы 28-апрелде саат 23.30да башталып, 29-апрелдин 5.30га чейин созулган. Селдин пайда болуусуна 30 мүнөткө чейин нөшөр себеп болуп, ушул мезгилде 33,4 мм жаан-чачын түшкөн.

Сел кубулушу менен күрөшүүнүн жолдору ар кандай. Бул катуу агымды кармоо жана суу аралашмаларын жана тоо тектеринин майда бөлүктөрүн өткөрүү үчүн ар кандай дамбалардын жардамы, суу ташкынын жок кылуу жана аны катуу материалдан бошотуу үчүн тосмолордун каскады ж.б. Селди прогноздоо усулдары учурда жок. Ошондой болсо да кээ бир сел райондору үчүн

сел жүрүү ыктымалдуулугун баалоочу критерийлер аныкталган. Мисалы, нөшөрдөн келип чыгуучу сел ыктымалдуулугу жогору болгон райондор үчүн жаан-чачындын олуттуу көлөмү 1-3 күнгө чейин аныкталат, жылтыр тектүү селдер (башкача айтканда, мөңгү көлдөрүнүн жана мөңгү ичиндеги суулардын ачылышынан пайда болгон) үчүн абанын критикалык орточо температурасы 10-15 күн үчүн же ушул эки критерийлердин айкалышы болот.

Селден коргоо боюнча пассивдүү иш-чараларга айрым курулмалар – кармоочу жана багыттоочу дамбалар, өткөрүүчү лотоктор, ар кандай калктуу конуштарды, талааларды жана чарбаларды түздөн-түз коргоочу объектилер ж.б. таандык. Селге каршы иш-чараларды даярдоо үчүн сел коркунучу бар райондордун географиялык шарттарын, конкреттүү сел пайда кылуучу жана табигый-экологиялык кырдаалды кылдаттык менен карап чыгуу зарыл.

Ошентип, ар бир кичи шаарды табигый коркунучтуу кубулуштардан, миасалы, селден коргоо үчүн атайын багыттагы уюштуруучулук-техникалык иш-чаралардын комплекси керек. Көп жерлерде мындай иштерди аткарууга жергиликтүү бюджеттин кудурети жетпейт. Ошондуктан сөзсүз түрдө мамлекет тарабынан атайын программалык масштабда ири каржылоону талап кылат.

## III бап боюнча жыйынтыктар

Азыркы мезгилде “шаар” түшүнүгү боюнча бирдиктүү ой-пикирлер жок. Бул жаатта иште илимий жана расмий булактарды талдоо менен автордук аныктама сунушталды. Ошондой эле шаарлардын типологиясы, башкача айтканда, аткарып жаткан фунциясына карап Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарларды функционалдык-типологиялык топторго бөлүү боюнча автордук сунуш берилди. Мында шаарлардын башкы белгилери катары алардын көлөмү, калкынын саны жана функционалдык профили алынды. Тактап айтканда, территориясы жана калкынын саны боюнча чакан өлкө эсептелген Кыргызстан үчүн шаарларды 3 категорияга бөлүндү: чоң шаарлар 250 миң жана андан жогору, орто шаарлар 50-250, кичи шаарлар 10-50 миң. Тажрыйба

көрсөтүп тургандай, шаар канчалык көп функцияларды аткарса, анын өнүгүү келечеги ошончолук айкын болот.

Шаарлардын географиялык жайгашуусу – алардын экономикалык-географиялык мүнөздөмөсүн аныктоодогу маанилүү критерий. Анын ичинен «коңшулук» абалды баса белгилөөгө болот. Ушуга байланыштуу каралып жаткан шаарлар (Кара-Көл, Көк-Жаңгак жана Токтогул шаарларынан башка) коңшу мамлекеттердин рынокторуна 100 км аралыктан ашпаган эң ыңгайлуу аралыкта жатышат. Бирок, азыркы учурда Тажикстан менен Өзбекстандын ортосундагы мамлекеттик чек аралардын аныкталбагандыгынан айрым жерлерде бул мүмкүнчүлүк, тескерисинче, эки тараптуу мамилелерде, аймактын туруктуу өнүгүшүнө терс фактор болуп калууда.

Аймактагы биз карап жаткан кичи шаарлар экономикалык-географиялык абалына карата жалпы да, мүнөздүү да белгилерге ээ. Мына ушуга байланыштуу изилденип жаткан аймактагы кичи шаарлардын географиялык жана тарыхый өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө ылайык республиканын, түштүк аймактын жана жалпы Фергана өрөөнүнүн комлекстүү өсүп-өнүгүүсү үчүн алардын социалдык, экономикалык, экологиялык жана саясий потенциалдарын аныктоо жана экономикалык-географиялык жактан талдоо жүргүзүлдү. ЭГАнын компоненттери боюнча ыңгайлуулук даражасына ылайык аймактын кичи шаарлары төмөнкү катарда жүрөт: Кочкор-Ата (орто эсеп менен 3,8 балл), Кадам-Жай (3,5), Кара-Суу, Ноокат, Таш-Көмүр (ар бири 3,3төн), Айдаркен, Баткен (ар бири 3,1ден), Исфана, Кара-Көл, Кербен, Токтогул (ар бири 3,0дөн), Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу (2,5) жана Сүлүктү (2.3). Жалпылаштыруу максатында бул катарларды 3 топко бириктирүүнү туура көрдүк: эң ыңгайлуу ЭГА: Кочкор-Ата, Кадам-Жай, Кара-Суу, Ноокат, Таш-Көмүр; ыңгайлуу ЭГА: Айдаркен, Баткен, Исфана, Кара-Көл, Кербен, Токтогул; салыштырмалуу ыңгайлуу ЭГА: Кок-Жаңгак, Майлуу-Суу, Сүлүктү. Мындай илимий талдообуз айрым кыргыз окумуштууларынын изилдөө жыйынтыктары менен дээрлик дал келди. Өлкөнүн түштүк аймагындагы кичи шаарлардагы ЭГАнын ыңгайлуулук деңгээли территориялык ырааттуулукка ээ эмес, башкача айтканда, ал «борбордон

периферияга карай» мыйзам ченемдүүлүгү же табигый-географиялык зоналардын ар түрдүүлүгү менен аныкталбайт.

Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу түзүмүндө шаарлар өнүгүүнүн, жаңылануунун, адамдар үчүн жыргалчылыкты түзүүнүн, илим-билимдин, инновациялардын, демилгелердин борбору катары өзгөчө орунду ээлейт.

Аймактагы изилденип жаткан шаар конуштарынын өнүгүү стратегиясын аныктоо алдында алардын азыркы проблемалары иликтенди. Жалпысынан түштүк аймактын кичи шаарлары өткөн совет доорунан жана азыркы рынок экономикасына өтүү шарттарынан жаралган көйгөйлөр тобуна ээ жана бүгүнкү күндө аларды өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша чечүү жолдорун издеп келишет. Каралып жаткан шаарларынын социалдык-экономикалык жактан өсүп-өнүгүүсүнүн көйгөйлөрүн 5 топко бөлүп карадык: уюштуруучулук, экономикалык, социалдык, экологиялык жана саясий. Ооба, 2020-жылдагы COVID-19 вирусуна байланышкан пандемияга, анын ичинде Кыргызстандагы өзгөчө кырдаалга байланыштуу экономикалык секторлордун ишмердүүлүгүнүн токтошу жана кийинки солгун иштөөсү, октябрь айындагы бийликтин мөөнөтсүз алмашуусу жана ага байланыштуу өлкөдөгү саясий-социалдык туруксуздуктун жаралышы, экономикалык кризистин андан ары тереңдеши, мамлекеттик бюджеттин кескин кыскаруусу, жардам катары сырткы каржылоолордун токтолушу ж.б. биз карап жаткан шаарлардын көйгөйлүү маселелерин андан да курчутту.

Аймак үчүн өсүү уюлдары болуп социалдык-экономикалык өнүгүүнүн озуу менен мүнөздөлгөн абалы ачык байкалган мейкиндик ареалы түшүндүрүлөт. Мындай ареалдын өсүү точкасы болуп тиешелүү шаар болушу мүмкүн. Ошондуктан шаарлардын өнүгүү стратегиясын кароодо аларды өз чөлкөмүндө өсүү точкаларына айлантуу маселеси каралды. Ири шаарлардын озуу менен өнүгүүсү башка кичи шаарларга өсүү импульсун берери иликтенди жана картографиялык усул аркылуу көрсөтүлдү. Көрүнүп тургандай, өсүү импульсунун жакынкы кичи шаарларга таасири чоң, алыстаган сайын таасири азайып отурат. Өсүүнүн импульсу негизинен инновациялык же жаңылык

киргизүүлөр менен коштолот. Андан тышкары өсүүнүн линиялары жана коридорлору тез өнүгүүдөгү инфраструктуралык октор, ошондой эле өндүрүш жана калк топтолуп, агломерациялык линия менен шарталган зоналар катарында каралды да, бул Кара-Көл шаарынан Кочкор-Ата шаарына чейинки аралыктын мисалында көрсөтүлдү.

Стратегиялык пландаштырууда ар бир шаардын өзүнчөлүгүн, калкынын менталитетинин өзгөчөлүгүн, андагы конкреттүү өндүрүштүк ресурстарды эске алуу менен ар бир шаардын брендин түзүү зарылдыгын баса белгилейбиз. Ал конкреттүү ишкана-уюмдун, шаардын өзгөчөлүгүн тактап көрсөтүп, алардын ички жана тышкы рыноктордогу белгилүүлүгүн камсыз кылат. Брендди колдонуу шаардын инвестициялык жагымдуулугун өнүктүрүүгө жана анын кадыр-баркынын өсүшүнө өбөлгө түзөт. Бүгүнкү күндө территориялык бирдиктердин брендин иштеп чыгуу республикада аймактык экономикалык саясаттын жаңы багыты болуп саналат.

Мында аймактагы кичи шаарларынын брендин түзүү азыркы зарыл маселелеринин бири болуп саналат, шаар өзгөчө корпоративдик идентификацияны алат жана корпоративдик ураан анын өзгөчөлүгүн толуктайт жана өнөр жай, туризм, илимий изилдөө жана инновацияга инвестиция тартууга жардам берет. Кичи шаарларга тиешелүү бренд концепциясын Кыргызстанда аймактык саясаттын жана шаарлардын стратегиялык өнүгүүсүн пландаштыруунун негизи, ички жана эл аралык рыноктордо аймактык товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу катары сунушталды.

Ал эми биздин изилдөө көрсөткөндөй, аймактагы ар бир шаар өзүнчө бренддик өзгөчөлүктөргө (артыкчылыктуу белгилерге) ээ. Биз карап жаткан кичи шаарлардын ичинен 9 шаардын (Айдаркен, Кадам-Жай, Кара-Көл, Кара-Суу, Кочкор-Ата, Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу, Сүлүктү жана Таш-Көмүр) бренд түзүү үчүн тарыхый жана экономикалык негиздери бар десек болот. Калган шаарлардын азыркы кездеги административдик жана рыноктук функцияларын эске алуу менен тиешелүү бренддик көрсөткүчтөрүн аныктап чыгуу турат.

Кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүнүн негизги багыттары катары төмөнкүлөр каралды: шаар чарбасы үчүн приоритеттүү тармактарды өнүктүрүү (мында өнөр жай жана туризм приоритеттүү тармактар болгондугуна байланыштуу мисал катары карадык); кичи шаарлардын базасында акылдуу шаар жана “жашыл” шаар экономикасын түзүү; шаарларды этномаданияттын очогу катары сактоо; өзгөчө кырдаалдарды жөнгө салуу.

# НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

1.Шаарлар ар бир мамлекеттин географиялык, экономикалык, социалдык жана айрыкча демографиялык жактан өзгөчөлөнгөн территориялык бирдиги катары ар тараптуу илим багыттарынын изилдөө объектиси болуп келет. Мында география илиминин чечүүчү ролу бар. Анткени, ал маселелерге даана географиялык касиет жана географиялык шарттуулук мүнөздүү, ошондой эле урбанизациянын механизмдерин жана өзгөчөлүктөрүн илимий жактан түшүндүрүү географиялык ыкмаларды жана ой жүгүртүүлөрдү талап кылат. Бул түздөн-түз мейкиндик процесстер менен байланышкандыктан шаар чөйрөсүндөгү географиялык изилдөөлөр башка изилдөөлөрдүн башатында турушу зарыл.

2.Шаарлар боюнча адабий обзор чет элдик окумуштуулар тарабынан кичи шаарлардын калыптануу жана өнүгүү маселелери теориялык жактан жетиштүү изилденип, илимий жактан баюу болуп жаткандыгын көрсөттү. Ал эми Кыргызстанда география жана экономика илимдеринин, алардын өткөөл формасында турган экономикалык география илими үчүн кичи шаарларды изилдөө маани-маңызы боюнча жаңы багыт болуп саналат. Бул чөйрөдөгү илимий изилдөөлөр аз санда жана бул илимий иш өлкө масштабында биринчи изилдөөлөрдүн катарына кирет.

3.Илимий иштин методикасын иштеп чыгууда А.Лёш, В.Кристаллер, И.М.Маергойз, П.М.Полян, Б.Б.Родоман ж.б. теорияларын эске алуу менен калк, өндүрүш жана капиталдын топтолуусунун борбордук жана линиялык умтулуу тенденциялары иликтенди. Мындан тышкары уюлдук түрдө өнүгүү жана анын негизиндеги чарбалык элементтердин башкаларга өсүүнүн импульсун берүүсү боюнча теорияларды жалпылаштырып колдонулду жана аймактагы өсүү уюлдарын, линияларын жана коридорлорун аныктоого аракеттер жасалды.

4.Азыркы мезгилде «шаар» түшүнүгү боюнча бирдиктүү ой-пикирлер жок. Бул жаатта иште илимий жана расмий булактарды талдоо менен автордук аныктама сунушталды. Ошондой эле шаарлардын типологиясы, башкача

айтканда, аткарып жаткан фунциясына карап Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарларды функционалдык-типологиялык топторго бөлүү боюнча автордук сунуш берилди.

5.Илимий иш экономикалык-географиялык аспектиде болгондуктан шаарлардын географиялык жайгашуусу алардын экономикалык-географиялык мүнөздөмөсүн аныктоодогу маанилүү критерий катары кабыл алынды. Анын ичинен «коңшулук» абал да өзгөчө белгиленди. Бирок азыркы учурда мамлекеттик чек аралардын толук аныкталбагандыгынан бул мүмкүнчүлүк, тескерисинче, аймактын туруктуу өнүгүшүндө терс фактор болуп калууда.

6.Биз карап жаткан кичи шаарлар экономикалык-географиялык абалына карата жалпы да, мүнөздүү да белгилерге ээ. ЭГАнын компоненттери боюнча ыңгайлуулук даражасына ылайык аймактын кичи шаарлары төмөнкү катарда жүрөт: Кочкор-Ата (орто эсеп менен 3,8 балл), Кадам-Жай (3,5), Кара-Суу, Ноокат, Таш-Көмүр (ар бири 3,3төн), Айдаркен, Баткен (ар бири 3,1ден), Исфана, Кара-Көл, Кербен, Токтогул (ар бири 3,0дөн), Көк-Жаңгак, Майлуу-Суу (2,5) жана Сүлүктү (2.3). Жалпылаштыруу максатында бул катарлар 3 топко бириктирилди: эң ыңгайлуу ЭГА: Кочкор-Ата, Кадам-Жай, Кара-Суу, Ноокат, Таш-Көмүр; ыңгайлуу ЭГА: Айдаркен, Баткен, Исфана, Кара-Көл, Кербен, Токтогул; салыштырмалуу ыңгайлуу ЭГА: Кок-Жаңгак, Майлуу-Суу, Сүлүктү. Аймактагы кичи шаарлардагы ЭГАнын ыңгайлуулук деңгээли «борбордон перифeрияга карай» мыйзам ченемдүүлүгү же табигый-географиялык зоналардын ар түрдүүлүгү менен аныкталбайт. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу түзүмүндө шаарлар өнүгүүнүн, жаңылануунун, адамдар үчүн жыргалчылыкты түзүүнүн, илим-билимдин, инновациялардын, демилгелердин борбору катары өзгөчө орунду ээлейт.

7.Аймак үчүн өсүү уюлдары болуп социалдык-экономикалык өнүгүүнүн озуу менен мүнөздөлгөн абалы ачык байкалган мейкиндик ареалы түшүндүрүлөт. Мындай ареалдын өсүү точкасы катары тиешелүү шаарлар чыгат. Ошондуктан шаарлардын өнүгүү стратегиясын кароодо аларды өз ареалында өсүү точкаларына айлантуу маселеси каралды. Ири шаарлардын озуу

менен өнүгүүсү башка кичи шаарларга өсүү импульсун берери иликтенди жана картографиялык усул аркылуу көрсөтүлдү. Өсүүнүн импульсу негизинен инновациялык же жаңылык киргизүүлөр менен коштолот. Андан тышкары өсүүнүн линиялары жана коридорлору тез өнүгүүдөгү инфраструктуралык октор, ошондой эле өндүрүш жана калк топтолуп, агломерациялык линия менен шарталган зоналар катарында каралды. Ал Кара-Көл шаарынан Кочкор-Ата шаарына чейинки аралыктын мисалында көрсөтүлдү.

8.Стратегиялык пландаштырууда ар бир шаардын өзүнчөлүгүн, калкынын менталитетинин өзгөчөлүгүн, андагы конкреттүү өндүрүштүк ресурстарды эске алуу менен ар бир шаардын брендин түзүү зарылдыгы такталды. Аймактагы ар бир шаар өзүнчө бренддик өзгөчөлүктөргө ээ. Биз карап жаткан кичи шаарлардын көпчүлүгүнүн бренд түзүү үчүн тарыхый жана экономикалык негиздери бар болгону менен азыркы кездеги административдик жана рыноктук функцияларын эске алуу менен жаңы бренддик көрсөткүчтөрүн аныктап чыгуу турат.

9.Кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүнүн негизги багыттары катары төмөнкүлөр каралды: шаар чарбасы үчүн приоритеттүү тармактарды өнүктүрүү; кичи шаарлардын базасында акылдуу шаар жана «жашыл» шаар экономикасын түзүү; шаарларды этномаданияттын очогу катары сактоо; өзгөчө кырдаалдарды жөнгө салуу. Мында кичи шаарлардын базасында акылдуу жана «жашыл» шаар түзүү багыты бүгүнкү заман талабы экендиги негизделди.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ЖАНА БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ

1.Абдуназаров С.А. Промышленное развитие малых городов в районах нового освоения (на примере Джизакской области) [Текст]: автореф. дис…канд. экон. наук: 08.00.04 / С.А.Абдуназаров. -Ташкент, 1990. -20 с.

2.Адамчук И.А. Брендинг территории [Текст] / И.А.Адамчук, Н.В.Рябова / Территория науки. -2015. -№ 3. -С. 72-74.

3.Анциферов Н.П. Пути изучения города как социального организма. Опыт комплексного подхода [Текст]. –Ленинград: Сеятель, 1926. -151 с.

4.Атабеков А.К. Вопросы привлечения иностранных инвестиций в экономику страны [Текст] / А.К.Атабеков, Г.А.Момошева, А.А.Осмоналиева //Вестник Ошск. гос. ун-та, № 4, 2015. -С. 237-239.

5.Ахмедов Р.Ш. О стихийных разрушительных явлениях [Текст] / Р.Ш.Ахмедов, Г.А.Момошева //Вестник филиала Российск. гос. соц. ун-та в г.Ош, № 9, 2010. -С. 105-108.

6.Балдандоржиев Ж.Б. Малые города: типология и классификация в контексте культурного наследия (на примере малых городов Восточного Забайкалья) [Текст] /Ж.Б.Балдандоржиев //Гуманитарный вектор, № 3, 2011. –С.112-119.

7.Балюшина Ю.Л. Потенциал развития малых городов Вологодской области (социально-философский аспект) [Текст] /Ю.Л.Балюшина //Исторические, философские, политические и юридические науки, культурология и искусствоведение. Вопросы теории и практики, № 6, 2017. -С. 25-27.

8.Баранский Н.Н. Избранные труды. Научные принципы географии [Текст] /Н.Н.Баранский. –Москва: Мысль, 1980. -239 с.

9.Баранский Н.Н. Экономическая география. Экономическая картография [Текст] /Н.Н.Баранский. –Москва: Географгиз, 1956. -366 с.

10.Беззубко Л.В. Государственное управление развитием малых городов в Украине [Текст] /Л.В.Беззубко, Н.А.Пушкарева //Мат. межд. научно-практ.

конф. «Современные малые города: проблемы и перспективы». –Ярославль, 2010. –С. 3-6.

11.Бельская Е.Э. Малые города: социально-экономические и демографические проблемы и перспективы развития (региональный анализ на примере Дальнего Востока) [Текст]: дисс... канд. геогр. наук: 25.00.24 /Е.Э.Бельская. -Владивосток, 2005. -196 с.

12.Бондарская О.В. Малый город как пространственная социально-экономическая система [Текст] //Социально-экономические явления и процессы, т. 9, № 7, 2014. –С.17-21.

13.Быковских А.М. Малые и средние города Воронежской области как ядра социально-экономической трансформации [Текст]: автореф. дисс... канд. геогр. наук: 25.00.24 /А.М.Быковских. -Воронеж, 2004. -25 с.

14.Важенина И.С. Имидж и бренд региона: сущность и особенности формирования [Текст] / И.С.Важенина / Экономика региона, 2008, № 1. –С. 49-57.

15.Визгалов Д.В. Брендинг города [Текст] /Д.В.Визгалов. –Москва: Институт экономики города, 2011. -160 с.

16.Визгалов Д.В. Маркетинг города [Текст] /Д.В.Визгалов. –Москва: Фонд "Институт экономики города", 2008. -110 с.

17.Визгалов Д.В. Маркетинг территории: практика в поисках теории [Текст] /Д.В.Визгалов //Маркетинг в России и за рубежом, 2008, № 3. -С. 78-85.

18.Волковой С.А. Предметно-пространственная среда малых городов России [Текст] С.А.Волковой //Мат. межд. научно-практ. конф. «Современные малые города: проблемы и перспективы». –Ярославль, 2010. –С. 87-90.

19.Гатиятуллина Д.А. Маркетинг малого города: особенности и проблемы [Текст] /Д.А.Гатиятуллина //Мат. межд. научно-практ. конф. «Современные малые города: проблемы и перспективы». –Ярославль, 2010. –С. 14-17.

20.Глухих П.Л. Организация предпринимательской деятельности как способ сокращения негативных последствий экономического кризиса в малых городах [Текст] /П.Л.Глухих //Мат. межд. научно-практ. конф. «Современные малые города: проблемы и перспективы». -Ярославль, 2010. -С. 17-21.

21.Государственная концепция развития малых городов и поселков городского типа Кыргызской Республики [Текст]: утверж. постан. Правительства КР от 31 декабря 2001 года, № 843.

22.Грачёв А.Б. Социально-экономическое развитие малых и средних городов: на примере Брянской области [Текст]: дисс... канд. экон. наук: 08.00.05 /А.Б.Грачёв. -Москва, 2005. -168 с.

23.Груза И. Теория города [Текст]. Сокр. пер. с чешск. /И.Груза. –Москва: Изд-во лит-ры по строительству, 1972. -249 с.

24.Добрецова Н. Влияние межбюджетных отношений на региональной развитие и инвестиционных возможности городов Кыргызской Республики [Текст] /Н.Добрецова, Н.Тюлюндиева //Институт политики развития. -Бишкек, 2018. -14 с.

25.Дылдаев М.М. Эколого-экономическая оценка устойчивого развития урбанизированных систем Кыргызской Республики [Текст]. Дисс... д-ра геогр. наук: 25.00.24 /М.М.Дылдаев. -Бишкек, 2019. -298 с.

26.Дылдаев М.М. Шаардык ландшафттардын формалары жана урбоэкосистеманын ар түрдүүлүгү [Текст] /М.М.Дылдаев, У.Ш.Муканбетов, Т.Т.Эшенкулов //Наука и новые технологии, № 7, 2012. –С. 107-109.

27.Дылдаев М.М., Орозалиев А.А. Географический процесс урбанизации города Бишкек [Текст] /М.М.Дылдаев, А.А.Орозалиев //Электр. ресурс: https://esa-conference.ru/

28.Дылдаев М.М. Урбанизацияланган системалардын туруктуу өнүгүшүнө экологиялык-экономикалык анализ [Текст] /М.М.Дылдаев, Т.Т.Эшенкулов //Известия вузов, № 3, 2012. –С. 95-98.

29.Емельянова Н.А. Природный и культурно-исторический потенциал малых городов Мордовии и развитие туризма в регионе [Текст] /Н.А.Емельянова, С.В.Сарайкина //Регионология, № 2, 2013. -С. 66-71.

30.Емельянова Н.А. Проблемы и перспективы малых исторических городов для развития туризма Республики Мордовия [Текст] /Н.А.Емельянова, С.В.Сарайкина //Туризм и региональное развитие. Сб. научных статьей. Вып. 7. –Смоленск, 2014. -С. 97-100.

31.Жумашова Г.С. Особенности развития малых городов в Кыргызстане [Текст] /Г.С.Жумашова //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, № 11, 2016. -С. 215-218.

32.Жумашова Г.С. Таш-Көмүр шаары: мезгил, доор жана инсандар (1918-2012-жж.) [Текст] /Г.С.Жумашова. –Бишкек, 2012. -187 б.

33.Закон КР «Об административно-территориальном устройстве Кыргызской Республики» [Текст] от 25 апреля 2008 года, № 65.

34.Зейналов Г.Г. Этнокультурный облик современного малого города: экологический аспект проблемы [Текст] /Г.Г.Зейналов //Мат. межд. научно-практ. конф. «Современные малые города: проблемы и перспективы». –Ярославль, 2010. -С. 99-102.

35.Искендеров У.Ж. Классификация и система расселения городов юга Кыргызстана [Текст] /У.Ж.Искендеров //Вестник КГУСТА, № 2, 2012. -С. 12-20.

36.Испулова С.Н. Специфика управления социально-трудовыми отношениями на рынке труда монопрофильного города в период экономического кризиса [Текст] /С.Н.Испулова //Мат. межд. научно-практ. конф. «Современные малые города: проблемы и перспективы». –Ярославль, 2010. -С. 21-24.

37.Каздым А.А. Экологические проблемы малых городов – прошлое и настоящее [Текст] /А.А.Каздым //Мат. межд. научно-практ. конф. «Современные малые города: проблемы и перспективы». -Ярославль, 2010. -С. 107-111.

38.Казыханов Р.Р. Маркетинг территории как основа устойчивого развития малых городов [Текст] /Р.Р.Казыханов //Мат. межд. научно-практ. конф. «Современные малые города: проблемы и перспективы». –Ярославль, 2010. -С. 24-28.

39.Канатбаева А.А. Методологические основы типологии и классификации малых городов [Текст] /А.А.Канатбаева //Финансовая аналитика: проблемы и решения, № 13, 2010. -С. 73-78.

40.Кафидов В.В. Современные методологические подходы к стратегическому управлению и развитию городов различных типов [Текст] /В.В.Кафидов. -Москва: Дело, 2015. -260 с.

41.Кемелдинова Ж.М. Проблемы развития малых и средних городов и пути их решения (на материалах Кыргызской Республики) [Текст]: дисс... канд. экон. наук: 08.00.05 /Ж.М.Кемелдинова. -Бишкек, 2009. -165 с.

42.Кенешбаева З.М. Проблемы городов Южного Кыргызстана [Текст] З.М.Кенешбаева //Мат. рег. научно-практ. конф. “Комплексные основы развития Кыргызской Республики”. -Ош, 2002. -С. 74-79.

43.Култаева А.К. Кыргызстанда жана анын түштүк аймагында туризмдин өнүгүү тенденциялары жана маселелери [Текст] /А.К.Култаева, Г.А.Момошева, Р.С.Ибрагимова //Ош мамл. ун-нин жарчысы, № 1, 2017. 92-96-б.

44.Култаева А.К. Туризмдин өнүгүүсүн мамлекеттик жөнгө салуунун айрым жактары [Текст] /А.К.Култаева, Г.А.Момошева, Р.С.Ибрагимова //Ош мамл. ун-нин жарчысы, № 1, 2017. 96-99-б.

45.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 25-августунда 1836-VI токтому менен кабыл алынган “Жаңы доорго – кырк кадам” программасы [Текст].

46.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-декабрындагы “Кыргыз Республикасынын Шаар куруу кодексинин долбоору жөнүндө” [Текст] № 711 токтому.

47.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-августундагы № 490 токтому менен бекитилген “2018-2025-жылдарга Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу боюнча программа” [Текст].

48.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 31-мартындагы № 194 токтому менен бекитилген «2018-2020-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасынын аймактык саясатынын концепциясы” [Текст].

49.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 10-январындагы № 2 «2018-жылды Аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыялоо жөнүндө» [Текст] Жарлыгы.

50.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген “2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы” [Текст].

51.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 11-январындагы № 1 «2019-жылды Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө» [Текст] Жарлыгы.

52.Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 8-январындагы № 1 «2020-жылды Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы деп жарыялоо жөнүндө» [Текст] Жарлыгы.

53.Лаппо Г.М. География городов [Текст] /Г.М.Лаппо. -Москва: ВЛАДОС, 1997. -231 с.

54.Лаппо Г.М. Города России. Взгляд географа [Текст] /Г.М.Лаппо. -Москва: Новый хронограф, 2012. -504 с.

55.Лаппо Г.М. Урбанизация и географические науки [Текст] /Г.М.Лаппо /Перспективы географии. Вопросы географии, 100. -Москва: Мысль, 1976. -С. 146-155.

56.Лёш А. Пространственная организация хозяйства [Текст] А.Лёш. -Москва: Наука, 2007. -664 с.

57.Лунева Н.А. Малые и средние города: потенциал и пути развития в условиях рыночной экономики (на примере Воронежской области) [Текст]: дисс... канд. геогр. наук: 25.00.24 /Н.А.Лунева. -Воронеж, 2000. -167 с.

58.Маергойз И.М. Географическое учение о городах [Текст] /И.М.Маергойз. -Москва: Наука, 1987. -120 с.

59.Маергойз И.М. Территориальная структура хозяйства [Текст] /И.М.Маергойз. –Москва: Наука, 1986. -303 с.

60.Малый город: социально-демографическое исследование небольшого города [Текст] / Под ред. Б.С. Хорева. Москва: Изд-во Моск. ун-та, 1972. -248 с.

61.Мамонова О.П. Социально-культурные особенности малых исторических городов Центрального экономического района России [Текст]: дисс... канд. геогр. наук: 25.00.24 /О.П.Мамонова. -Москва, 2003. -162 с.

62.Манджиев А.К. Стратегия социально-экономического развития малых городов Российской Федерации как составляющая региональной экономики (на примере республики Калмыкия) [Текст]: дисс... канд. экон. наук: 08.00.05 /А.К.Манджиев. -Москва, 2004. -191 с.

63.Маркс К. Сочинения [Текст] /К.Маркс, Ф.Энгельс. Том XIV, 1931. -700 с.

64.Момошева Г.А. Территория маркетинги шаарлардын өнүгүүсүнүн негизи катары [Текст] /Г.А.Момошева, А.А.Осмоналиева //Ош мамл. ун-нин жарчысы, атайын чыг., II бөлүк, 2017. 159-162-б.

64.Момошева Г.А., Осмоналиева А.А., Айтыкулова Б.М. Шаарлардын брендин түзүүнүн мааниси жөнүндө [Текст] / Г.А.Момошева, А.А.Осмоналиева, Б.М.Айтыкулова //ОшМУ жарчысы, № 1, 2021. 133-144-б.

65.Момошева Г.А. Сели и паводки как опасные природные явления в Кыргызстане [Текст] /Г.А.Момошева //Вестник Ошск. гос. ун-та, № 3, 2011. -С. 199-201.

66.Момошева Г.А. Шаарлар экономикалык жана социалдык географиянын изилдөө объектиси катары [Текст] /Г.А.Момошева //Ош мамл. ун-нин жарчысы, № 3, 2019. 23-26-б.

67.Момошева Г.А. Внедрение концепции умных городов и формирование зеленой экономики – это основа устойчивого развития малых городов [Текст] / И.М.Сайпидинов //Актуальные вопросы современной экономики. -Махачкала, № 5, 2019. -С. 895-906.

68.Момошева Г.А. Роль малых городов в развитии зеленой экономики [Текст] /И.М.Сайпидинов //Актуальные вопросы современной экономики. -Махачкала, № 6/2, 2019. -С. 704-710.

69.Момошева Г.А. К вопросу развития легкой промышленности Кыргызстана [Текст] /М.Султанали уулу, Ж.Т.Шерматова //Мат. науч. сем. “Актуальные проблемы экономической географии и региональной экономики”, посв. Дню науки КР. -Ош: ОшГУ, 2018. –С. 76-79.

70.Момошева Г.А. Малые города южного региона Кыргызстана: типология, особенности и возможности развития [Текст] / Ж.Т.Шерматова, Ф.М.Даовлатова //Молодой ученый, №12. -Казань, 2017. -С. 205-207.

71.Наука и искусство географии: Спектр взглядов ученых СССР и США [Текст] //Сост. и ред. Анненкова В.В. и Демко Дж.Д. –Москва: Прогресс, 1989. -200 с.

72.Низамиев А.Г. Современный Ош: возрождение как центра путешествий [Текст] /А.Г.Низамиев. -Бишкек: Илим, 2001. -48 с.

73.Низамиев А.Г. Туризм как один из факторов сохранения и развития малых городов Южного Кыргызстана [Текст] /А.Г.Низамиев //Вестник Ошск. гос. ун-та, №1, 2004. -С. 246-250.

74.Низамиев А.Г. Туризм Кыргызстана: социально-экономические аспекты [Текст] /А.Г.Низамиев. -Ош, 2005. -208 с.

75.Низамиев А.Г., Экономический потенциал Кыргызстана и возможности его экономического развития [Текст] /А.Г.Низамиев, Г.А.Момошева, Р.С.Ибрагимова //Ученые записки Худжандск. гос. ун-та им. Б.Гафурова, № 4, 2016. -С. 81-85.

76.Низамиев А.Г. К вопросу развития и размещения промышленности в Кыргызстане [Текст] /А.Г.Низамиев, М.Ж.Мырзакматов, Г.А.Момошева //Вестник Павлодарск. гос. ун-та им. С.Торайгырова, № 1, 2013. -С. 91-95.

77.Низамиев А.Г. Изучение инвестиционных возможностей города Ош: сильные и слабые стороны, состояние освоения инвестиций, приоритетные

направления [Текст] /А.Г.Низамиев, А.А.Осмоналиева, Г.А.Момошева //Молодой ученый, №12. -Казань, 2017. -С. 207-210.

78.Низамиев А.Г. К вопросу определения инвестиционного потенциала региона (на примере города Ош и Ошской области Кыргызской Республики) [Текст] /А.Г.Низамиев, А.А.Осмоналиева, Г.А.Момошева / Мат. ежегод. межд. научно-практ. конф. LXXIII Герценовские чтения “География: развитие науки и образования”. -Санкт-Петербург: РГПУ, 2020. –С. 208-214.

79.Оторбаев К.О. Социальная инфраструктура народнохозяйственного комплекса региона [Текст] /К.О.Оторбаев, К.М.Уразбаев. -Фрунзе: Кыргызстан, 1984. -224 с.

80.Перцик Е.Н. География городов (геоурбанистика) [Текст] /Е.Н.Перцик. -Москва: Высшая школа, 1991. -319 с.

81.Перцик Е.Н. Город в Сибири. Проблемы. Опыт. Поиск решений [Текст] /Е.Н.Перцик. -Москва: Мысль, 1980. -286 с.

82.Полян П.М. Методика выделения и анализа опорного каркаса расселения [Текст]. Часть 2 /П.М.Полян. -Москва: ИГ АН СССР, 1988. -64 с.

83.Постановление Правительства КР “Об оказании государственной поддержки лицам, проживающим и работающим в высокогорных и отдаленных зонах Кыргызской Республики” [Текст] от 25 июня 1997 года, № 377.

84.Родоман Б.Б. Территориальные ареалы и сети. Очерки теоретической географии [Текст] /Б.Б.Родоман. -Смоленск: Ойкумена, 1999. -256 с.

85.Сайпидинов И.М. Влияние территориальной организации банковской системы на социально-экономическое развитие малых городов [Текст] /И.М.Сайпидинов, Г.А.Момошева //Мат. IV межд. заочной научно-практ. конф. «Совершенствование учета, анализа и контроля как механизмов информационного обеспечения устойчивого развития экономики». -Махачкала, 2018. -С. 41-45.

86.Сайпидинов И.М. Особенности организации территориального развития банковской системы зарубежных стран в контексте малых городов [Текст] /И.М.Сайпидинов, Г.А.Момошева //Мат. IV межд. заочной научно-практ. конф.

«Совершенствование учета, анализа и контроля как механизмов информационного обеспечения устойчивого развития экономики». -Махачкала, 2018. -С. 298-304.

87.Сакс Дж.Д. Макроэкономика. Глобальный подход [Текст] /Пер. с англ. /Дж.Д.Сакс, Ф.Б.Ларрен. -Москва: Дело, 1999. -848 с.

88.Салиев А. Городские поселения Таджикистана (особенности формирования и современное состояние) [Текст] /А.Салиев, Х.Насруллоев //Вопросы экономической и физической географии. Темат. сб. Душамбинск. гос. пед. ин-та, 1976. -С. 79-93.

89.Салиев А. Актуальные проблемы расселения и урбанизации Средней Азии [Текст] /А.Салиев, Т.Раимов, О.Ата-Мирзаев //Региональные проблемы урбанизации и расселения. Науч. труды ТашГУ, вып. 520, 1976. –С. 3-14.

90.Салиев А. Современное состояние и перспективы развития сети городских поселений Средней Азии [Текст] /А.Салиев, Т.Раимов, Р.Тиллаев //Вопросы географии республик Средней Азии. Науч. труды ТашГУ, вып. 494, 1975. –С. 3-35.

91.Салиев А. Размещение производительных сил и поляризованное развитие экономики Республики Узбекистан [Текст] /А.Салиев, С.Л.Янчук. -Ташкент, 2005. –174 с.

92.Саушкин Ю.Г. Экономическая география: история, теория, методы, практика [Текст] /Ю.Г.Саушкин. –Москва: Мысль, 1973. -559 с.

93.Семенова Е.Е. Проблема разработки и внедрения стратегии социально-экономического развития малых городов [Текст] /Е.Е.Семенова //Мат. межд. научно-практ. конф. «Современные малые города: проблемы и перспективы». -Ярославль, 2010. -С. 53-56.

94.Семенов-Тян-Шанский В.П. Город и деревня Европейской России: очерк по экономической географии [Текст] /В.П.Семенов-Тян-Шанский //Записки Императорск. Русск. геогр. общ-ва по отделению статистики, т. X, вып. 2. -Сакт-Петербург, 1910. -212 с.

95.Советский энциклопедический словарь [Текст] /гл. ред. А.М.Прохоров. 4-е изд. -Москва: Советская энциклопедия, 1986. -1600 с.

96.Соколова А.А. Малые города в обеспечении устойчивого развития сырьевого региона [Текст]: дисс ... канд. экон. наук: 08.00.05 /А.А.Соколова. -Мурманск, 2011. -158 с.

97.Соловьев А.Б. Малые города Центрально-Черноземного экономического района и географический прогноз их перспективного развития [Текст]: дисс... канд. геогр. наук: 25.00.24 /А.Б.Соловьев. -Москва, 1996. -240 с.

98.Социально-экономический паспорт города Айдаркен [Текст]. -Айдаркен, 2020.

99.Социально-экономический паспорт города Кочкор-Ата [Текст]. -Кочкор-Ата, 2020.

100.Социально-экономический паспорт города Сулюкта [Текст]. -Сулюкта, 2020.

101.Социально-экономический паспорт города Токтогул [Текст]. -Токтогул, 2018.

102.Старовойтов В.Г. Формирование современной стратегии развития малых городов [Текст]: автореф. дисс... док. экон. наук: 08.00.05 /В.Г.Старовойтов. -Москва, 2005. -40 с.

103.Тарасов М.Г. Жилищные проблемы малых городов Волго-Вятского экономического района как составная часть качества жизни населения [Текст]: дисс... канд. геогр. наук: 25.00.24 /М.Г.Тарасов. -Нижний Новгород, 2000. -198 с.

104.Трофимов А.М. Вопросы методологии современной географии [Текст] /А.М.Трофимов, Н.М.Солодухо. –Казань: Изд-во Казанск. ун-та, 1986. -84 с.

105.Урбанизация в Центральной Азии: вызовы, проблемы и перспективы [Текст]: аналитический доклад 2013/03. -Ташкент, 2013. -75 с.

106.Файзуллин М.К. Совершенствование направлений социально-экономического развития малых городов и районов региона (на примере Республики Татарстан) [Текст]: дисс... канд. экон. наук: 08.00.05 /М.К.Файзуллин. -Казань, 2005. -181 с.

107.Федорко В.Н. Методика рейтинговой оценки уровня экономического и социального развития регионов Республики Узбекистан [Текст] /В.Н.Федорко, Ш.Б. Курбанов //Известия Геогр. общ-ва Узбекистана, т. 49, 2017. -С. 39-48.

108.Хорев Б.С. Региональная политика в СССР (экономико-географический подход) [Текст] /Б.С.Хорев. -Москва: Мысль, 1989. -286 с.

109.Чернышева Е.А. Стратегия социально-экономического развития малых городов [Текст]: дисс... канд. экон. наук: 08.00.05 /Е.А.Чернышева. -Санкт-Петербург, 2013. -180 с.

110.Швецова О.А. Механизм управления социально-экономическим развитием малых городов [Текст] /О.А.Швецова //Мат. межд. научно-практ. конф. «Современные малые города: проблемы и перспективы». –Ярославль, 2010. -С. 71-73.

111.Янчук С.Л. Механизм формирования полюсов, линий и коридоров роста [Текст] /С.Л.Янчук //Известия Геогр. общ-ва Узбекистана, т. 49, 2017. –С. 52-58.

112.Янчук С.Л. Поляризованное развитие и совершенствование территориальной структуры хозяйства Республики Узбекистан [Текст] /С.Л.Янчук //Мат. межд. научно-практ. конф. «Географическая наука Узбекистана и России: общие проблемы, потенциал и перспективы сотрудничества». –Ташкент, 2019, -С. 408-414.

113.Янчук С.Л. Предпосылки формирования полюсов, линий и коридоров роста [Текст] /С.Л.Янчук //Выездная сессия в Ташкенте. -Москва, 2011.

114.Christaller W. How I discovered the Theory of Central Places [Text]: A Report about the Origin of Central Places. in: P. W. English, R.C. Mayfield (Hrsg.): Man Space and Environment. Oxford Univ. Press, 1972, S. 601-610.

115.http://www.glossary.ru

116.Kasapi I. Destination Branding: A Review of the City Branding Literature [Text]/ I.Kasapi, A.Cela / Mediterranean Journal of Social Sciences Vol 8, № 4, July 2017.

117.Rondinelli D.A. Towns and Small Cities in Developing Countries [Text] //Geographical Review. Vol. 73, No. 4 (Oct., 1983). P. 379-395.

118.Sevin E.H. Understanding cities through city brands: City branding as a social and semantic network [Text] /E.Sevin /Cities. Volume 38, June 2014, P. 47-56.

119.Steinführer A., Vaishar A., Zapletalová J. The Small Town in Rural Areas as an Underresearched Type of Settlement. Editors' Introduction to the Special Issue [Text]. European Countryside. -4. -2016. P. 322-332.

120.Tong Y., Liu W., Li C., Zhang J., Ma Z. (2020) Small towns shrinkage in the Jilin Province: A comparison between China and developed countries [Text]. 15(4): e0231159. https://doi.org/10.1371/journal.pone.0231159

121.Vaishar A., Zapletalová J. Small towns as centres of rural micro-regions [Text] //European Countryside, January 2009. 1(2):70-81.

122.Willebrand I.P. Grand-riss einer schoenen Stadt in Absicht inrer Anlage und Einrichtung zur Bequemlich-keit zum Vergnugen zum Anyachs un I zur Erhaltung ihrer Einwohner nach bekannten Mustern entworfen [Text]. Hamburg, 1775.